65.9(2Ки)кирг
Ж89



АЛДЫҢКЫ ТАЖРЫЙБА — АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮШҮНӨ!

А. ЖУНУШОВ

# ЖАШТЫК ТАҢЫ

Книга должна быть возвращена не позже указанного здесь срока

Количество предыдущих выдач ____________

65.9(2Ки)кир
Ж89

АЛДЫҢКЫ ТАЖРЫЙБА — АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮШҮНӨ!

АЙДАР ЖУНУШОВ

# ЖАШТЫК ТАҢЫ

Очерктер

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 366002

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1987

АБОНЕМЕНТ

65.9(2 Ки) 32-6
Ж 89

**Жунушов Айдар.**

Ж 89 Жаштык таңы: Очерктер.— Ф.: Кыргызстан, 1987.—108 б.— (Алдыңкы тажрыйба — айыл чарба өндүрүшүнө!)

Бул китепте мал чарбасында жана дыйканчылыкта бригадалык подряддык ыкма боюнча эмгектенип жатышкан республикадагы айрым комсомолдук-жаштар бригадасынын иш тажрыйбасы, алардын эмгектеги чыгармачылык изденүүлөрү жана келечектеги максаттары жөнүндө сөз козголот.

Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

Ж $\frac{3801010000-125}{М 451 (17)-87}$ 100—87 ББК 65. 9(2Ки) 32—6

Рецензиялаган журналист А. Чекелов

© «Кыргызстан» басмасы, 1987

# ТОО ЖАШТАРЫНЫН ӨМҮР ТАҢДАРЫ

Тоң аймагы — жүнү жибек уяң жүндүү койдун жери. Жери кумдак жана таштуу. Көл жээгинен тартып чокуларынан кар кетпеген адырлуу тоолордун этегине чейин бозоргон боз талааны гана көрөсүң. Кайсы жакты гана карабагын, кадам сайын бутка урунган таштарга кез болосуң. Же бир талаасына түшүмү мол табигый чөптөр өссөчү? Сейрек өскөн бетеге, ак шыбак, марал шыбак — койдун талаадан таап оттой турган негизги тоюту ушул. Бул аймакта малга керектүү чөптөн пайдаланылбаган керексиз өсүмдүктөр арбын: төө тапан, алтыкана, караган, бадал, бирин-серинден өскөн чийлер, суу аккан сайдын жээгинде топтолгон жылгын менен сабагы жапыс талдар, ойдуңдуу өзөнчөлөрдө шыкырай чыккан куурайлар, ала бата, ак тикен жана башка мал жебей турган чөптөр ондоп саналат.

Жаратылыш бул жерге суу булактарын да жетиштүү берген эмес. Жүз чакырым аралыктын ортосундагы өзөн, сайларынан Бар-Булактын, Коңур-Өлөңдүн, Ак-Теректин, Ак-Сайдын, Төрт Күлдүн жана Тоңдун чакан суусу агып өтөт. Кургакчылыкта булардын айрымдарынан бир кулак-тай суу акпай калган учурлары да болот.

Тоң жергесинин табигый-жаратылыштык өзгөчөлүгү да бир кызык. Жай менен күздү мындай кой, ызгаардуу кышта жааган кар да тоо, талаага эки-үч күн токтолуп жат-

пай, күндүн көзү жылт этсе эле эрип кетет же аркы-терки соккон бороондун эпкини учуруп жиберет. Кыскасы, көл жээгинен Сырт аймагына ашуучу ашууларга чейинки түздүктөр менен адырлуу тоолорго жыл бою кар жатпайт. Жалаң кыртыштагы нымдуулуктун жетишсиздигиненби, Тоң аймагына жаратылыш көрктүү кайың-талды, арчаны, байтеректи, карагайды жана кой араласа көрүнбөгөн түркүн-түркүн табигый чөптөрдү тартуулаган эмес. Какыраган кум-таштан, агарган боз чаптан башка берекеси жок ушул аймакка ата-бабаларыбыз эмне издеп келишип отурукташып калды экен? — деген ойго да батасың. Ал эми жанаша жайгашкан Жети-Өгүздүн аймагын араласаң көңүл кушун көкөлөтүп, кумар-чериңди таркатаˌтурган укмуштуудай табигаттын кереметтүү коздугуна туш болосуң. Бул аймактын тоолуу жайыттарына көз жүгүртсөң, не бир өмүрүндө көрбөгөн сандаган өсүмдүктөрдүн, кызыл-тазыл гүлдөрдүн, карагай, кайыңдардын түрлөрүн көрүп, кыргыз жергесинин коздугуна кадиксиз ишенесиң. Жети-Өгүздүн тоолорунда өскөн түркүн чөптөр эрте жаздан кеч күзгө чейин коздугун жоготпой көгөрүп турганы турган. А кышындагы келбети да караган адамды өзүнө суктандырып, кыял-сезимиңе канат бүтүрөт. Ушундай жомоктогудай кооз аймакты кыдырып Тоңдун адырлуу тоолоруна өткөндө Жети-Өгүздүн кооз жергесинен алыс кеткиң келбей аянычтуу түрдө коштошосуң.

Жайда келсең да, кышта келсең да Тоңдун талаа-түзүндө сыдырым салкын жел тынымсыз бети-колду аймалап турат. Каарына алып «кара жин» кармаганда батышынан Тонурак-Бел менен Кызыл-Омполдун кум учурган бороону ышкырып келгенде баш калкалап жашынууга аргасыз болосуң. Сырт тарабындагы Ак-Сай менен Көк-Сайдын долу шамалы аркы-терки ойноп кеткенде, казыгы бекем кагылбай, жиби бош байланган малчылардын чатыры, боз үйү жыгылып калган учурлары аз эмес, мындайда жапайы теректер да түбү менен омкорулуп, жерге жыгылып калат.

Жаратылыш Тоңдун түндүк тарабына өмүр бою көгө-

рүн жапжашыл турган, түбүндө жаркыраган бермет ташта-ры жаткан, үстүндө каркылдап каз-өрдөк сүзгөн Ысык-Көлдөй тунук көлдү тартуулаган. Бөксөсү бөксөрбөсүн дегенсип, Ак-Сай аймагына Айдың-Көл деген чакан көлдү да энчилеген.

Ошол жайдыр-кыштыр кар жаабай карарып жаткан бул аймактын учу-кыйырсыз таштуу түздүктөрүнөн, тоо этегиндеги конуштарынан жана кокту-колотторунан жара-тылыштын не бир сонун ажайган сулуулугун көрүп, көңүл өсү таркабаган ыракатка чөмүлөсүң. Кум, таштан бөлөк байлыгы жок боз топурактуу Тоңдун жери таанылгыс бо-луп өзгөргөн. Көл жээгине жакын жерлерде бак-даракка бөлөнгөн, төбөлөрүндө телевизор, радиоприемниктин ан-тенналары көк тиреген тунукелүү үйлөр жайгашкан. Бир кезекте атчан араң бастырып өтүүчү жалгыз аяк жолдор азыр транспорт өтүүчү шоссе жолдорго айланган. Жогорку вольттуу электр линиялары алыскы тоо арасынын түпкү-рүндөгү мал сарайларына чейин жеткирилген. Мындайды Октябрь Революциясынан мурда өңүндө эмес түшүндө да элестете алмак эмессиң. Жетимиш жыл, бул тарых үчүн анчалык узак мезгил катары эсептелбейт.

Улуу Октябрь Революциясынын эркиндик нуру чачыра-ганда Тоңдун булуң-бурчунда саналуу гана көчмөндүү бир тоо айыл болгон. Алар жайында Сырт жерин жайлоолоп, кышында кар жаабайт деп Тоңдун бөксө тоолорунун кокту-ларына мал кыштаткан. Анда малга кошумча тоют берүү деген ойго да келбеген.

Коммунисттик партия жана жаш Совет өкмөтү Октябрь Революциясынын жеңиш алууларын бекемдөө үчүн элди колхоздорго бириктенүүгө, сабатсыздыкты жоюуга, балдар ме-нен кыздарды мектептен окутууга үндөдү. Коммунисттик партиянын негиздөөчүсү Владимир Ильич Ленindин идея-ларынын учкунунан тутанган жалыны тоо арасындагы кыр-гыз элин караңгылыктын туткунунан биротоло куткарып, аларды «май көл, сүт көл» төгүлгөн, коммунизмдин жыл-дыздуу кыштак, калааларын курууга, кылымдардан бери

асылдуу топурагы жер алдына катылган дыңдарды өздөштүрүүгө чакырды.

Бир кездеги буурсундун тиши өтпөгөн какыр дыңдын кыртышын алп трактор чиркештирген болот соколор гана коңторуп, жердин түсүн өзгөрттү. Миңдеген гектар дыңдар алтын дан, көп жылдык чөп, тоюттук буурчак, жүгөрү эгилген айдоолорго айланды. Мөмөлөрүн жайнаткан жашылчанын, мөмө-жемиш бактарынын аянты да жүздөгөн гектар аймакты ээлейт.

«Жери байдын эли бай» дегендей бүгүн Тоң аймагы Ысык-Көл областындагы гана эмес, республикадагы мал чарбасы өнүккөн эң ири райондордун бири, жарым миллиондон ашуун уяң жүндүү аппак койлордун мекени. Кой — тоо айылынын байлыгынын булагы жана тоолуктардын сыймыгы. Бул жерде Кыргызстандын төрт бурчуна таанымал жүзгө жакын кой чарбасынын устаттары өсүп чыккан. Койлордун туягына туяк кошуп, бирин онго, онун жүзгө, жүзүн миңге улаган Төлөсүн Исмаилов, Кайыр Мукашева, Макиш Саякбаев сыяктуу каарман чабандар Социалисттик Эмгектин Баатыры деген өкмөттүк жогорку наамга ээ болушкан. Ал эми XXII партсъез атындагы колхоздун чабаны, СССР Жогорку Советинин депутаты Таштанбек Акматов Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры. Булардын атак-даңкы Ала-Тоонун аскаларын аралап, алыска чейин угулду.

Ар бир мезгилдин өзүнө тийиштүү жүгү жана милдети болот эмесп. Жалпы эле кыргызстандык малчыларга мүнөздүү болгондой тоңдук чабандар да кой багуунун отордотуп багуу системасын колдонуп келе жатышат. Ата-балар ушул системаны узак мезгилдерден бери практикалашып, аны өндүрүштүн алмаштыргыс ыңгайлуу ыкмасы катарында пайдаланышкан.

Бирок мезгилдин талаптары тынымсыз өнүп-өсүүнүн кыймылында болгон соң анын алдындагы милдеттери да жаңы деңгээлдердин, жаңы бийиктиктердин чектери менен айкалышуусу талап этет тура. Бул социалисттик чарбанын

жаңыны түзүүчү артыкчылыгы. Коомдун күч-кубаттуулугу өнүккөн сайын колхоздор менен совхоздордун экономикасы чыңдалып, адистер гана эмес, жумушчулар менен дыйкандар да эмгекти илимий негизде уюштуруунун жолун издене башташты. Мындай жол алдыңкы чарбаларынын тажрыйбаларында колдонулуп жаткандыгы газета-журналдарга жарыяланды, радио-телекөрсөтүүлөрдөн берилди. Алтымышынчы жылдардан тартып колхоздор менен совхоздор уюшулган мезгилден бери кой чарбасында эмгектенишкен аталарыбыз, агаларыбыз улгайышкандыгына байланыштуу пенсияга чыгууга туура келди. Алардын ордун көпчүлүгүнүн он жылдык жана сегиз жылдык орто билими бар жаштар алмаштырды. Ошентип, бүгүнкү күндө кой чарбасы айыл жаштарынын негизги өндүрүштүк жайы болуп калды.

Тоң районунун ар бир чарбасында жок эле дегенде кырк миңге жакын кой өстүрүлөт, ал эми жазгы төлү менен кошо эсептегенде кез күзгө чейин тоо жайыктарында алтымыш миңге жакын кой багылат. Фермаларда мындан башка малдын түрүнүн саны канча? Деги, жер-жердегинен малдын туягына түтүп тургандай.

Бир кездерде фермаларда койдун саны мындан азыраак болгондо мал жайыттары оттуураак жана чөптүн түрлөрүнө байыраак эле дешет улгайган карыялар. Анда азыркыдай тоюттун мол запасы кайда? Кой жаныбарга кошумча түрдө жем эмес, чөп да берилбеген. Кой короо-сарай эмес, ачык асмандын алдында төлдөгөн. Айыл чарба өндүрүшү чыңдала элек социализмдин алгачкы жылдарындагы абал ушундай болгондугу талашсыз.

Күн санап мезгилдер өтө берди. Коомдук өндүрүш пландуу өнүгүүнүн жолуна түштү. Бүгүнкү күндө колхоздук-совхоздук өндүрүш өнөр жайлык негиздеги индустриялык чарбага айланды. Учурдун милдети — илимий тыянактарга негизделген шарттарда аз каражат жумшап, арбын продукцияны өндүрүү болуп эсептелет. Калкты мал чарба азык-түлүктөрү менен камсыздоодо жалаң табигый жайыттар-

дын күчү жетпей калды. Буга бир гана жол — фермаларда мал чарба комплекстерин куруу, себилме айдоолордун аянтын кеңейтүү, маданий жайыттарды түзүү жана койду оторлотуп багуу системасынан ирилештирилген чабандык бригадага өткөрүү жардамга келди. Мындай саамалыкка Тоң районунун чарбаларында жүргүзүлүп жаткан айылдык жаштардын өрнөктүү иштери мисал болот.

Кыргызстан комсомолунун 50 жылдыгы атындагы совхоз — райондогу белдүү чарбанын бири. Райондун фермаларында өстүрүлүп жаткан уяң жүндүү койлордун уюткусу ушул жерден таралган. Мурдагы «Тоң» совхозунун базасында түзүлгөн бул чарбада бүгүнкү күндө кырк миңге жакын кой багылып жатат. Мындан бир топ жыл мурда асыл тукум иштеринин жана тоют базасынын начардыгынан чарбанын экономикалык көрсөткүчтөрү кыйлага төмөндөп, пландык тапшырмалар аткарылбай келген.

Тажрыйбалуу адис Макеш Аламанов директор болгондон тартып, өндүрүштү жөнгө салуунун ар кандай жолдорун издештирди. Эң башкысы — тоюттук өсүмдүктөрдүн аянты кеңейтилди, сугат тармактары жакшыртылды, которуштуруп айдоо системасына көңүл бурулду. Короо-сарайлар кайрадан жабдылып, кой төлдөтүлүүчү кашарлардын баары электрлештирилди. Бардык мал сарайлардагы кыктар ташылып, айдоо талааларына чачылды. Жогорудагыдай практикалык чаралар кубанычтуу натыйжалардын жаралышына өбөлгө түздү. Совхоз сексенинчи жылдардан тартып экономикалык жактан чоң секирик алып, өсүүнүн жолуна түштү. Талаачылыктын жана мал чарбасынын маданиятын жакшыртууга карата чаралар күчөтүлө берди. Баарынан мурда жумушчуларга эмгек акы төлөөнүн тартиби туура жолго коюлду. Дирекция жана совхоздун экономикалык Совети эмгек акыны, материалдык кызыктыруу сыйлыктарды иштин санына эмес, сапатына жараша төлөөнүн шарттарын иштеп чыкты. Сезон убагында механизаторлордун өндүрүмдүү иштешине ыңгайлуу шарттар түзүлдү: кырманга, ар бир талаа станына, мехпаркка муздак

суусундук, ачкыл жарма, нан дайыма коюлуп, иштеген жеринде ысык тамак берилип турду. Өндүрүштө ак ниеттүүлүктү жана ишкердүүлүктү көрсөткөндөргө туристтик путевкалар бөлүндү, кезексиз мотоцикл, жеңил машина ыйгарылды. Совхоздун дирекциясынын, партиялык жана профсоюздук уюмдарынын мындай камкордугу айыл адамдарынын эмгекке болгон шыктанууларын арттырды. Адамдын жүрөгүн өйүгөн бир маселе — айыл жаштары шаар жакка жабыла кетпей калышты. Мал чарба фермасында, дыйканчылыкта, тоют даярдоодо, машина-трактордук паркта иштеген ар бир жумушчу айына 180—250 сомдон акчалай маяна алып жатса, шаарда иштөөнүн эмне кереги бар?

Бирок чарба деген татаал өндүрүш, бирин жөнгө салсаң, экинчисинин кемтиги оркоюп көрүнүп турат. Бирине тартсаң, бирине жетпейт. Тажрыйбалуу жетекчи мындай кемчиликти обочодон эле сезип турат. Деги, чаалыгып-чарчагандан айттыбы же түшүнсүн деп айттыбы, сексенинчи жылдардын башталышындагы жыйналыштын биринде директор сөзүнүн арасында төмөнкүдөй ойлорду жалпы элдин ортосуна жайып салды: «Жолдоштор, байкап көрсөм кийинки кездерде бардык тармактарда эмгектенишкен жумушчулардын үчтөн экиси жаштар болуп калды. Алардын бардыгы билимдүү, айрымдары жогорку жана атайын орто окуу жайларында сырттан окуп жатышат. Биздин алдыбызга жакынкы жылдарда жана келечекте ишке ашыра турган көптөгөн проблемалуу маселелер турат. Алардын бардыгын жетекчилер менен адистер турмушка ашыра алышпайт. Ал үчүн ар бирибиз изденүүчүлүк менен эмгектенүүгө тийишпиз. Чарбанын экономикасын алга жылдыруу боюнча ой-сунуштарыңарды тартынбай айтып, өз алдыңча изденип, тажрыйбаңарды ортого салгыла. Жакшы саамалыктарды, башталыштарды, пикир-сунуштарды дирекция жана партиялык уюм шыктануу менен кубаттайт. Мейли, каталык кетсе кетсин, ал келечекке чоң сабак. Бирок эмгектин өндүрүмдүүлүгүн арттыруунун жана өзүбүздүн турмуш-тири-

чилигибиздин шарттарын жакшыртуунун жолдорун издөөгө ар бир адам милдеттүү. Бардыгы эле директор айткандай боло бербейт, балким мен да жаңылыштык кетиремин. Ошондуктан «кеңешип кескен бармак оорубайт» дегендей, биз татаал маселелердин бардыгын биргелешип чечсек жеңил болот го деп ойлоймун».— Директордун жогоркудай жылуу сөздөрү отургандардын сезимдеринен бекем орун алды.

Совхоздун өндүрүшүндөгү ийгиликтери менен кемчиликтерине күйүп-бышып сүйлөгөн директордун адамдын ой-сезимин толгондуруучу сөздөрү жаш чабан Шералы Султановду терең санаага чөмүлдүрдү. «Тоо жеринин көркү уяң жүндүү кой. Анын азыктуулугун арттыруу үчүн арбын тоют, чөпкө бай жайыт, суу булактары керек. Э-э, Кең-Сай. Сайында жылжып аккан төө көзүндөй бир ууртам сууң жок, эмнеге анан сени Кең-Сай деп коюшкан. Адыр-жылгаңда же бир тушарга оролгон бетеге-шибериң болсочу. Биртике түздүгүңдү ак шыбак менен караган баскан экен, чиркин. Ушул жерге кой төлдөтүлүүчү короо-сарай салынбаганда какыраган кара ташыңдан башка кармаңар затың жок бул аймакка куркулдаган кузгун да конбос эле. Күнүгө суу ташыган автомашинанын цистернасын карап, алты ай бою жалгыз түтүндүк турмуш өткөрөбүзбү? Кой деп жүрүп аялым экөөбүз айылдык элден да четтеп баратабыз. Балдарыбыз да жар таштан секирип ойнобосо, башка кайсы оюндун түрүн ойномокчу. Көңүлдүү ойноо үчүн күжүлдөгөн топ баланын үнү керек. Койдун түйшүгүнөн качып жакадагы тынчыраак ишке орношуп алганда мал чарбасынын тагдырын кимдер көтөрөт? Кой багуунун түйшүгүн жеңилдетүүнүн жолдорун табуу үчүн аракеттенип жатабызбы? Жок, эски ыкманын айланасынан чыгалбадык. Өлкөбүздүн алдыңкы чарбаларында койлордун оторлорун ирилештирип багуу ыкмасы алда качан эле өздөштүрүлүптүр. Алыстагыны айтпай эле бул коңшулаш жайгашкан XXII партсъезд атындагы колхоздун атактуу чабаны Таштанбек Акматовду мисалга ала-

лычы. Алгачкы жылдарда бир нече чабанды шефке алып, алардын көрсөткүчтөрүн өзүнүн чектерине жакындатты. Акыры барып ирилештирилген чабандык бригаданы түзүп, бардык кириш-чыгыш эсеп-кысаптарын чарбалык эсепке өткөрүптүр. Эми бригадалык подрядды өздөштүрүүнүн ус-лүндө эмгектенип жатыптыр. Жакындагы салтанаттуу жыйындын биринде бул устат чабан менен маектешип, андан көп нерселерди угуп, көңүлгө түйүп жүрөм. Чынында эле ал эмгекчил адам экен. Короо-сарайын гана колхоз ремонттоп бергени болбосо, анын ички жана тышкы жабдууларын (тосмолорду, бөлмөлөрдү, акырларды, суу туруучу идиштерди, эшик, терезелердин бекитилишин, желдеткичтерин, тоют сакталуучу жайлардын тартипке келтирилишин) бүтүндөй өзү жүргүзөт. Ветеринардык аптечканы тийиштүү жерге орнотуп, кирүүчү эшиктердин алдына дезинфекциялоочу чуңкурду жөнгө салат. А биз болсо мындай чаранын баары совхоз тарабынан бүткөрүлөт деп алты жүз койду үюмөлдөп, кечинде түнөккө киргизип коюу менен чектелебиз. Чарбалык эсеп мына ушундай сары эсепти сүйгөн, тыңандыкка үйрөтүүчү прогрессивдүү система тура. Чабан Тыштанбек Акматов чарбалык эсеп продукциянын өздүк наркына таасирин тийгизет деп, ашыкча сарптоолорго жол бербейт экен. Ал адам сынган тактай тосмону кайрадан өзү кадап пайдалана бергени мага абдан жакты. А бизчи? Сынып-бүлүнүп калды деп отко жагып, жаңысын алууга далбастайбыз. Бул чарбага канчалык экономикалык зыян тартырарын ойго да албаппыз. Баягы өткөндөгү жыйналышта директордун мамлекеттик каражатты сарамжалдуулук менен пайдаланууга үйрөнсөк боло деп күйүп-бышып сүйлөгөнүнүн жайы ушундай тура. «Өгүз өлбөсүн, арба сынбасын» деп балык кармоочу кайырмактын ка-магычындай оордун үстүнө өмүр сүрүп жаткан окшойбуз. Көк-Сайдын шагыраган кара ташынын арасында кандай ишмердик жаралсын деп жан кыйнабай жүрө бергенде иштен жарытылуу жыйынтык чыга турган эмес. Көрсө, ийгиликтин учкуну изденүүдөн жана жанды үрөп түйшөлүп эм-

гектепүүдөн жарала тургандыгы өрнөктүү адамдардын өмүр жолунан көрүнүп отурат. Ишкердүүлүк, чымыркануучулук менен түйшөлүп көрсөк, максат бийиктигине биз да жетпейбизби?. Кой төлдөтүүгө саналуу гана күндөр калган ызгаардуу кышкы таңдын биринде Шералынын сезим дүйнөсүнөн жогорудагыдай бири-бирине чырмалышкан канаттуу ойлор кинонун лентасындай чубалып өтүп жатты. Бул кой чарбасына киришкен жалындуу жаштыктын жылдарынын бир таңы эле.

Шералы жулкунган тору кашка атын токунуп, Кең-Сайдын аяк-башына көз чаптырып, ойю-түзүн жакшылап баамдап кыдыргысы келди. Үстү шыгыраган кум, таш болсо, асыл топурагы жер астында жаткандыр. Чарбада техниканын бардык түрү бар. Жердин ташын терип, ага суу чыгаруу кыйын маселеби? Кайдагы суу? Өрүштөгү Шералынын журтуна Тоңдун тайыз суусу артына аркырап агып бермекпи? Кубатуу насостук станциянын түтүктөрү аркылуу гана суу чыгарылбаса, башка аралжы жок. Ондогон чакырым жерге жетүүчү суу өткөрүүчү түтүктөр арзанга турмакпы? Жигиттин көңүлүнө бир ой тык дей түштү. Өткөн жылы жерди чалгындап жүргөн бир топ геологдун биринен мындай кеп уккан. «Жер алдында суунун мол запасы бар, ал анчалык тереңдикте эмес». Шералы ушул сөздү жүрөгүнүн тереңине уютуп, эртеңки боло турган партиялык ачык чогулушта маселени кабыргасынан коюш керек деп ичинен кобурап койду. Андагы карала турган маселе— тоютту жана жайытты пайдаланууну жакшыртууда партиялык көзөмөлдөө топторунун милдеттери жөнүндө сөз козголмок. Артезиан кудугун казып, пайдаланылбаган сууну жер үстүнө чыгарууга болбойбу? Качанкыга чейин койлорго чакалап, челектеп суу ташый беребиз? Жер астынан суу чыкса кошумча түрдө тоюттук чөптөр эгилүүчү жер да өздөштүрүлөт. Негизинен койлордун сууга болгон керектөөсү толук чечилет. Аябай кыялдын көлүнө чөмүлгөн чабан өмүрлүк жары Айнагүлгө да ой-сырынын башын чыгарып салды.

— Оюң жакшы экен, бирок трибунага чыгып айтуунун алдында уккандарды ынандыра турган далилдүү пикирлерди тизмектештирип, кайышты сыдыргыга салгандай ирети менен сүйлөшүн керек. Кең-Сайдагы жалгыз короо кой үчүн кудук казып, жер астынан суу чыгаруу арзанга турат дейсиңби? Суу болсо Кең-Сайга үч-төрт короо койду жайгаштырууга шарт түзүлөт. Мунун өзү оторлорду ирилештирүүгө жана бригадалык подрядды түзүүгө жол ачпайбы. Биз дагы эмгекти илимий негизде уюштуруп, алдыңкылардын катарына чыгабызбы же ар кайсы кокту-колотто эле жалгыз түтүндөп күн өткөрөбүзбү? Келечек жаштардыкы. Ошол үчүн адамдардын кызыкчылыгы үчүн кымбатка турат деп каражатты аяганда эле бөксөбүз толуп кеттиби? Бергендин алганы болот го. Биз ирилештирген чабандык бригаданы түзөбүз. техниканын бардык түрү бар, кудук казып суу чыгарып бергиле! — Чочулабастан эле ушинтип сүйлөө керек деди Айнагүл.

— Активдер жаман көз менен акырая карашсачы?

— Акырая эмес, акшыйып карашсын. Сүйлөсөң эле мага тапсың, көп болсо сенин оозуңдун жели кетет. Сен ойтоону оттобой орундуу сүйлөгүн,— деди Айнагүл күйөөсүнө.

Кийинки күнү Шералы чогулуштан көңүлдүү кайтты. Совхоздун директору Макеш Аламанов чабандын пикирин кубаттап салды. Бирок директор адегенде жердин тереңдиги изилденип, суу чыгарууга мүмкүн деген тыянак болгондон кийин гана ал чараны токтоосуз ишке ашырууга аракеттенебиз деп убада бергени Шералыны үмүттөндүрүп койду.

1982-жылдын эмгек календарынын барактары ачыла баштаган. Койлордун кышкы туутуна саналуу гана күндөр калган. Күн сайын таңдан турган чабан короо-сарайынын айланасын бир нече жолу ойлуу карап, түш тарабындагы бош жаткан таштуу талааны аралап басып да келет. «Алма быш, оозума түш» деп агымдагы иштер менен алек бо-

луп жүргөндө адамдын жыргалчылыгына керектүү көптөгөн ырыскынын энчисинен кол жууп кала берет экенбиз.

Эх, адамдар, ай! Биз деги кызык эле калкпыз. Күндүк өмүрдүн жыргалчылыгына ыракаттанып, «эртеңкиге чейин ким бар, ким жок» деп келечектеги максаттарды көрө билбейбиз. Бир койду күн бою көзөмөлдөп, кечинде жылуу короо-сарайга киргизип койгонго корстон болуп, калган бош убакыттын бардыгын эс алууга, радиодон концерт угууга, акырында уктоого жумшайбыз. Адамдын өмүрүнүн жарымын уйку деген алдап, улгайтып саларын да этибарга албайбыз. Узак өмүр сүргөндөрдүн бардыгы аз уктап, көп эмгектенгендер экендиги ар кандай тарыхый маалыматтардан окуп да жүрөбүз го. Жалаң коомдук эмгекке жарым кылымдан ашуун өмүрүн арнаган адамдар биздин эле республикада жүздөп-миңдеп саналат. Алардын катарына Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатырлары Зууракан Кайназарованы, Алля Анаровду жана башка дыйканчылык менен мал чарбасынын устаттарын кошууга болот. Ал эми бизчи? Өмүр гүлүбүздүн ондон бири ачыла элек деп эртеңки максаттарга жүрнары мамиле жасайбыз. Жашоодо бир гана жолу келе турган өмүрдү өкүнүп-кейибегендей абалда өткөрүп, мүмкүн болгон убакыттын бардыгын максаттуу иштерге жумшасак кандай кереметтүү сулуулуктар жаралмак. «Көз коркок, кол баатыр» болуп, оор жумушту жасоодон эринип, чочулап турабыз. Күн сайын эки сааттан эле бошко кетирип, кездешкендер менен орунсуз, ашыкча сүйлөшүүгө сарптасак, бир жылда отуз суткадай мезгилди отко салып, шамалга үйлөп жиберип жатпайбызбы». Ошол таң алдындагы сезимге чырмалган кыял чабыттары Шералыга канат бүтүргөнсүп, көңүлүн жагалдантып жиберди.

Сарайдан жүз метрче аралыктагы түзөңдүн таштары чабандардын ары-бери басканына тоскоол келтирип жаткансып, колуна колкабын кийип алардын ирдүүлөрүн бир жерге жыйнап жатты. «Кыштактагы там салгандар фундаментине төшөгөнгө таш издеп, ой-тоого чейин урунушуп

алек болушат. Үйүп койгон ташты ташыганга эринишпес» деп ичинен бир күңкүлдөп коюп, күн тоо чокуларына нурун чачыратканга чейин баш көтөрбөй түйшүктөндү.

Обочодо күл төгүп, от жагуу үчүн көмүр салып жүргөн колуктусу чакасын коюп, Шералынын жанына басып келип:

— Какыраган куу такырдын ташын тергиче, короонун кыгын шыпырбайсыңбы? Эмне, таштан короо кармайсыңбы? — деди.

— Э-э, Айнаш, менде бир эң сонун ойлор пайда болуп жатат. Аракеттенип көрүүнү чечтим. Келечекте мына ушул жерде алма, өрүк, шабдаалынын багы гүлдөп бутагынан ширин мөмөлөрүнүн даамын татып турасың. Андан аркы жакта картошка, капуста, сабиз, пияз айдалат. Базарга баруу убарасынан кутуласың. Короо-сарайдын айланасынын баары ар түркүн бак-дарактар менен курчалат. Бутагында күкүк, булбул таңшыса, көңүлүң көккө чейин көтөрүлөбү деймин. Өмүр бою жалгыз түтүн жашайбызбы деп арман-сырыңды көп айтасың. Бир аз мезгилге күтө тур, бул жерге кой чарба комплексин түзөбүз, ага жалаң жаштарды тартып эмгек өндүрүмдүүлүгүн, продукциянын сапатын жогорулатабыз. Шералынын мындай сөздөрү табышмактуудай сезилди.

— Мөмө-жемиш бактарынын сандаган сортторун өстүргөн Мичуриндей окумуштуу болоюн деп жүргөн турбайсыңбы? Кум кайракка көчөттөрдү сайып койсоң эле анын мөмөлөрү суусуз гүлдөп өсө берет го.— Айнагүл какшык кошуп, күйөөсүн тамашага алды.

— Азыр тамашага алып, күлө бергин. Кийин апорт, абрикос сыяктуу таттуу мөмөлөрдүн ширесин соруп турганда мээнеттин санжыргалуу жай дасторконун көрөсүң, алтыным. Биз ушул жаштык кезде жанды үрөп чымыркаnып, турмуш шартыбызды туура жолго салып алсак, кийинки жашообузга жеңил болот,— деп Шералы колуктусуна алдыдагы асыл максаттарын түшүндүрдү.

Койлордун тууту бүгүн-эртең башталат дегенде сакман-

чылар келе баштаашты. Алар да иштин жөн-жайын туура түшүнүшүп, өз ыктыяры менен жардам беришип, алты гектарга жакын аянттын ташын теришти, ар кандай караган, тикенектерди тазалашты. Короонун айланасында додолонуп үйүлүп жаткан кыктарды таштан арылтылган аянттарга төгүп топтой берди. Иш муну менен бүткөн жок. Тоо тараптан кара топуракты казып аны ташып төктү. Ал түгүл таштан тазаланган аянттын айланасына арык казылды, ортолору тилкеге бөлүндү. Максат — кардын, жамгырдын суусун башка жакка агызбай ошол аянттарга токтотуп, кык менен топуракты чачып жерди асылдандыруу эле.

Күн, айлар зуулдап, арадан эки жыл да өтүп кетти. Ушул аралыкта ал прилештирилген чабандык бригаданы түздү. Буга партиянын райондук комитети, комсомолдун райондук комитети жана совхоздун дирекциясы менен партиялык уюму чоң колдоо көрсөттү. 1983-жылы чабандык бригада подряд системасы боюнча иштей баштады. Бул чабандык турмуштагы чоң окуя эле.

Чабандык бригаданын составына: Шералы, Кадыралы, Дөөлөталы Султановдор, агалуу-инилердин колуктулары Айнагүл, Асангүл, Шайыр жана Мелисбек Барыктабасовдор кирди. Баштапкы комсомолдук уюмдун секретарлыгына Айнагүл Байтурова шайланды. Булардын карамагына 1600 тубар кой бекитилди.

Жер жайнаган бир жарым миңден ашуун койду иреттүүлүк менен багуу бригада мүчөлөрүн көп ойлондурду. Баш аламандыкка жол бербөөнүн жолдорун издештирди. Тубар койлор алты ай бою колдо багылгандыктан алар туруучу короо-сарайлар кеңейтилди. Тоют ар жерде топтолуп, бүр жерден сарпталды. Сынганын курап, эскисин эптеп дегендей жаштар сарайдын мурдагы жабдууларын өздөрү иретке келтиришти. Совхоздон жаңы буюмдарды, инвентарларды сурап, «тилемчилик» кылуу токтотулду. Чарбалык эсеп менен бригадалык подряд сарамжалдуулукту гана сүйөт. Байлык бир тыйындан куралат деген сөздүн калетинин жоктугуна бригаданын ар бир мүчөсү ынанды.

Кара жанын карч уруп, Шералынын короо-сарайынын айланасындагы алты гектардай жердин караган, тикенегин жулуп, ташын терип, арыгын казып, сыноо жүргүзүлүүчү участкадай тилке-тилкеге бөлүп, аны менен эле жөн калбай кара топурак, кык ташып, аянттарды тегиздеп-түздөп жөнгө салып жүргөнүн көргөн кесиптештери жигитти тамашага алып күлүп жүрүштү.

— Сайып койгон көчөтүң жок, алма-өрүгүң жер алдында бышып жатабы? — деп кездешкен эле малчы сөз ыргытып жүрдү Шералыга.

Кырчылдаган кыштын бороондуу күндөрүнүн биринде Кең-Сайдагы Шералынын сарайына зуулдаган эки УАЗ жеңил машинасы келип тык токтоду. Анын биринен совхоздун директору, экинчисинен чабанга тааныш эмес төрт адам чыга келди. Бул жер алдынан суу чыгарууну изилдөөчү адистер экендигин директор чабанга даана түшүндүрдү. Келген адистин бири чоң кагаздарды ачып, анын бетинен кандайдыр бир белгини издеп таап, карандаштын учу менен белгиледи.

— Жолдош Шералы Султанович, бир айдан кийин ушул жерге суу чыгарылат, азга сабыр эте туруңуз,— деди узун бойлуу толук жигит. Бул республикалык суу чарба илимизилдөө институтунун жооптуу адисинин бири эле.

Директор да сүйүнгөнүнөн «Оозуңа май» деп жиберди. Мунун да жөнү бар эле. Директор суу чыгарууга убада бергенден бери эки жылдан ашып кеткен. «Төөнүн куйругу жерге тийгенде» эле кудук казылып суу чыкпаса, ага чейин ташылып келүүчү сары цистернага кубат берсин деген Айнагүлдүн наразылык менен айткан кептери да директордун эсинде. Чынында эле Кең-Сайга кудук казып суу чыгаруу маселеси боюнча директордун барбаган мекемеси калган жок. Райондун, областтын жетекчилерине чейин барды, андан соң республикалык органдарга кайрылды. Акыры кудуктун долбоору такталып, тийиштүү органдардан бекитилгенден кийин гана эми ишти баштоо милдети коюлду.

Арадан көп өтпөй буттары жоон асма темирлер жерге



Ош ... облустук ... БИБЛИОТЕКА Инв. 366002

орнотулуп, электрдик кыймылдаткычтын жардамы менен кудукту казуу жумуштары башталды. «Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет» деген мезгил да келди. Көбүрүп-жабырып жер астынан суу чыкты. Малдын, да, жандын да сууга болгон керектөөсү толук канааттандырылды. Ошентип, узак жылдардан бери Кең-Сайдагы көкөйдү кескен суу маселеси толук чечилди. Ошондогу Шералынын кубанычын айтпа. Мына эми изденүүчүлүк менен иштөөгө болот деп калпагын көккө ыргытып сүйүндү.

Баягы ташы терилген талаага суу жиберилип, анын сугаты күнү-түнү жүргүзүлдү. Кык топуракка аралаштырылып текши чачылды. Ошол убакта койлордун тууту кызуу жүрүп жатты. Бирок мурдагыга караганда мал багуунун түйшүгү кыйлага жеңилдеди: сакманчылар акырга сууну чакалап ташыбай калышты. Эми суу түтүктөр аркылуу алдын ала акырларга куюлуп коюлат. Ирилештирилген чабандык бригаданын мүчөлөрү мына ушундай түзүлгөн шарттардын баары — өкмөт менен партиянын аталык камкордугу экендигин айкын түшүнүштү.

Суу өсүмдүктөрдүн гана эмес, адам баласынын жашоосунун эң негизги керектөөсү. Суусуз дыйканчылыктын маданиятын элестетүү да кыйын. Мындан эки жыл мурда эңсеген Шералынын үмүтү шамалга учуп кеткен жок. Баары ойлогондой өз орду менен келатканын колуктусу да сезип ичинен ыраазы болот. Ошентсе да бир күнү Айнагүл күйөөсүнө төмөнкүдөй сөз учун чыгарды:

— Э-э, Шералы! Эгерде суу чыкса короо-сарайдын айланасын куду жомоктогудай көктөп турган бакчага айландырмакмын,— дедиң беле?

— Сен Александр Пушкиндин «Балыкчы жана алтын балык» деген жомогундагы ач көз кемпирдин эңсеген тилектерин эңсеп жүргөн жоксуңбу, алтыным. Чынында эле үмүтүң жакшы. Биз турмушту жомоктогудан да коозураак жана көрктүүрөөк курууга тийишпиз. Сен келечектен үмүтүңдү үзбөгүн, биз турмуштун жолуна жаңыдан гана аттанбадыкпы?!

Койлордун тууту аяктап, козулар ирдении, аягы отугуп калган күндөрдүн биринде Шералы чабандык бригаданын мүчөлөрүнө тийиштүү көрсөтмөлөрүн берип, кыштакка жөнөп кетти. Директордон өтүнүп бульдозер сурады, анан ташы терилип, сугарылган жерин айдап берүүсүн өтүндү. Совхоздун директору кубаттуу каз тамандуу тракторду жиберип, чабандын дың жерин эки сааттын ичинде айдатып жана бир мезгилде кесек топурагын жумшартуу максатында малалатып да берди. Шералы чарбанын жана мектептин айланасын жашылдандыруу ишине активдүү катышкан. Окуучулардын өндүрүштүк бригадасына бекитилген участкада иштеп, анда да эмгектин мыкты үлгүсүн көрсөткөн. Бул жагынан алганда айыл чарба өсүмдүктөрүн багуунун айрым ыкмалары менен таанып.

— Эми көрүнгөндү сурап жетекчилердин башын оорутпайын. Өзүбүздүн деле эмгек акыбыз жаман эмес. Жасаганым эл үчүн болсо, үйрөнгөнүм өзүм үчүн эмеспи. Короосарайдын айланасын жашылдандыруу ишин өзүм колго алайын. Жаздын бир күнү жыл азыгын берет. Эми бир да күндү текке кетирүүгө болбойт,— деди бригаданын мүчөлөрүнө иштин жайын түшүндүрүп.

Шералы өзүнүн менчик машинеси менен ар кайсы питомниктерге, базаларга барып алма, өрүк, шабдалы, алмурут, карагаттын көчөттөрүн жана башка ондогон жашылчанын үрөнүн мол сатып келди. Келечекте короо-сарайды, өстүрүлүүчү мөмө-жемиштерди коргоочу токой катарында кызмат көрсөтөт деп аба ырайынын ар кандай шарттарында өсө берүүчү кара жыгач. менен теректин көчөттөрүн да жетиштүү өлчөмдө даярдады. Түйшүктүү мээнет менен эгилүүчү өсүмдүктөрдү малдын туягынын тепсендисинен алдын ала сактануучу чараларды да көрдү. Тикенектүү зым менен участканын айланасын бекемдеп тосту. Апрель айынын аягында козулар текши отугуп, энелери менен жайытка чыгарылып калган. Козулуу койлорду багууга жардам берүүчү сакманчылар да кыскаруу алдында турду. Шералы сакманчылардын жана чабандык бригаданын

мүмөлөрүнүн иштиктүү жардамына таянып, сугарылып, айдалып табына келген алты гектар аянтка мөмө-жемиш көчөттөрүн, түркүн жашылчаларды отургузду. Тийиштүү бош аянттарга көп жылдык чөп себилди. Кой төлдөтүү убагында сакманчыларга картошка, сабиз издөө түйшүгүнөн кутулуу үчүн он сотых жерге жашылчанын ушул түрлөрүн отургузду. Койлорду жасалма жол менен уруктандыруу убагында урук берүүчү асыл тукум кочкорлорго жаңы сабиздин баалуулугун да көңүлдөн чыгарган жок.

Жыгачтын тамыры бир, мөмөсү миң» дейт. Шералынын көктөмдө эккен түркүн үрөндөрү берекесин төккөн алтын күздө жер жайнаган санжырганын асыл мөмөлөрүн төгүп салды. Адамдын таман-акы, мандай теринин күчү текке кетпестигине ал кадиксиз ишенди. Чабандык турмуштун жашоо тиричилиги жаңыра түшкөндөй сезилди. Эмгек жерди гана эмес адамдын социалдык жыргалчылыгын жакшыртуучу чечүүчү күч экендигине да көзү жетти. Кайсы бир жыйналышта Кең-Сайга суу чыгарылса, бери дегенде эле жүз гектардай жер өздөштүрүлө тургандыгы жөнүндө сөз болгон. Ошондо бир актив: «какыраган Кең-Сай эмес, нымы чыгып турган көл жээгине жакын жерди өздөштүрүүгө күчүбүз жетпей жатат. Жерди өздөштүрүү тууралуу маселе козгогондо анын экономикалык жактан пайда берүүчү жагдайын да эстен чыгарбоого тийишпиз» дегенде ал жөнүндө кийин да сөз болбой калган. Ошол жерге тоюттук арпа да өспөйт деген сөздөр айтылчу. Ал эми Шералынын участкасына тоюттук чөп эмес, сан түркүн жашылча өсүмдүктөрү гүл байлап, мөмөлөрүн көтөрө албай калды. Муну эмне менен түшүндүрүүгө болот? Миң уккандан көрө бир көргөн эле артык го. Жаш жигит түйшүктүү эмгектин алтын мөмөлөрүн адамдарга көрсөтүп ишендиргиси келди.

1984-жылдын күзү эле. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын түзүлгөндүгүнүн 60 жылдык юбилейлик салтанатына саналуу гана күндөр калганда, Шералы Кең-Сайдагы кой сарайына көптөгөн кесиптештерин, мал чарба адистерин, агроном, бригадирден бери чакырды. «Ча-

кыргандан калбагын, өзүң басып барабагын» деп бул чакырыктан совхоздун директору менен парткомдун секретары да калышкан жок. Чабан меймандарды килем, шырдак салынган үйгө эмес, туш тарабынын баары жашылча өсүмдүктөрүнө бөлөнгөн көп жылдык чөптүн үстүнө салынган көлдөлөңгө отургузду. Узатасынан салынган дасторконго Шералы өстүргөн жашылчанын бардык түрү: помидор, бадыраң, картошка, сабиз, пияз коюлган. Аянттын ар кайсы жеринде түптөнүп, биринчи жолу бүчүр байлап сыдырым желге термелген ар түркүн жемиш бактары эки-үч жылдан кийин ширин мөмөлөрүн адамга тартууларын айгинелеп тургансыйт. Тегиз өсүшүнө караганда тоют өсүмдүктөрдүн ар кандай түрлөрү мол түшүм берерин далилдегенсийт.

Кимде-ким өзүнүн ишине каны-жаны үрөп, изденүүчүлүк менен эмгектенсе адам жер эмес, кара ташка да гүл чыгарат тура. Мына ушуну өз көздөрү менен көрүп ишенишсин деп үй ээсинин чакырганын меймандар ачык-айкын түшүнүштү. Бул чакыруунун себебинин биринчи жагдайы эле.

Чакырылган меймандарга иштин экинчи жагдайы аябай жагып, Шералынын эмгектик жыйынтыгына суктанышты. Ирилештирилген чабандык бригада, коллективдүү подряд, чарбалык эсеп системасы боюнча эмгектенип жатышкан жаштардын алгачкы өндүрүштүк жыйынтыгынын жемиши совхоз эмес райондун малчыларына чейин угулду. Сөзүбүз кургак болбосун үчүн мисал келтирели: Шералы жетектеген чабандык бригаданын сегиз мүчөсү 1600 тубар койдун ар жүз тубарынан пландагы 107 козунун ордуна 141ден төл, ар биринен 3,6 килограммдын ордуна 4,2 килограммдан жүн алып, бардык чыгымдарды чыгарып алганда чарбага 75 миң сом акчалай таза киреше киргизди. Жыл аягындагы жыйынтыкта бригадага 9,6 миң сом, 98 козу ыйгарылды. Ар бир адамдын орточо айлык акысы 270 сомду түздү. Жогорудагы чектер бир гана жылдын көрсөткүчтөрү. Ал эми бригаданын мүчөлөрү өткөн төрт жылда 10 миңге жакын козу, отуз тоннадан ашуун жүн алып, социалисттик милдет-

тепмелерин ашыгы менен аткарышып, мелдештин жеңүүчүлөрүнөн болууда.

— Жогорудагыдай ийгиликтер Шералынын гана ирилештирилген чабандык бригадасында жаралбастан жаштар эмгектенишкен бардык участкаларда жаралууда,— деп сыймыктануу менен белгиледи совхоздун директору Макеш Аламанов,— алар биздин оорубузду колдон алып жеңилдеткен ишенимдүү таянычыбыз болуп калды. Ондогон уланкыздар ызгаардуу кыштын таңдарында эмгектик сындан өтүшүп, чоң ишенимге татыктуу болушту. Жаштар совхоздун өндүрүштүк тармактарынын кыймылдаткыч күчү десем жаңылышпаймын. Сөз кургак болбосун үчүн төмөнкү фактыларды мисалга келтире кетейин: мындан он жыл мурда чабандыкка ылайыктуу адам таппай айлабыз түгөнчү. Кой баккандан көрө талаачылыкта сугатчы болгон артык дешип, малдан жаа бою качышчу. Мындай бир кызык окуяга дуушарландык. Күндөрдүн биринде кеңседен сыртка чыксак көчө жыбыраган ак койлорго толуп кеткен. Иштин жөнжайын сураштырсак, чабан Аманат Арзиев, коюнарды өткөрүп алгыла деп жакага айдап келиптир. Кийинки күнү дагы бир ушундай окуя болду. Булар мал багуудан неге баш тартышты деп сураштыра келсек иштин төркүнү мындай экен: алар улгайып, пенсия жашынан ашып кетиптир. Ошондо кой багууга ылайыктуу адам табалбай кыйналчубуз. Кийинки жылы айыл жаштары намыстаныштыбы, Бурулкан Асаналиева баштаган он жети улан-кыз онунчуну бүтөрү менен мал чарба фермасына калып иштөөгө демилге көтөрүштү. Совхоздун дирекциясы менен партиялык уюму айыл жаштарынын мындай демилгесин кызуу кубаттап, аларга колдон келген ыңгайлуу шарттарды түздү. Арадан көп өтпөй эле «Көл толкуну» аттуу комсомолдук-жаштар бригадасы уюштурулуп, алардын багуусуна токту, боруктардын оторлору бөлүнүп берилди. Ырас, алгачкы жылдарда жаш малчылар үчүн кой багуу иши оңойго турган жок, оор түйшүктөрдү баштан өткөрүп, аз уктап, көп эмгектенүүгө туура келди. Алардын эрки эмгекте сынала берди.

Жаштар үч жылдан кийин кой багуунун ыкмаларын өздөштүрүшүп, жогорку чектерди жаратууну нормага айландырышты. Баарынан бир кызыгы жаштар фермага иштөөгө жабыла демилге көтөрүшкөндөн бери чабан болууга кезек күтүп калышты. Жаштар менен иштешкенден бери адистердин жүгү да жеңилдей түштү. Анткени жаштар айыл чарбасында өздөштүрүлүп жаткан өндүрүштүк тажрыйбаларды үйрөнүүгө ынтызар келишет, анын үстүнө бардыгынын он жылдык билими бар эмеспи. Мал чарбасында эмгектенишкен малчылардын баары жаштар. Бүгүнкү күндө жалаң кой чарбасында гана отуз жашка чейинки сексен улан-кыздын эмгектенип жатышынын өзү эле жаштар фермалардан бекем орун алышкандыгын айгинелейт.

«Кары келсе ашка, жаш келсе ишке» дегендей он жылдыкты бүтүшкөн уландар менен кыздар эми бакыт жолу айылда экенин айкын түшүнүп, түз эле өндүрүштө иштөөгө аракеттенишүүдө. Улгайгандар да жаштарга чоң урмат-сый көрсөтүшүп, аларга сүймөнчүлүктүү карашат. Көптөгөн айыл жаштары калк ишенимине татыктуу болушкан. Мына биз жогоруда кеңири сөз козгогон Шералы Султановдун ысмы Тоң аймагы эмес бүтүндөй Кыргызстандын булуңбурчуна белгилүү болуп калды. Ал Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты, Республиканын Жогорку Советинин Председателинин орун басары, Бүткүл союздук Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты, «Ардак белгиси» орденинин кавалери. Кой багууга киришкен он беш жылдын аралыгында айылдык жигит ушундай калктын урматтоосуна ээ болду.

«Көл толкуну» комсомолдук-жаштар бригадасынын бригадири Бурулкан Асаналиева Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жана ВЛКСМ Борбордук Комитетинин мүчөсү. Мындан башка бир топ малчы жаштардын аты-жөнү да айылдаштарына белгилүү. Алсак, «Жетиген» комсомолдук-жаштар бригадасынын мүчөсү Дамира Дүйшеева Ысык-Көл областтык Советинин депутаты, «Демилге» комсомолдук-жаштар бригадасынын бригадири Жаңыл Дый

канбаева айылдык Советтин депутаты. Ирилештирилген чабандык бригаданын төрт кыз-келини жогорку окуу жайынан сырттан окушат, ондон ашык жаштар КПССтин мүчөлүгүнө жана мүчөлүгүнүн кандидаттыгына өтүшкөн. Шералынын өмүрлүк жары Айнагүл Байтурова да райондук Советтин депутаты. Ошентип, бүгүнкү күндө совхоздун бөлүмдөрүндө «Көл толкуну», «Демилге», «Жетиген», «Алмаз» аттуу чабандык комсомолдук-жаштар бригадасы жемиштүү иштеп жатат. Булардан тышкары онго жакын ирилештирилген чабандык бригада түзүлгөн, алардын ар бири жыл сайын бир тууган чарбасына жетимиш-сексен миң сомдон акчалай киреше киргизүүдө. Бригада мүчөсүнүн орточо эмгек акысы 280—300 сомду түзөт. «Ким иштесе, ал тиштейт» деген ушул. Мына ушунун өзү эле ирилештирилген чабандык бригаданын артыкчылыгынын күбөсү. Жаштардын жигердүү эмгегинин натыйжасында чарба акыркы он жылдан бери койлордон арбын төл жана жүн алуу боюнча областтагы алдыңкы орундун бирин ээлеп келе жатат. Совхоздун фермаларында он экинчи беш жылдыктын алгачкы жылында ар жүз тубар койдон жүз үчтөн козу, ар биринен үч жарым килограммга жакын жүн алынган. Мындай ийгиликтин жаралышына кой-товар фермаларында түзүлгөн комсомолдук-жаштар бригадасынын салымы чоң.

Бүгүнкү күндө Тоң районундагы Кыргызстан Комсомолунун 50 жылдыгы атындагы совхоздун ирилештирилген чабандык бригадаларынын эмгектик көрсөткүчтөрү республиканын мал жандуу жаштарына өрнөк болууда. Өлкөбүздүн бардык булуң, бурчунда прогрессивдүү ыкма катары кеңири колдонулуп жаткан бригадалык подряд системасынын ыкмаларын биринчилерден болуп тоңдук жаштар өз өндүрүшүнө колдонушуп, аны жапырт өздөштүрүүгө өтүп жатышы кубанычтуу көрүнүш. Газета-журналдарга жарыяланган тоңдук жаштардын өрнөктүү демилгесинин жыйынтыгына республиканын жүздөгөн жаш малчылары кызыгуу менен чоң маани беришти. Ал түгүл бул тажрыйба менен өз жеринде таанышуу максатын көздөгөн көптөгөн

жаштардан Шералы Султановго, Бурулкан Асаналиевага каттар келе баштады. Бул тууралуу алар комсомолдун райондук, областтык жетекчилерине билдирип, атайын семинар өткөрүүгө даярдык көрүштү.

КПССтин XXVII съездинин алдында Шералы эмгектенген чарбада республикалык семинар өткөрүлүп, ага комсомолдун Ош, Талас, Нарын, Ысык-Көл областтык, бир катар райондук комитеттеринин секретарлары, башкы адистер, бригадалык подряддык ыкмага өтүүчү жаш чабандар жана чарбалардын комсомол комитеттеринин секретарлары катышты. Семинардын катышуучулары Шералы Султановдун, Токтобек Исакеевдин ирилештирилген чабандык бригадаларынын ийгиликтери жана жашоо тиричилиги менен таанышты. Комсомолдук-жаштар бригадасынын бригадири Замирбек Рысалиев эмгектик ийгиликтердин сырын кеңири айтып берди.

— Подряддын максаты — аз каражат жумшап, көп киреше алуу болгондуктан ар кандай материалды үнөмдөөгө тийишпиз. Бул үчүн биз бригадага бөлүнүүчү 14 сакманчыны жардамга алып, тоют ташуучу автотранспорттун ордуна арабаны пайдаланабыз,— дейт бригадир Замирбек Рысалиев.

Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, СССР Жогорку Советинин депутаты, ирилештирилген чабандык бригаданын бригадири, XXII партсъезд атындагы колхоздун зоотехник-чабаны Таштанбек Акматовдун жолун жолдоп, бригадалык подряд ыкмасына өткөн Шералы Султанов он биринчи беш жылдыктын акырында 1614 тубар койдун ар биринен 135тен козу, ар биринен төрт килограммдан ашуун жүн алып, чарбага жүз миң сомго жакын акчалай пайда киргизди.

Комсомолец-жаштардын республикалык кеңешмесинде учкул канат үмүттөргө умтулушкан тоңдук чабандар жайлоо күндөрүндөгү турмуш-тиричилик жагдайларын ортого салышты. Алар көктөмдөн тартып күзгө чейин шар аккан тоо суусунун жээгиндеги түздүктөрдөгү конуштарды жерде-

шет. Ошол кеңешмеде чакан суунун жардамы менен иштетилүүчү микро ГЭС тууралу көп сөз болуп, чабандар ошону кантип табуу керектигин окумуштуулардан жана республикалык жетекчилерден өтүнүштү. Бул өтүнүч эске алынарын жоопту илимий кызматкерлер да чабандарга убада беришти. Ошондо тунук үмүттөргө дегдеткен толуп жаткан ой-тилектер айтылды. Бирок кур сөзгө жашынып курулай шапдануу, ишке ашпаганды турмушка ашырабыз деп көз боёмочулукка баруу — адамдык ар-намыстын кадыр-баркын кетирерин учурдун күндөлүгү көрсөтүүдө. Биринин терисин экинчисине кийгизип, чоңду кичинеге же тескерисинче кичинесин чоңго алмашып, жеке кызыкчылык үчүн элди алдоонун өзү бүгүнкү күндүн эки жүздүү алдамчысы эмесин. Болбогонду болду деп, андай атак-даңк үчүн эмгектенүүнүн арымы узак кетпейт. Такасыз ат таштуу жолдун жарымына жетпей аксагандай, көлөкөсү көрүнбөгөн «жел козуну» кошуп, алдыңкынын катарында жүргөн чабан күткөн максатка жетпейт. Шардан менен марадан бир чыкса чыгып, кийин «абада илинген» козулардын изин табалбай төлөмөр болуп жоопко да тартылат. Бригадалык подряддын шарттары андай көз боёмочулукка барууга жол бербейт. Анткени, көптүн көзү тараза тура. Тоң айылынын чабан жаштары ак эмгеги менен жыл сайын кой чарбасынан туруктуу төл, жүн жана эт өндүрүүдө. Алар аз болсо да бир сом жумшап, андан эки сом пайда өндүрүүгө кызыгышат. Ушундай шартта гана мал чарбасында эмгектенүү көңүлдүү болорун жаштар жакшы түшүнүштү. Алынган пайда адамдын жыргалчылыгына гана: короо-сарайларды электрлештирүү, транспорттук жолду куруу, турак үйлөрдү жана маданий жайларды жакшыртууга жумшалганын семинардын катышуучулары Тоң айылынын ирилештирилген чабандык бригадаларынан даана көрүшүп, ага чоң баа беришти.

«Жаштар бар жерде жалын бар» дегендей, мал чарбасында эмгектенишип жатышкан сексенге жакын улан-кыз жалаң мал багуу менен эле чектелишпейт, ар кандай коомдук иштерге да активдүү катышууда. Ар бир ирилештирил-

тен чабандык бригададан тандалып алынган жаштар өздүк көркөм чыгармачылыгын уюштуруп, чарбанын клубуна концерт беришкени адатка айланды. Спирттик ичимдиксиз үйлөнүү тойлорун өткөрүү да салт болуп бара жатат. Буга жакында эле өткөрүлгөн Доктурбек Орозалиев менен Чынаркүл Маадановапын, Турумбек Байтуров менен Доктуркүл Мандееванын үйлөнүү үлпөттөрү күбө.

Чынында эле жаштык кез жалын курак эмей эмне? Алар эмгек менен эс алууну бирдей айкалыштырып, оор жүктү жабыла бирдей көтөрүүнүн натыйжасында көздөгөн сүттөй аппак үмүттөрүн иш жүзүнө ашырууда.

Өткөн жылдын кеч күзүнүн салкын күндөрүнүн биринде Тоң айылынын ирилештирилген чабандык бригадаларынын иши менен таанышып, чарбанын борборуна кечирээк кайттык. Кыштактагы үйлөрдө да, тоо этегиндеги короо-сарайларда да жымыңдаган электр шамдары алда кайдан көзгө урунат. Ал эми Ысык-Көлдүн жээгине жакын жайгашкан кош сарайдын алдындагы аянтта музыканын коштоосунда ыр ырдалып, кээде бий бийленип жатты. Ошол кечте ал жерге чарбадагы ирилештирилген чабандык бригадаларынын көптөгөн өкүлдөрү чогулушуп, салтанаттуу жыйын өткөрүшүп, акыркы бөлүгүн ыр-бийдин тамашасына айландырышты. Көрсө, ушул күнү Тоң жергесиндеги биринчи жолу өзүнүн өмүр барагын ачып, эмгек жолун баштаган Бурулкан Асаналиева башкарган ирилештирилген комсомолдук-жаштар бригадасынын түзүлгөндүгүнө он жыл болуптур. Бул мезгил мектеп партасынан турмушка кадам таштаткан улап-кыздар үчүн эң түйшүктүү оор сыноо болду. Ар-намыска бекем, үмүтү күчтүү жаштар каарман эмгеги менен кыйынчылыктарды жеңе билишти, калк ишенимин акташкан айылдын мээнеткеч адал адамдары болуп калышты. Тоодой бийик үмүттөргө дегдеткен жаштыктын таңдары айыл жаштарын он экинчи беш жылдыктын жаңы чектерин көздөй чакырууда.

Тоң жери бүгүн уяң жүндүү аппак койлордун мекенине айланган. Эгерде бул аймакка чыгармачылык командиров-

ка менен барган адам сөзсүз түрдө Кыргызстан Ленин комсомолунун 50 жылдыгы атындагы совхоздун мал чарба фермаларын көрүүгө ниеттенет. «Атына жараша заты бар» дегендей чарбага бекеринен Ленин комсомолунун ысмы коюлбантыр.

Мал чарба бригадаларында, машина-трактордук паркында, айдоо талааларында, курулуш объектилеринде жана башка ар кандай өндүрүш жайларында иштегендердин көпчүлүгү чарчоону билишпеген шайыр жаштар экендигин көрүп чексиз кубанасың. Мындай жерде жашоо да, эмгектенүү да, эс алуу да көңүлдүү экен. Азыр малчылар мындан он-он беш жылдагыдай жалгызчылыкты сезишпейт. Ар бир ирилештирилген чабандык бригада өзүнчө эле бир чакан коллективди түзөт. Алардын ар биринин өмүр барактарына көз чаптырып, дастан жазууга да болоор эле. Бирок чаканараак жазылган бул очерктик материалда чарбадагы айрым жаштардын гана эмгектик жолуна кыскача ой жүгүртүүгө үлгүрдүк.

Тоң кыштагынан жолго чыгып жатканда биздин сезимибиздин тереңинде унутулгус бир элес калды. Бул Кең-Сайдагы Шералынын куттуу конушу эле. Мындан беш жыл мурда эле ал жерге жемиш багын мындай кой, түбү менен омкоруп талдын көчөтүн отургузсаң да өспөйт дешип жүрүшпөдү беле. Чын эле жердин тал, чырпыксыз, чөпсүз, гүлсүз, болушу жүнү түлөгөн жылаңач боз тайлактай көркүсүнү жок болуп көргөндүн купулуна да толбойт го. Мындай көрүнүш жакырчылык эмей эмне? Бирок жаратылыштын ушундай бөксөсүн толтуруп коюу адамдын колунан келет экен. Ажайган андай сулуулукту айыл-кыштактагы огороддордон, көчөлөрдөн, чарбадагы бакчалардан гана эмес, ар бир кой, уй, бакма канаттуулар комплексинин айланасынан көрсөк көңүл кушубуз көккө жеткендей толкунданып турмак. А биз Кең-Сайдагы Шералы Султановдун кой комплексинен сапарыбызды карытып жолго чыгарда укмуш-
плексинен сапарыбызды карытып жолго чыгарда укмуш-
туудай сезим дүйнөсүнүн деңизинде термелип, таттуу кыял-

га белден баттык. Ооба, мындан беш жыл мурда айланасында ырымга бир талы жок ушул сарайда жубайлар Шералы менен Айнагүл гана эмгектенишкен. Прилептирилген чабандык бригаданын күчү жердин да, адамдарынын да кулк-мүнөзүн түп-тамырынан бери өзгөрттү. Аппак болгон кой сарайдын айланасындагы желге бутактарын дирилдеткен бак-дарактар чабандык турмушка көрк кошуп тургансыйт. Ошондо ар бир малчы жашаган сарайдын алдында ушундай чынар талдар шуулдап турса, жердин келбети менен чабандардын турмушу мындан да көрктүү жана сулуу болот тура деген ой көңүлгө канат бүтүрдү. Биздин бет алдыбызда кыргыз деңизи болуп эсептелген Ысык-Көлдүн көгүлтүр толкундары айыл жаштарынын өмүр таңдарын ааламга жар салгансыйт.

Ал эми алдыда андан да сулуу жана кереметтүү өмүр таңы айыл жаштарына сүттөй аппак ой-тилек каалап, чыгыштагы көк кырдан кылайып чыгып келе жаткансыды.

## АЙЫЛДАН ЖАНГАН ТОП ЖЫЛДЫЗ

Чынара бүтүрүү экзамендеринин бирин тапшырып, мектептен кубанычтуу кайтып келе жатканда көңүл чабыттары аны таттуу кыялдарга чөмүлтүп жиберди. Чиркин, тууган жердин нан жыттуу топурагы, эртели-кеч саамай чачыңды сылап турган жумшак жели кандай сонун! Гүл аңкып боз торгой жумурткалаган талаалары, Нарын суусунун жээгиндеги суйсалган ак кайыңдар, ак өркөчтүү тоолордун көк кырандарындагы күтүрөгөн төрт түлүк мал көз алдыңан өтө берди. Тээ обочодогу түзөңдө түтүнүн көккө бүркүп жер айдап жүргөн трактордун күрүлдөгөн үнү кыздын сезимин толкундатып жатты.

Чынында эле адам басып өтүүчү турмуш жолу өтө татаал го. Төрт тарабың тең алаканга салынгандай көрүнүп турган түптүз жолдор каякта? Андай өрүүсү, ашуу бели, терең кечүүсү жок турмуш болушу да мүмкүн эмес. Чүкөнү

ойдо ылдый калчагандай турмуш менен ойноого да болбойт. Адам андай менен эселек балалык жылдарында бирөтөлө коштошот. Бала колу менен жер таянып, там-туң басқандан тартып алга карай умтулат, уядагы балапан учууга канаты жетилер замат асманды көздөй талпынат.

Акыл токтотуп он сегизге чыккан адам айлана-чөйрөгө кыраакылык менен ой жүгүртүп, эмне жаман, эмне жакшы экендигин баамдап калат. Эң башкысы — өзү эмнеге жөндөмдүү? Кандай иштерди аткарып, тууган жерге, коомго кандай пайда келтире алат? Жакынкы жана келечектеги максаттарды так аныктай алабы? Эгер ошол асыл максатка жетүүгө чындап эле дегдеп калса, аны ишке ашыруунун жолдорун таба билүү керек да. Бирок жогоруда жип учулап айтып өткөндөй бакытка жетүү үчүн күзгүдөй тегиз жаркыраган айкын жол жок. Турмуштун мээ кайнаткан ысыгына чыдап, ызгаардуу суугуна тотугуп, жеңилдин үстүндө эмес, оордун астында түйшүктөнүү зарыл. Маңдайы тердебегендин казаны кайнабайт, жерге отургузган көчөтү бүчүр байлабайт.

Мектептен үйгө чейинки жарым чакырымга жетпеген аралыктын ортосунда Чынаранын сезим дүйнөсүнө ушундай учкул күлүк ойлор чубап өттү. Жибин суурсаң, кылы кошо чубалып чыга келгендей, ойлой берсең ойдун учу бүтпөгөн нерсе турбайбы деп кыз көңүлүн башкага бургусу келди. Үч күндөн кийин акыркы экзамен. Он жыл бою окуп, ар түркүн билимдин булагын алган сүйүктүү мектеби менен, салмагы ат башындай сары алтынга сатып алгыс сүттөй аппак балалык жылдары менен коштошор мезгил да жакындады. Эртең классташтары менен асмандагы алтын нурлуу Айды Дөдөмөлдүн аскасына жашынтып, төбөдөгү Чолпон жылдыздын нурлары өчкөнчө жаштыктын ак таңын тосот. Жетилүү аттестатын колго алат, ал турмуштун путевкасы. Ар кимибиз эми чилдей тарап, бири-бирибизден ажырашабыз, билимин улантуу үчүн далайлары шаарды көздөй сапар тартышат. Мен кайда барам? Жок, эч жакка? Ошол эле оюмда турам. Анын үстүнө онго жакын кыз бо-

луп айылга калууга макулдашып да койбодукпу. Баарыбыз бир максатта, бир сөздө бололу деп катуу убадалашканбыз да. Убадада турбагандык — туруксуздукту, адамгерчиликсиздикти билгизет го. Бирөө болсо бир жөн, он чакты курбу-жолдошумдун баарын алдасам, кийин алардын жүзүн кантип караймын? Ата-энем шаарга барып окуп билим алгын, өтпөсөң ошол жакта иштесең кара жаныңды тынч багасың. Чарбада калсаң жаз-күздө кетмен менен күрөктөн, кышында тоют майдалагыч машинанын жанынан кетпейсиң. Фабрика, завод болбогондон кийин айылдан башка эч бир жумушту да таба албайсың дешип күнүгө үч маал кулагымдын кужурун алышат. «Килем сатсаң айылдашыңа сат, бир четине өзүң да отурасың» деп ата-энеме дагы бир жакшылап пикирдешейин. Оорбу, же жеңилби, чарбанын өндүрүшүнө калып эле иштейин, биринчиден турмушка чыксам да, чыкпасам да силердин кашыңарга жакын жүрүп ооруңарды колдон алууга жардамым тиер; экинчиден, өндүрүштө калып иштегеним өзүмө пайдалуу болучудай, турмуштун сыноосуна такшалам, эмгектин ветерандарынан, устаттарынан үлгү алам; үчүнчүдөн, чоң коллективге аралашып, жашоонун максатын дагы тереңирээк түшүнөмүн, адам болгон соң адамдарга, тууган жерге пайдам тийбеген соң менин жашаганымдын мааниси да жок эмеспи; төртүнчүдөн, чарбанын бир тармагына чеке тердетип иштесең, элге да урмат-сыйлуу болуп, оозго алынат экенсиң. Мен мына ушундай ой-тилектерге жетүү үчүн өзүмдүн өсүп-өнгөн алтын бешигим — Ак-Тал айылынан алыстап ажырабаймын. Кыз ишенимдүү сөздөрдү тапканына кубанып да кетти.

Кыз кыялы миң капкактуу алтын сандыктан да татаал жана сырдуу го. Чынаранын жүрөгүнүн тереңиндеги ошол эмне деген ой-тилектер эле? Суу түбүндө жаткан алтынды дат баспагандай, адамдын сезиминдеги тунук үмүт да эч качан эскирбей, уламдан-улам жаңыланып күч ала берет тура. Балалуу үйдүн сыры жашырылбагандай, адамдын жан дүйнөсүндөгү асыл тилектер ачылбастан жашырылып

жата бермекби? Ал бир күнү булут арасынан жаркыраган нурун чачыраткан Айдай болуп ажайып чыга келет.

Чынара жана анын онго жакын курбусунун өндүрүштүн эң оор участкасынан эмгек жолун баштоого бел байлап бир чечимге келишине төмөнкүлөр себеп болду: узак жылдардан бери чарбада механизатор жетишпейт деген сөз ар кандай жыйындарда айтылып жүрдү, райондук газетанын беттерине да жарыяланды. Жыл сайын айылдык-кесипчилик техникалык окуу жайын беш-алты бала бүтүрөт, бирок баары бир механизатор жагы тартыныраак келип, айыл чарба машиналары өндүрүмсүз пайдаланылып жаткандыгы жетекчилерге маалым эле. Механизаторлордун кыйласы аскердик өтөөгө чакырылат, айрымдары башка кесипке өтүп кетет. Ошентип, акыркы эсепте механизатордук кадрлардын жетишсиз бойдон кала бериши ыңгайсыз көрүнүш эле. Бул өткөн жолу болуп өткөн чарбанын комсомолдук уюмунун кезектеги жыйналышында баса белгиленди. Ошондогу бир жакшы нерсе — жыйналышка орто мектептин тогузунчу жана онунчу классынын окуучулары да чакырылды. Анын максаты — мектеп окуучуларын чарбанын өндүрүшүндөгү ички абал менен тааныштырып, тууган айылдын жүгүн көтөрүшүүгө алардын келечектеги ниеттерин билүү болчу.

Ошол өткөн жолку комсомолдук жыйналышка катышкан учкул канат жогорку класстын окуучуларынын көңүлүндө кабырганы кайыштырган төмөнкүдөй көп ойлор сакталып кала берди. Чокулары ак булутка жанашкан Ак-Талаа аймагы республиканын эң четки тоолуу райондорунун бири. Бул жактагы чарбалардын башкы тармагы — мал чарбасы. Кыш мезгилинде алыскы жана ички кыштоолордо мал кыштатуу оорго турат. Анткени табигый жайыттарга кеч күздө түшкөн кар кээде апрель айына чейин эрибейт. Демек мындай шартта фермалардагы миңдеген койлор, уйлар, кулун, тайлар узак айлар бою жалаң колду карап калышат. Кар туяктын тушарынан ашпай тайыз жаап, аба ырайы ачык болгон мезгилдерде гана мал жайыт чөбүнө

чыгарылып, эртели-кеч кошумча тоюттандырылат. Ал эми аттын тизеси көрүнбөй калган калың карларда козу, тубар койлор эмес, төрт-беш жыл карыткан ириктер да короо-сарайдын айланасынан чыкпай, жем-чөп сакталган камна жакты же транспортко жүктөлүп келе жаткан тоюттун карааның тиктеп турушат. Мындайда мурутка муз тоңдуруп, бети-колду тызылдатып какшаткан ызгаардуу аяз каарына алса, мал багуунун түйшүгүн андан дагы татаалдантат.

Бүгүнкү күндө бийик тоолуу райондордун ар бир чарбасында орточо 40—50 миңдей, ал эми жазында төлү кошулганда койлордун жалпы саны 60—70 миңден ашып кетет. Өрүшкө уйлар музоолоп, бээлер кулундаганда тоо этегиндеги бардык бөксөлөр малга толо түшөт. Жаз, жай жана күз айларында ушундай сандагы мал табигый жайыт чөбүнүн эсебинен гана тоюттанат. Буркан-шаркандаган аяздуу кыш күндөрүндө малды эттүү багуу үчүн аш болумдуу тоюттардын жетиштүү резервдери керек. Тоолуу аймакта кыш белин чечпей узакка өлөрманданып жатып алса, фермалардын кампаларында тоюттун бардык запасы түгөнүп, малга саман-топон табылбай калган учурлар көп эле кездешкен. Мындайда эчен чарба жетекчилери малдын башын чыгашасыз сактап калуу үчүн дыйканчылыгы өнүккөн алыскы райондорго чейин чапкылашып, тоют сурап оор абалдан эптеп чыгышканы алар үчүн унутулгус сабак да болду. Ак-Талаанын аймагында малды бордоп семиртүүчү райондор аралык адистештирилген чарба бар. Мында жыл бою миңдеген бодо мал тийиштүү салмак алганга чейин ыкчамдатылган ыкма боюнча бордоп семиртилип, мамлекетке тапшырылат. Ыкчамдатып бордоп семиртүү үчүн малга витаминге бай тоюттун мол запасы керектелет. Андай тоютту камдоо милдети атайын түзүлгөн «Ак-Тал» малды бордоп семиртүүчү райондор аралык адистештирилген чарбасына тапшырылды. Жаңыдан уюшулган чарбанын өндүрүштүк ишиң дароо эле алга жылдыруу кыйынга турду. Чарбага жыл сайын он миң тоннадан ашуун кесек тоют камдоо милдети жүктөлдү.

Партия менен өкмөт кылымдардан бери суу көрбөгөн Куланак менен Ак-Талдын аралыгындагы элүү чакырымдай аралыкка лоток тибиндеги канал аркылуу он кулактык суусуну азоо тайдай туйлатып агызып салды. Акиташ менен боёп койгондой агарып жаткан Куланактын какыр талаасы айдоого айланып, ага эгилген арпа, көп жылдык чөптөр мол түшүм берип жатканына кыйла жылдардан ашты. Андан кийинки кезек Ак-Талдын аймагына келди, күрпүлдөгөн көк кашка суунун агымы айылдан төмөнкү түздүктөргө чейин жетти. Жашоонун булагы болгон суунун айдың талаага жеткенине ким кубанбайт. Кары да, жаш да тууган жердин аймагын эми таанылгыс абалга келтирип, жомоктогудай сулуулукка бөлөйбүз дешип кубанычтары койнуна батпай аябай сүйүнүшпөдүбү.

Эзели дыңы бузула элек жерди айдоочу алп тракторлор да чарбада жетиштүү болчу. Ишти аксатып-көксүтө турган кадр маселеси экендигин айылдык жаштар да туура түшүнүштү. Ак-Талда механизатор жетишпейт деп бөлөк айылдын калкына ким жар салып, үгүт-насаат иштин жүргүзмөк? Башка жактан тракторист-машинисттерди издеп тапканда эле алар айылга келип бермек беле? Кадрлардын резерви айылдын ичинен гана издештирилди. Техникага ышкыбоз отуз сегиз улан-кыздардын тизмеси такталып, чарбанын генеральный директорунун алдына коюлду. Булардын он тогузу онунчуну бүткөрүшкөн келин-кыздар болучу.

— Баракелде, азаматтар, баары жайында. Окутууну тезинен баштоо керек турбайбы,— деп генеральный директор райондун борборундагы № 40 айылдык кесипчилик-техникалык окуу жайынын жетекчисине телефон чалды.

Генеральный директордун өтүнүчү аткарылды. Ак-Тал кыштагына механизаторлордун курсу ачылып, аларды окутуу милдетин кесипчилик-техникалык окуу жайынын окутуучулары колго алышты. Трактордун рулуна отуруп, өскөн жерибизди эмгек менен гүлдөтөбүз деп мындай топ кыздардын демилге көтөрүшү Ак-Талаа районундагы алгачкы саамалык эле.

Айлуу түндөр таңкы жарык менен алмашып, далай түйшүктүү күндөр зуулдап, 1983-жылдын окуу календарынын акыркы барактарына өмүрдүн издери салынып жатты. Айкын максатка ашык болуп жүрүшкөн, бакыт башаты — түйшүктүү изденүү экендигин түшүнүшкөн Чынара Жанышова, Орозбүбү Токтомушева, Майраш Үмөталиева механизатордук курста окуп жатышкан мезгилде аты-жөнү айылдын булуң-бурчуна угула турган «Ак-Тал жылдыздары» аттуу комсомолдук-жаштар бригадасын түзүү жөнүндө чечимге келишти. Бул сунуш комсомолдук уюмда жактырылып, ал чарбанын дирекциясына билдирилди. Ошол кезде чарбанын директору менен партиялык комитеттин секретары, башкы инженер өздөрү да тынчсызданып бушайман болуп жүрүшкөн. Жетекчилердин мындай тынчсызданууларынын жөнү да бар эле. Бир мезгилде курсту бүтүрүшүп, колдоруна техниканы башкарууга укуктуу деген күбөлүктү алууга тийиш болгон кыркка жакын механизаторду иш менен камсыздоо үчүн алардын бардыгына трактор кайдан табылат? Трактордук паркка бар болгону он экидей гана механизатор керектелмек.

— Жакшы баштоочуга жакшы коштоочу керек. «Ак-Тал жылдыздары» комсомолдук-жаштар бригадасынын түзүлүшүнүн өзү эле кандай чоң саамалык. Биз бардыгын иш менен камсыздоого тийишпиз,— деди директор.

— Тажрыйбалуу механизаторлорду бошотуп, башка жумушка которобузбу? — Башкы инженер таңданып директорго карады.

Мына ушундай учурда чарбанын башкы экономисти өлкөнүн көптөгөн алдыңкы колхоздору менен совхоздорунда кеңири өздөштүрүлүп жаткан бригадалык подряд системасынын чараларын иштеп, дирекциянын кароосуна койгон. Дирекция бардык талаачылык бригадаларын бригадалык подрядга өткөрүү боюнча иштелип чыккан иш чараларды бекитип, анын иш жүзүнө ашырылышына тийиштүү практикалык жардамдарды көрсөтүү жагы жоопту адистерге тапшырылды.

Бригадалык подряддын артыкчылыгы эмне берет? Бул системанын тартиби боюнча иштегендер чарбага кандай пайда келтирет жана алар өздөрү үчүн эмне деген жеңилдиктерге ээ болот? Башкы экономист жаштар бригадасынын мүчөлөрүнө иштин жөн-жайы жөнүндө жеткиликтүү жана кеңири түшүндүрдү. Жаңы системанын негизи — аз каражат жумшап, арбын пайда алуу, өндүрүштүк фонддорду сарамжалдуу пайдалануу, адамдардын материалдык кызыкчылыктарын жогорулатуу экендигин жаштар да көңүлдөрүнө бекем түйүштү

Жакшы кабар оболоп ар кайсы тарапка тез эле жетет тура. Бул саамалыкты партиянын райондук комитети жана комсомолдун райондук комитети жактырып ар кандай колдоолорду көрсөттү. Тез эле уюштуруу иштери жүргүзүлдү. Бригаданын жетекчисине Чынара Жанышова дайындалды, комсомолдук уюмдун секретарлыгына Орозбүбү Токтомушева шайланды.

Бригадага 373 гектар көп жылдык чөптүн, 548 гектар бир жылдык чөптүн, 150 гектар дан эгининин аянты бекитилди. Кыскасы 1073 гектар айдоо аянтынан мол түшүм алуу милдети жаштар бригадасынын мүчөлөрүнүн жоопкерчилигине жүктөлдү. Планды аткаруу — бул бригадалык подряддын закону. Ал эми ашык аткарсаң андан жакшы. Ошол үчүн «Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып» ынтымактуу эмгектенишпесе, бригаданын бардык мүчөлөрүнө катуу сөз тиет. Солоктогон бойдок жаштарга эчтеке эмес, бала төрөп очор-бачар болушкан онго жакын жаш келин да механизатордук курсту окуп бүтүп, бригаданын составына кирипти, ушулар өндүрүшкө үзгүлтүк менен катышып, ишти артка тартышпаса экен дешип жетекчилер бир аз бушайман болушту. Бирок андай болгон жок, келиндер балдарын балдар бакчасына беришип, жапырт ишке чыгышты.

Жаштар иштей турган айдоо аянттары чачкыныраак эле. Айдоо жерлери — Көпүрөнүн-Кулагы, Тегирмен-Алыш, Талаа-Станы, Сары Үңкүй, Кайкалак участкаларында жай-

гашкан. Иштин ушул жагдайы эске алынып, жаштарды коллективдүү бригадалык подряд боюнча иштей турган төрт звеного бөлүштүрүүгө туура келди. Аларды Мырзакулбек Кыштобаев, Майраш Үмөталиева, Орозбүбү Токтомушева жана Чынара Жанышова жетектей турган болду. Иш мына ушундан кийин ирettүү боло түштү.

Эмгек түйшүгү ар бир адамды электен элеп, бат эле сынадан өткөрдү. Тракторлордун рулуна турган Орозбүбү талааны жумшартып азыктандыруу ишин колго алды. Ишти сапаттуу жана өндүрүмдүү аткаруу жагынан алганда ал эркектерден да кем калыша турган эмес. Ал башкарган бригадалык подряддын составына өмүрлүк жолдошу Ө. Исаков, агасы С. Сейталиев, атасы Т. Сейталиев, Ш. Байбосунова, А. Оторбаев, К. Баратбаев, А. Баратбаев жана Ш. Жапаров киришти. Мына ушунун өзү үй-бүлөлүк подряддын түзүлүшүнө шарт түздү. Жаз-жай бою булардын бешөө сугатчылык, төртөө механизатордук милдетти жан-дили менен аткарышты. Акыры жыйынтык кубанычтуу болду. Түшүм тагдырын чечүүчү күз айында өздөрүнө бекитилген 104 гектар көп жылдык чөптүн ар гектарынан 65 центнер, бир жылдык чөптүкүнөн 35 центнерден түшүм алышты. Звено кылкандуу дан эгиндеринин дүң жыйымын 751 центнерге жеткиришти. Албетте мындай жыйынтыкты жаратуу үчүн бригаданын бардык мүчөлөрү изденүү менен эмгектенүүгө туура келди. Өздөрүнө бекитилген аянттарды жай ичинде үч жолу сугаттан өткөрүштү, атайын такталган картограммага ылайык эки-үч ирет азыктандырышты. «Мээнет түбү — дөөлөт» деп, таман-акы, маңдай терден табылган эмгектин ырыскылары коюнга толду. Жыл акырындагы талаачылыктын жыйынтыгында үй-бүлөлүк бригадага мурдагы алгандарды кошуп эсептегенде сегиз миң сомго жакын акча ыйгарылды. Мунун ичинде өмүрлөш жубайлар Орозбүбү менен Өмүрбек 2,7 миң, атасы Токтомуш 1,5 миң, улуу агасы Сырдыбек 1,2 миң сом акча иштеп табышкан.

Звенонун күжүрмөн мүчөлөрү жылт эткен алгачкы ий-

тиликтерди кийинки жылдарда мурдагыдан да бекемдеп, жогорку чектерди жаратууну нормага айландырышты. Алар он биринчи беш жылдыктын акыркы эки жылында эле коомдук малга 15 миң центнерден ашуун беде чөбүн чаап-жыйнап, мал чарба комплексине өткөрүп беришти. Ушул эки жылдын аралыгында үй-бүлөлүк бригада мүчөлөрүнүн жалпы акчалай эмгек кирешеси 20 миң сомду түзгөн.

Айылдык жаштар демилге көтөрүп, баштаган ишин ара жолго калтырышпастан андан аркы бийиктиктерди карай умтула беришти. Бир кездерде топурактан башка берекеси жок боз талаалар жалындуу айылдык жаштардын каарман эмгегинен эки-үч жылдын ичинде эле гүлдөгөн жайга айланды. Адистештирилген өзүнчө чарбага айландырылаар менен акталдык жаштар тоюттун мол запасын камдоо үчүн этибарга алынбаган каксоо, кумдак жерлерди өздөштүрүшүп, айдоо аянттарын кеңейтти. Бир нече бригадага бөлүнүшкөн жаштар атаандаштык менен мелдештин кулачын кеңири жайылтышты. Мейкин талааларындагы ташкындаган эмгек майданында оңдогон кыз-улан топтон суурулуп, тез эле элдин урмат-сыйына бөлөндү. Жаштар бригадасынын комсомолдук уюмунун секретары Орозбүбү Токтомушева кырдан кылайган Чолпон жылдыздай көпчүлүккө тааныла түштү. Болот тулпардын рулун элпек башкарып, жазда жер айдап үрөн сепсе, күздө айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүн ташыды. Эмгек кайнап турганда күндүр-түндүр талаадан кеткен жок. Талаа станы өмүрлүк жолдошу экөөнүн экинчи үйү болуп калды. Иш дегенде ичкен ашын жерге койгон бул дилгир келин КПССтин мүчөлүгүнүн катарына кабыл алынды. Коомдук иштерге да активдүү катышып, жакшы тажрыйбаны жайылтуунун демилгечиси. Ооба, ал механизатордук кадрлардын, айрыкча техниканы башкарган кыз-келиндердин катарын арттыруу ишине чоң салым кошту. Бүгүнкү күндө механизаторлордун катары айылдык кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүрүшкөн жаштардын эсебинен толукталууда.

Өткөн жылдын бешинчи январында болгон партиянын Нарын областтык конференциясына делегат катары Орозбүбү да катышты. Анда ак-талаалык бул кыз Кыргызстан Компартиясынын XVIII съездине делегат болуп шайланып, бул форумга катышып келди. Бул анын өмүрүндөгү унутулгус окуянын бири эле. Анын партиялык жогорку форумга делегат болуп шайланышы ата-энесин, өз үй-бүлөсүн гана эмес, кесиптештерин да кубандырды. Бакыттын башаты адал эмгекте экендигин таамай түшүнгөн тоолук келин көптөгөн айылдык кыздарды дыйканчылыктын маданиятын жогорулатууга үндөп, аларды айкын максаттарга үндөй берди.

Айылдаштары Орозбүбүнүн үй-бүлөсүн намыска бек-адамдар дешет. Бир кезекте кыздын атасынын агасы Сейталиев Багыш аскердик милдетин өтөп айылга келер менен сүт товар фермасында эмгектенет. Фермада саанчылар жетишсиз болгондуктан уйлардын сааны узакка созулчу. Мындай абал Багыштын кабыргасын кайыштырып, санаага чөмүлдүрдү. Бирок ал курулай кыялга анчалык чөгүп кеткен жок. Жигит саанчылык кесипке өтүп, бул иште ал он беш жылдан ашуун эмгектенди. Бул Ак-Талаа районундагы эмес, бүтүндөй область боюнча эркектердин арасынан чыккан биринчи саанчы эле. Андан кийинки иншлери Токтомуш менен Сыргабек механизатордук курста окушуп трактордун рулуна отурушту. Ошол мезгилде айыл жери механизатордук кадрга өтө муктаж эле. Ага-инилүү ал бир туугандар трактористтик кесипти бакыт кушундай ардакташып, бүгүнкү күндө да болот тулпарды булкунтуп башкарып келишет. Айта берсе дагынкысы дагы бар. Кийинки жылдарда механизаторлордун катарына Ачы Сейталиев кошулду. Мына ушунун өзүнөн чарбанын өндүрүшүндө бир тууган Сейталиевдердин династиясы жемиштүү эмгектенип жаткандыгын көрүүгө болот.

«Жакшынын шарапаты миңге» дегендей Орозбүбүдөй түйшүкчүл келиндин эмгектик үлгүсү башка курбу-курдаштарын да шыктандырып, аларды да атаандаштыктын

марасына чакырды. Эмгектен бакыт жолун издеген жаштар бригадада бир топ. Мына ошондой белсемдүү жаштардын бири — Майраш Үмөталиева. Өмүрлүк жолдошу Сейитбек механизатордук курска кирген, мен да тракторист боломун деп күйөөсү менен бирге окуп, көздөгөн кесибине ээ болгон. «Кыз балага кара майга майланып, трактор айдаганы ылайык келбейт» деп кайын сиңдилери менен жеңелери кеңештерин айтышты. Бирок көздөгөн оюна бекем турган келин асыл максатын ишке ашырды. Механизатордук кесипти окуп бүтөр менен «Ак-Тал жылдыздары» комсомолдук-жаштар бригадасынын белсемдүү мүчөсүнүн бири болуп калды. Анын өмүр жолу туулган жерде, жаштайынан тартып ата-энелери эмгектенишкен мал киндиктүү, нан жыттуу талааларда башталды. Кайкалак, Кара-Быдыр, Кара-Жон, Ак-Багыш, Марал-Качкан, Чоң-Булуң, Тегирмен-Алыш сыяктуу талаалар менен адырларда жылкы кайрып, кой кайтарган, көбүргөндүү өзөн-жылгада уй айдап, фермадагы энесине жардам берген. Мына ушунун баары кыздын эмгекчил жана сергек өсүшүнө таасир тийгизип, анын адам болушуна жана турмуштан туруктуу орун табышына жол көрсөттү. Айылдын бүгүнкүсү да, келечеги да механизациянын жардамы менен өркүндөп өсөрүн жакшы баамдаган Майраш болот тулпарды кош колдоп тизгиндеп башкарууну өздөштүрдү. Арадан көп өтпөй учурдун жана өндүрүштүк шарттардын талабы боюнча Майраш жетектеген жети улан-кыз үй-бүлөлүк бригадалык подрядды түзүп, өздөрүнүн жоопкерчилигине тийиштүү жер бөлдүрүп алышты. Кыдыктын-Тамы участогу менен Сарымсактын-Белесинин ортосундагы 250 гектар аянт Майраш башкарган звенонун мүчөлөрүнө бекитилди. Бригада мүчөлөрүнүн ар биринин аткарчу жумуштары так белгиленди. Жубайлар Кожобек Осекеев менен Токтош Осекеева, Ниязбек Кадыралиев жаз, жай бою суу сугарышты, Сейитбек Орунов, Көчөрбай Жуманов, Качкын Бектурганов жана Майраш Үмөталиева трактордун рулуна отурушуп, жер айдашты, үрөн себишти, талааларга кык ташып, аянттарды минералдык семирткичтер менен

азыктандырышты. Бардык аянтка көп жылдык чөп эгилди. Тоолуу шартта бедени эки жолу чаап алуу милдети коюлду. Алынган убаданы сөзсүз түрдө аткаруу үчүн жаштар чөп чаап-жыйноонун аралыктарын узакка создуктурбай кыска мөөнөттө тийиштүү сакталуучу жайга жеткирүү үчүн жанды үрөп эмгектеништи. Сугат күнү-түнү жүргүзүлдү, ал эми сугаруу иши токтогондо сугатчылар чөптүн таңгакталышына, мал чарба комплексине ташылып-жеткирилишине жардамдашты. Бул менин, тигил сенин жумушуң дешип, ишти бири-бирине түртө салышкан жок. Алар «Бирөө бардыгы, бардыгы бирөө үчүн» деген ураандын алдында эмгектенишип, ар гектардан 70 центнерден беде чөбүн жыйнашты же жалпы жыйынтыкта эки миң тоннадан ашуун тоют камдашып, пландык тапшырманы ашыгы менен орундатышты.

Бакыт сересине жаңыдан кол сермешкен айылдык жаштардын жердин асылдандырылышына, жалпы эле дыйканчылыктын маданиятынын жогорулашына кызыгуулары уламдан-улам артып, пайдаланууга жарамдуу аянттардын сапатын жакшыртууга ийкемдүү практикалык чараларды ишке ашырышты. Өткөн жылы Көк-Жар каналынын курулушу бүткөрүлөр менен Кайкалак өрөөнүндөгү пайдаланылбаган дың жердин өздөштүрүлүшүнө кеңири мүмкүнчүлүктөр ачылды. Партиянын райондук комитетинин мүчөсү катары Майраш Үмөталиева тийиштүү партиялык, советтик жана чарбалык органдарга олуттуу сунуштар менен кайрылып, Топ-Теректин айланасындагы 34 гектар кумдактуу боз талаанын өздөштүрүлүшүн ишке ашырды. Мурда ал аймакка адырашман, караган, тикенек, куурай жана башка ар кандай мал жебей турган чөптөр гана өсүүчү. Мына ошол жерге каналдан тартып арык казылып суу жеткирилди, өңгүл-дөңгүлү түзөтүлүп тегизделди, күзүндө малдын кыгы төгүлдү, жазында айдалып көп жылдык чөптүн үрөнү себилди. Ал жерден алынган түшүм да ойдогудай болуп, коомдук малга тоют камдоонун мол запасынын түзүлүшүн камсыздады. Эми бир кездеги жайды-жайлата бозоруп какырап ээн жаткан Кайкалак өрөөнү көздүн жоосун алган-

дай таанылгыс болуп өзгөргөн. Жаздан тартып кеч күзгө чейин көгөрүп-кулпуруп турган сулуулукка бөлөнөт. Экинчи чабыгынан кийинки беденин көрпө чөбү күздө малдын жашыл жайыты катары пайдаланылат. Кийинки кездерде ары-бери өткөндөр ал аймакты Кайкалак дешпей эми Майраштын талаасы деп айтып калышты. Албетте элдин мингишининин да жөнү бар, себеби качан болсо ошол талаада Майраш жана анын кесиптештери эмгектенишип, эмгек сиңиришсе жердин аты ошонун ысмына коюлушу бекеринен эмес. Бул — тууган жерге таанылып, айылдын ак тузун адал эмгек менен актап жаткандыктын белгиси.

«Ак-Тал жылдыздары» комсомолдук-жаштар бригадасынын жанар тоодой жаркыраган учкундары уламдам-улам алысты нурландырып, анын саамалык чачыраткан оттору чарбанын Пионер бөлүмүндөгү жаштарынын ой-сезимин да жандандырып жиберди. Ал бөлүмдүн да жыйырмадай кыз-уланы «Авангард» аттуу комсомолдук-жаштар бригадасын түзүп, анын бригадирлигине жогоруда сөзгө алынган Майраш Үмөталиеваны бекиттирип алышкан. Айрым өндүрүштүк көрсөткүчтөр жагынан Пионер бөлүмүндө артта калуучулук өкүм сүрө баштаган. Мезгилдин талабы эки бөлүмдүн тең экономикалык көрсөткүчтөрүн алдыңкы чарбалардын жетишкендиктерине жеткирүү болгондуктан абалды теңештирүүнүн жолдору изилденди. Өндүрүштүн тармактарына бригадалык подрядды жана чарбалык эсепти киргизүү аркылуу гана артта калуучулуктан чыгууга боло тургандыгы белгиленди. Мына ушул иште үй-бүлөлүк бригадалык подряддын системасын өздөштүрүп калган коммунист Майраш Үмөталиева эмгектин үлгүсүн көрсөтүп, бөлүмдүн ишин илгерилетүүгө жигердүү салымын кошту. «Авангард» комсомолдук-жаштар бригадасынан да эмгеги менен жердештерине таанылган күжүрмөн кыздар топтон чыккан күлүктөй марага чыга келди. Жаш коммунисттер Айгүл Борбодоева менен Калипа Рысбекова баштаган бир нече кыз дөңгөлөктүү тракторлордун рулуна отурушуп жыл бою өндүрүмдүү эмгектеништи. Ошентип, «Ак-Тал

жылдыздары» бригадасы чарбада жалгыз болбой калды. Жаштык бар жерде жалын бар деген ушул да.

«Ак-Тал жылдыздары» бригадасынын эң жаш мүчөлөрүнүн бири Мырзакулбек Кыштообаев. Ал да өзүнчө коллективдүү подряддык звенону жетектейт. Алгачкы жылы эле бригада карамагындагы 133 гектар көп жылдык чөптүн аянтынан 5 миң центнерден ашуун жашыл масса топтошту, 33 гектар кылкандуу дан эгиндеринин ар гектарынан 33 центнерден түшүм жыйнады. Бул иште Курмантай Боталиев, Турусбек Жусубалиев жана Гүлчоро Абылкайыров эмгектин каармандыкты көрсөтүшүп, күндөлүк план тапшырмаларын бир жарым эсеге аткарып турушту.

Ак-Талаа районундагы малды бордоп семиртүүчү «Ак-Тал» адистештирилген чарбасынын жаштары бүгүнкү күндө каарман эмгек менен тууган айлын даңкка бөлөп, атын алыска чейин тааныltты. Улгайган адамдардын ордун алмаштырып, айылдын аймагын чыгармачылык изденүү менен, адал таман акы, маңдай тер аркылуу кулпунган жашыл көктөмгө айландырышкан ак-талдык жаштардын каарман эмгек үзүрүнүн алгачкы жыйынтыктары күтүлбөгөндөй кубаныч алып келди. Алардын барандуу күч-аракеттеринин натыйжасында он эки миң тоннага жакын кесек тоют камдалды. Чарбада кесек тоют даярдоонун жылдык планы 166 процентке орундалды. Мындай өлчөмдөгү тоюттун мол запасы чарбанын тарыхында биринчи жолу камдалып отурат. Жаштар бригадасынын мындай ийгилиги заматта туш тарапка угулду. Тоюттун арбын запасын камдашкан бригадага ошол эле жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин Ардак грамотасы ыйгарылды. Областтык Ардак тактага бригаданын аты бадырайта жазылды. Бригада мүчөлөрүнүн ар бирине арналган баалуу материалдык сыйлыктар канча?

Чарбанын дирекциясы тарабынан көптөгөн жаштарга туристтик путевка берилип, алар өлкөнүн даңктуу шаарларын кыдырып келүүгө мүмкүнчүлүк алышты.

Нарын — Ак-Талаа шоссе жолу басып өткөн Пионер

менен Ак-Тал кыштагынын ортосундагы мейкин талаада аппак стандар жайгашкан. Бийик темир таянычтарга бекитилген аркада «Ак-Тал жылдыздары» комсомолдук-жаштар бригадасы деген бадырайган жазуу жанынан өтүп бараткан адамдын көзүнө даана урунат. Андан алыс эмес жерде толкуну шарпылдап жээкке урунган Нарын дайрасы мелмилдеп агып жатат. Мына ушул талаа станы орношкон жерде жаштардын өндүрүмдүү иштешине көмөк берүүчү маданий, турмуш-тиричилик шарттары түзүлгөн. Анда эс алуучу бөлмө, музыкалык аспаптар, телевизор, радиоприемник, газета-журналдар, шахмат, шашки бар. Суусундук ичимдиктер да өксү болбойт. Сезондуу мезгилдерде бул жерде ысык тамак даярдалат, ал түгүл бала бакча да иштейт. Кыш күндөрүндө экономикалык, агротехникалык окууларга активдүү катышып, илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктери менен кеңири таанышууга аракеттенишет.

Талаа станынын кызыл бурчунда жаштар бригадасынын түзүлгөндөн берки басып өткөн жолу жазылган китепче бар. Анда «Ак-Тал жылдыздары» комсомолдук-жаштар бригадасынын, анын ар бир мүчөсүнүн өмүр баяны ар жылкы эмгек көрсөткүчтөрү, коомдук милдеттери жана турмушундагы унутулгус окуялары (туулган күн, үйлөнүү кечеси жана башка) жазылган. Алардын окуу, эс алуу жана иштөө шарттары менен таанышуу үчүн райондун башка чарбаларынын жаштары ыңгайлуу мезгилдерде келип турушат.

Ошентип Ак-Талдан жанган топ жылдыз бүгүн өзүнүн аймагына гана эмес, бүтүндөй Нарын областынын жаштарына маяк болуп отурат. Булардын жолун жолдоп азыркы күндө Пионер айлындагы отузга жакын кыз-улан «Авангард», райондун Жданов атындагы колхозунда «Ак-Тилек» комсомолдук-жаштар бригадасынын мүчөлөрү механизатордук ардактуу кесипти окуп жатышат. Учурдун максаттарына умтулушкан бул бригадалардын мүчөлөрү да бригадалык, үй-бүлөлүк подрядга өтүшүп, эмгек өндүрүмдүү-

лүгүн жогорулатуу менен дыйканчылыктын маданиятын жакшыртууга баалуу салымдарын кошууда.

Алыскы Тянь-Шань тоолорунун арасынан жарык шооласын чачыратып, турмуштан максат издеп чыгышкан ак талдык улан-кыздардын турмушунун туурунa бакыт жылдыздарынын коно беришинде шек жок.

«Ак-Тал жылдыздарынын» алтын шоолалуу нурлары айдың талааларды гана эмес, адамдардын сезимин да нурландырып тургансыйт.

## НАМЫСКА БЕК КЕЛИНДЕР

Борбордук Тянь-Шандагы дыйканчылыгы өнүккөн тоолуу зоналардын бирине Кочкор аймагы кирет. Колот, жылгасынан суу жээгиндеги түздүгүнө чейин таш, кумдан башка колго кармаар байлыгы жок бул аймак түрүн кескин өзгөртө баштаганына чейрек гана кылымдан ашты. Улуу Октябрь революциясына чейин бул аймак кыштоо катарында гана эсептелип келген. Улуу Октябрдын жеңиштери бекемделгенден кийин гана какыраган кара Кочкор жерине алгачкы трактор пайда болуп, таштуу талаалар айдала баштаган. Революцияга чейин ата-бабаларыбыз ал жерге эч кандай өсүмдүк өспөйт дешип караңгы элди ишендирип да жүрүшкөн. Бирок анын баары калпка чыкты. Бүгүн Кочкор жеринде дандык арпа рекорддук жогорку түшүмдү берип жатканы жалпыга белгилүү. Бозоргон таштуу талаалар техниканын жардамы менен өздөштүрүлүп, алардан арпа гана эмес көп жылдык чөптүн, сулунун, тоюттук буурчактын мол түшүмү алынууда. Айрым багбандар үй жанындагы огородунда өстүрүлгөн мөмө-жемиш бактарынан алманын, алмуруттун, өрүктүн, карагаттын түшүмүн алышып, өздүк чарбачылык керектөөлөрүн канааттандырып калышты. Жүздөгөн адамдар огородуна сабиз, көк пияз, помидор, картошка, бадыраң, капуста отургузушуп, алардан чакалап, каптап түшүм алып жатышкандыгы таң каларлык көрүнүш болбой калды.

Авроранын жер дүңгүрөткөн залпынын жарык нурлары алыскы Тянь-Шандын түпкүрүндөгү көчмөндүү айылга азаттыктын шоолаларын чачырата баштаганда жакырчылыктын туманында кайгылуу өмүр сүрүп келишкен тоолук калктын социалдык жашоо турмушу түп тамырынан бери өзгөрдү. «Элүү жылда эл жаңырат» дегендей азыр жердин түрү да таанылгыс болуп кулпунган. Даңктуу октябрдын кызыл байрагы тоо айлына желбирегенине мына быйыл жетимиш жылга толуп отурат. Улуу Октябрдын жеңип алууларынын эң бир салтанаттуу окуяларынын бири аялдардын эркектер менен бирдей тең укуктуулукка ээ болушу болуп саналат. Алар эл чарбасынын бардык тармактарында жигердүүлүк менен эмгектенип жатышат. Кыскасы, аялдар аралашпаган өндүрүштү табуу кыйын.

Нарын областынын Кочкор районуна караштуу «Теңдик» совхозунун мал чарбасында жана дыйканчылыгында эмгектенишкен жумушчулардын жарымына жакынын аялдар түзөт. Чарбанын машина-трактордук паркында эле жүздөн ашуун механизатор, шофер, инженердик-техникалык кызматкерлер эмгектенишет. Бир кездерде машина-тракторду башкаруу иши эркектерге гана таандык деп эсептелүүчү. Ооба, чынында эле ошондой эмес беле. Аялдар трактордун рулуна отуруп, жер айдап үрөн себет деген ой адамдын өңүнө эмес, түшүнө да кирчү эмес. Бирок социалисттик коомдун шарттары адамдын эңсеген кесибине ээ болушуна шарт түзүп жатышы алардын күндөлүк жашоосунан эле көрүнүп турбайбы.

«Теңдик» совхозунун башкы тармагы кой чарбасы. Анын фермаларында кырк миңден ашуун уяң жүндүү кой өстүрүлөт. Мындан башка уйдун, топоздун жана жылкынын саны да эки миңге жакындайт. Кыш мезгилинде ушундай сандагы малды чыгашасыз сактоо үчүн кесек жана жемдик тоюттардын мол запасы талап кылынат. Сезон мезгилинде чарбанын көптөгөн жумушчулары саратан жайдан тартып кеч күзгө чейин коомдук малга тоют камдоо менен алек болушат. Мына ушул жооптуу өнөктүккө он алты ме-

ханизатор аял бир топ жылдан бери активдүү катышып, социалисттик мелдеште байгелүү орундарды ээлеп келе жатышат. Ушул кыз-келин «Кызыл жоолукчандар» деген механизаторлор бригадасын түзүп, өзүнүн наамын ар-намыстуулук менен алып жүрүшөт. Алардын ар бирин кандай мактасаң да сөз жарашат.

Кыз-келиндер механизатордук кесипке бир мезгилде эле келише койгон жок. Деңиздеги жаркыраган маяктай болуп адегенде трактордун рулуна Салкын Эсентаева отурду. 1966-жыл ал үчүн унутулгус окуя болду. Келин үй-бүлөсүнө акылдашып, «Кочкор» асыл тукум кой заводундагы кесипчилик-техникалык окуу жайына кирип, бир жылдан кийин колуна күбөлүк алып айылга кайтты. Райондо кыз-келиндердин ичинен биринчи болуп алп трактордун рулуна олтуруу кандай сыймыктуу эле? Ошентсе да түшүнүгү тайкы адамдар трактордун рулуна биринчи болуп отурган бул кызга мыскылдуу сөздөрдү айтышты, сынагансып көздүн кыйыгы менен күлө карап да жүрүштү. Бирок кыз курулай намыска жетеленип кеткен жок. Эми «болору болду, боёсу канды» дегендей эле иш болду деп, баштаган оюнун акырына чейин күрөшүүгө бел байлап, мурдагыдан да көп түйшүктөндү. Адам техниканын оң-бузугун дароо эле беш колдой биле койбойт. Аны бара-бара толук түшүнүп, тажрыйбалуу механизаторлордон жардам сурабай да калат.

Салкын трактордун рулуна отурганда турмушка жеңил-желпи караган айыл ичиндеги оозу бош адамдар ал жөнүндө ойго келбеген сөздөрдү чыгарышты: аял киши трактор бузулса, анын оор тетиктерин чыгарып, ажыратууга, механизмдерди майлоого, ызгаардуу аязда фермаларга тоют ташууга туура келет; керели кечке колу майга майланып, көк түтүндүн ышы менен дем алса, ден соолугуна зыян келтирбейби; трактористтик кесип оор жумуш, мотордун дүркүрөгөн үнү менен күйүүчү майдын иштетилген түтүнү кош бойлуу аялдар үчүн өтө коркунучтуу, ыңгайсыз шарттарда боюнан түшүп калышы да ыктымал.

Бороондун эпкини менен көккө эмнелер учпайт, куру-

лай намыска жүгүнүп ооз көптүрүп сүйлөгөн адамдын тилинен не деген сөздөр чыкпайт? Жогоркудай жел сөздөрдү Салкындын өзү уккан жок дейсиңби? Андай жумуртканын сасыткысындай сасык кептерди алысыраак бейтааныш эмес, бир айылдаш жакындарынан да укту. Укканда уяң келин не демек? Бардыгын турмуш жана келечек көрсөтөт деп туугап айылдын айдың талаасында жадырап-жайнап күндөлүк нормасын ашыгы менен аткарып, мелдештин алдыңкы катарында эркектер менен ат салыша эмгектене берди. Алгачкы беш жылдык ал үчүн эң оор сыноо болду. Бул мезгилдин ичинде айдоо талаасын бир калыпта тегиз айдоого, үрөндү белгиленген терендикте себүүгө, картограммага ылайык тилкелерди минералдык семирткичтер менен азыктандырууга, сугат арыктарын тартууга, чөп, саманды таңгактоочу прессподборщикти иштетүүгө өзүн көнүктүрүп, практикага айкалышкан турмуштук чоң тажрыйба топтоду. Айрым күзгү сезондо комбайндын штурвалына отуруп, дан бастырды. Мал кыштатуу сезону башталгандан көктөмгө чейинки мезгилдин аралыгында алтымыш чакырым аралыктагы Кара-Кужур кыштоосуна чөп, жем ташуу анын адаттагы күндөлүк милдети.

Айыл чарба өсүмдүктөрүнөн мол түшүмдүн алынышынын камсыздалышы, баарынан мурда трактористтин ишке жоопкерчиликтүү жана кылдат мамилесине байланыштуу экендигин агротехникалык окууларда агроном нечен жолу механизаторлорго эскерткен. Мындан он эки-он беш жыл мурда дан эгиндеринен чеке жылытпаган түшүм алынып келгендиги жашыруун эмес. Ошол мезгилде ар гектардан 16—17 центнерден эгиндин алынышынын негизги себептери сугаттын жетишсиз сугарылгандыгы менен түшүндүрүлүп келчү. Сугатты үстүртөдөн, начар жүргүзгөндүктүн кесепети ушундай аз түшүмдүн алынышына алып келди деген дооматтар сугатчылардын адресине коюлучу. Ошондогу сугатчылар чын эле сугатты сапатсыз жүргүзүп жатыптырбыз дешип моюндарына да алышчу. Бирок иштин негизги кемчилиги жер айдаган трактористтердин ишке салкыны-

раак мамилесинен кетип жаткандыгын сугатчылар кийин гана түшүнүп калышты. Көрсө, планды ашык аткарып, сыйлык алууга кызыккан механизаторлор сокону жерге тайызыраак чөгөрүп, айдоону ашыкча ылдамдык менен айдап, ишти бүттүмгө салып баса беришчү экен. Сугатчылар ушул иштин табышмактуу сырын агротехникалык окууда агрономдун далилдүү баяндамасынан түшүнүшүп отурушат. Кочкор аймагында кышкысын кардын түшпөгөн, жаан-чачындын аз жааган табигый шарттарында 24—25 сантиметр тереңдикке чейин нымдуулукка каныктырып туруп жерди айдоо сунуш кылынат. Себеби, нымдуулук жетиштүү тереңдикке жетпесе, топурак тез кургап, үрөн жер үстүнө бир мезгилде текши өсүп чыкпайт. Өз кезегинде кийинки биологиялык өсүү процесстерин да кечеңдетет. Ошол үчүн кийинки мезгилде тракторист жер айдоого киришкенде агрономдун жардамы менен сугатчы сугарган аянтынын нымдуулугун текшерет. Ал эми сугатчы болсо трактористтин сокосунун жерге тийиштүү тереңдикке чөгөрүлүшүнө көз салып турат. Нымдуулук жетиштүү болсо гана жерди иштетүүгө сарпталган чыгымдар кайтарып берерин айылдык дыйкандар да, механизаторлор да жакшы түшүнүшөт. Жерде ным жетишсиз жана ал тайыз айдалса, андан көңүлгө толорлук жыйынтыкты күтүүгө болбойт. Жердин азыктандырылышына жумшалган минералдык семирткичтерди куюндуу шамалдар учуруп кетет, натыйжада ал топуракка сезилерлик таасир бербей да калат.

— Азыркы илимий-техникалык прогресстин шарттарында тракторист техниканы гана иштетүүнү эмес, бардык агрономиялык чараларды: айдоонун, себүүнүн, азыктандыруунун жана сугаруунун талаптарын так билүү керек,— дейт механизатор Салкын Эсентаева трактористтин жоопкерчилиги тууралуу кыскача баяндамасында. Жеке жоопкерчиликти көтөрүү жана сезе билүү үчүн 1971-жылдан тартып өзүм айдаган жерге үрөндү да өзүм септим. Акыркы натыйжа ушундай болду. Чарба боюнча ошол жылы ар гектардан 30 центнерден түшүм алынса, мен айдаган аянт-

тан 36 центнерден дан бастырылды. Ошондон кийин гана жерге адал мээнет жумшасаң, ал дыйкандын акыбетин экиүч эселеп кайтарарына терең ынанып, эмгекке болгон кызыгуум мурдагыдан да артыла берди. Кийинки жылы мен иштеткен айдоо талаасынын ар гектарынан алынган түшүм 37 центнерди түздү же чарба боюнча көрсөткүчтөн 5 центнерге ашып түштү.

Адамдын адал таман-акы маңдай тери too айылынын намыска бек тракторист кызынын аты-жөнүн көккө көкөлөтүп, урмат-сыйга бөлөдү. Ошол жылы СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен анын көкүрөгүнө Эмгек Кызыл Туу ордени тагылды. Бул анын өмүрүндөгү биринчи жолу алган өкмөттүк жогорку сыйлыгы эле.

Учурдун талабы боюнча күн тартибине дандык арпанын жана көп жылдык чөптүн түшүмдүүлүгүн мурдагыдан да жогорулатуу милдети коюлду. Бул үчүн жерди мындан да мыкты асылдандыруу керек. Кезектеги партиялык чогулушта мына ушул маселе талкууланды. Жарыш сөзгө чыгып, пикирин айткан коммунисттердин сөздөрүндө баягы эле талапты күчөтүү, дыйканчылыктын маданиятын көтөрүү, адамдарга камкордук көрүүнү жакшыртуу сыяктуу жалпыланган сөздөр айтылып өттү. Кезектеги сөзду тракторист Салкын Эсентаева алып, төмөнкүдөй пикирлерди ортого салды:

— Айыл чарба өсүмдүктөрүнөн мол түшүм алуу үчүн эң оболу жерди асылдандыруу керек деген пикирге мен да кошуламын. Бирок кантип асылдандыруу керек? Мына ушул жөнүндө конкреттүү ой-пикир айтылган жок. Менин кесибим тракторист, ошентсе да өзүмдү дыйкан катары сеземин. Анткени механизатордун тагдыры менен максаты жерге байланышкан. Биздин жергиликтүү шартта жерди асылдандыруунун эң ыңгайлуу жана эң арзан эки жолу бар: ным топтоону сапаттуу жүргүзүү үчүн күздөн тартып жерди тоңдурмалоого камкордукту күчөтүү жана органикалык семирткичтерди жетиштүү топтоону ишке ашыруу керек. Биз мындай чараларды көрүп деле жатабыз, бирок

анын натыйжалуулугу канааттандырарлык эмес. Ар бир сезондуу өнөктүк жумушка жабыла чыкканыбыз менен анын аткарылышына туш келди мамиле жасайбыз. Мындай практика талапка жооп бербейт окшойт. Жеке жоопкерчиликти күчөтүү зарыл. Бул үчүн органикалык семирткичтерди топтоо үчүн атайын эки бригада түзүп, алардын ортосундагы атаандаштыктын сезимин жогорулатууга таасир берүүчү социалисттик мелдештин шарттары иштелип чыгышы тийиш. Талааларга топтолгон кык аянттарга текши чачылып, анан анын артынан сууну жайып тондурмалап алса, ал бороон-чапкындын эпкинине учуп коромжуга учурабастан топурак менен нымдалышып муз алдында толук сапаттуулукта сакталат. Мунун өзү жазында жердин музу эрип, кыртыштагы тонголок жумшарар менен айдап себүү жумуштарын кыска мөөнөттө жүргүзүүгө шарт түзөт.

Коммунисттер Салкындын айткан пикирин туура дешип, бир ооздон колдошту. Ошондон кийин сугатка бай тажрыйбага ээ болгон адамдар тартылып, алардын өндүрүмдүү эмгектенишине камкордук көрүлдү. Мелдештин талаптарына ылайык сугаруунун нормасын ашыгы менен аткарышкан, ишти сапаттуу жүргүзүшкөн сугатчыларга акчалай жана баалуу сыйлыктар ар бир беш күндө иштеп жатышкан талаа үстүндө берилип турду. Айрыкча кык топтоочу бригадалардын ортосундагы мелдеш күндөн күнгө күч алды. Кык ташуунун нормасын ашыра аткарышкан механизаторлорго акчалай сыйлыктар күн сайын берилип, иштин жыйынтыгы көрсөткүч тактага жазылды. Эми чиркегичти чиркештирген трактористтер эмес, ички жана алыскы кыштоолорго тоют тартып барышкан шофёрлор да автомашинаны калдыратып кур айдап келишпей бортуна кык жүктөп, жакадагы айдоо талааларга төгүп жатышты.

Салкын өзүнө бекитилген ДТ-54 үлгүсүндөгү трактору менен сезондо 280 гектар аянтка үрөн септи. Өнөктүктү кыска мөөнөттө жана жогорку тактыкта жүргүзүү үчүн келин түн ортосуна чейин айдоодо иштеген учурлары болду. Мунун себеби, үрөндү жердин нымы кургай электе се-

бүгүн камсыздоо эле. Башка механизаторлор деле уйкуга канып болушуп техниканын рулунда отурушса, аялмын дегенсип тракторду токтотуп Салкын уктап калмак беле? Буга коммунисттик сезими да жол бермек эмес. Анын үстүнө механизаторлор ага ишенишип, ушундай жоопкерчиликти тагын отурушканын ал да жакшы түшүнөт.

Күзгү жыйымда дыйкандар менен механизаторлордун түйшүктүү эмгегинин жыйынтыгы чыгарылды. Салкын үрөн сепкен талаанын ар гектарынан 45 центнерден дан басырылды. Чарба боюнча көрсөткүч кубанычтуу болду, 1550 гектар аянттын ар гектарынан 43 центнерден дан жыйналды, бул райондогу эң жогорку рекорддук чек эле. Жылдын акырында социалисттик мелдештин жыйынтыгы чыгарылып, Салкын Эсентаева анын жеңүүчүлөрүнүн бири болду. Айыл чарбасынын көптөгөн алдыңкылары мекендин жогорку сыйлыгына көрсөтүлдү. Салкындын трактору менен алпурушуп, too, талаада эмгектенген түйшүктүү өмүр күндөрү да унутулган жок, анын көкүрөгүнө Ленин ордени тагылды. Өкмөттүк бул жогорку сыйлык анын кайратына кайрат кошуп, андан аркы жаңы максаттарга үндөдү. Алдыда ишке ашырыла турган мындан да залкар милдеттер, асыл максаттар кол булгап күтүп турган эле.

Эмгек менен камырдай жуурулушкан Салкындын жаштык жылдары аны көп нерсеге шыктандырды. «Айылда жашасаң — техниканы башкара бил» деген партиянын ураанына шыктанып, механизатордук кесипти үйрөнүү боюнча республиканын кыз-келиндерине үндөө менен кайрылды. Бул демилге көптөгөн колхоздор менен совхоздордо эмгектенишкен кыз-келиндер тарабынан кызуу колдоого алынды. Бир-эки жыл өтпөй райондун ар бир чарбасында экиүчтөн аял механизацияда иштешип, айрымдары тракторлун рулуна отурушту. Салкын эмгектенген айылда ошол жылы ондон ашуун келин трактористтин курсуна киришип, бир жылдан кийин «болот тулпарды» тизгиндеп башкарып калышты. Мына эмгекти сүйгөн намыстуу кыздын кыскача

өмүр жолу. Бирок өмүрдүн чыйыры бүтүп калган жок, ал андан аркы мейкиндиктерге улана берди.

Шахдар Исманкулова да эселек бала чагынан техниканы жакшы көрө турган. Сегизинчини бүтөр менен айылдык кесипчилик-техникалык окуу жайына киргиси келди. Сөз башпактатып ата-энесине айтып көрсө, кызынын оюн жактырышкан жок. Атасы онунчуну бүткөндөн кийин байкаштырып көрчү деген оюн айтты. Ал онунчуну да аяктады. Сүйлөшүп жүргөн механизатор жигитке турмушка чыкты. Бирок күйөөгө чыктым деп жоолукту каш-кабагы көрүнбөгөнчө байлабай, артка тыкан байлап өнөктүк мезгилдерде күйөөсү менен бирге эмгектенди, эгин себүүдө үрөндүн түшүмүн көзөмөлгө алып сеялкада турду, тоют даярдоо мезгилинде прессподборщикте иштеди. Ошентип, эки-үч жыл байкалбастан көз ачып жумганча өтүп кетти. Бул аралыкта бала төрөдү, жыл маалына жетелекте мехпарктагы жумуштарга кайрадан аралашты. Өнөктүк учурунда күйөөсүнө жардамчы болуп, кээде трактор менен жер айдады, үрөн да септи. Бул туурасында айылдаштары ар кандай сөздөрдү айтып, аны мазактап да жүрүштү.

— Аялыңды өзүң менен бирге тракторго кошо ала жүргөнүң кандай? Үй тиричилик деген болбойбу, силерде, Жума? Же бир аның тракторист болбосо? — деди күндөрдүн биринде механизатор курбусунун бири.

— И-и, мунун эмнеси өөн экен. «Ичиң күйсө туз жала» болуп, биздин бирге иштегенибизге ичиң ачышып жатабы? Биз деген үй-тиричилигин түндөсүн иретке келтирип коёбуз. Кышында чарбада башка жумуш болбогон соң, арачолодо мага жардамдашсын деп жаныма бирге ала жүрөм. Мен чарчаганда трактордун рулуна отурат. Ошол үчүн керек учурда биз эки сменден иштеп жүрбөйбүзбү? Үйдө калган сенин аялың кечке эмне иш бүтүрөт? Көп болсо экинандыр нан бышырып, кир жууп, үй тазалап коёр. Ага көнүп алган аял кийин өмүр бою кара казандын айланасынан чыкпай калат. Үй тиричилигин, бала баккандын шылтоолоп кийин жалкоолукка берилип, мойнуңа да минип алат. Кээ-

де эмнеге акчаны көп таппайсың деп жемелеши да мүмкүн. Ал эми түйшүктөнүп эмгектенген аял акчанын табылышы кыйын жана оор экенин жакшы билет. Эң башкысы аял коллективге аралашып, курулай намыскөйлүккө эмес, жупунулукка үйрөнөт.— Жуманын мындай жооптору кесиптеш курбусун терең ойго салды.

— Сөзүңдө калет жок, Жума. Мугалим болсоң мыкты тарбиячы катарында элге көрүнмөк экенсиң. Мага мугалим болбогонуң аянычтуу — деп, ал курбусу өкүнгөнсүп сүйлөдү.

— Ээ, Асаке, биз баарыбыз үй-бүлөнү тарбиялоонун тарбиячысы болууга тийишпиз. Жаш кезибизде турмуштагы жакшы нерселерди үйрөнбөсөк, улгайганда көп нерседен кечигип калабыз, көздөгөн ой-тилек ишке ашпашы ыктымал.

— Көздөгөн тилек деп жүрүп, кара майга да колду майладык. Тим эле төбөбүз булутка жеткенсип, трактордун рулуна отурганга сыймыктанып да жүрдүк го. Көрсө, тракторду эркек эмес аял деле башкарат тура. Фрунзенин циркинде аюу менен маймыл да мотоцикл минип, манежде зуулдатып айдаганын көрсөң жаныңдан түңүлөсүң. Жуманын курдашынын ушул сөздөрү күйөөсүнүн жанында жүргөн Шахдарды намыстандырып жибердиби, кыйытып миитти:

— Жулкунтуп «Волга» минген начальник болгуң келсе, окуп-чогуп, көк дипломго ээ болушуң керек. Анте албайсыңбы, «жылкыңа ченеп ышкыр» болуп, тагдыр өз маңдай теримден, ушул түйшүктүү кара жумуштан берсин деп, механизатордук кесибиңе сыймыктанып жүрө бергениң дурус. Сен жанагы айылдагы бир аз байлыгына, кызмат даражасына чиренишкен «жел өпкөлөрдүн» сөзүн уккан окшобойсуңбу. Алардын айтып жүргөн сөздөрүнүн мазмуну мындай: трактор менен автомобилди акыл-эси тайкыраак, келечектен үмүтү жок адамдар башкарат, аларга күн өтүп маяна алса кубанычы ошол дешет. Шахдардын бул айткан кеби Жуманын курдашынын оозун жап токтотту.

Кийинки күндөрдө Жуманын аялы эч кандай техниканы башкарууга күбөлүк кагазы жок эле күйөөсү менен тракторго түшүп жүрсө деле эмгек акы ала береби? — деген бүдөмүк кептер да айтылып жүрдү. «Жел жүрбөсө, камыштын башы кыймылдабайт» эмеспи. Айтылып жүргөн мындай сөздөрдүн анча-мынча чындыгы да бар эле. Кош айдоо, үрөн себүү жана көп жылдык чөптөрдү чаап-жыйноо сыяктуу өнөктүк мезгилдерде алп техниканын рулунда сегиз-тогуз саат бою отурган механизатор чаалыгып чарчайт да. Мына ошондой учурда бир-эки саатка Жуманын сменасын аялы алмаштыра койчу. Аны бригадир, сугатчылар, башка механизаторлор деле көрүшчү. Ошол үчүн бригадир эсептин так жүргөнүнө жакшы деп Шахдардын аткарган ишинин көлөмүн өзүнчө эсептеп, анын эмгек акысын өзүнө жазып берчү. Буга караганда мунун эч кандай деле өөнү жок. А түгүл өнөктүк учурда механизаторго жардамчынын болушу да зарыл. Бирок эки сменди мындай кой, бир сменге механизатор жетпеген соң ар бир трактористке бирден жардамчыны табуу да мүмкүн эмес эле. Учурунда бир жыйналышта башкы инженер да минтип айткан: «Колуңардан келсе Жумача аялыңарды трактор башкарууга үйрөтүп, өзүңөргө жардамчы даярдап алгыла, биз аны кубаттайбыз. Кийин биз бир аз гана курстан өткөрүп, күбөлүк алуу үчүн экзаменге даярдайбыз. Бул биз үчүн да жеңил». Башкы инженердин ошол сөзүнөн кийин Шахдар жөнүндө эч ким сөз да козгобой калды.

Чынар талдай солкулдаган жаш келин өмүр бою күйөөсүнө жардамчы болуп жүрө бермек беле? Анын ойлогон ою андан аркы бийиктикте эле. «Ооба, Жума өзүнүн турмуштагы таалай чыйырын таап алган, ал тракторун менден да жакшы көрөт, чиркин. Капилеттен тракторго чиркелген сокосунун бир кыры ташка урунса, жүрөгүнө тикен сайылгандай тык токтоп карай калат. Кокусунан үнү өзгөрүп бузугу билинсе, анын себебин таап өз ордуна келтирбесе, үйгө да кайтпайт. Бул анын кесибин сүйгөндүгү, өз ишине берилгендиги. Менин да тагдыр жолум механизатордук кесипке бай-

лапчудай болуп калды. Мен мындан башка максатты да көздөбөйм. Күйөөм, балдарым бар, үй оокатыбыз өзүбүзгө жетишет. Жалгыз менин жекече турмушума жетишпеген нерсе — бир беткей ишим, атайын кесибим жок. Механизатор айылдагы — башкы фигура деп партия менен өкмөтүбүз жаштарга кайрылып жатканда, ага комсомолдун мүчөсү катары практикалык иш менен жооп берүүгө тийишмин. Качанкыга чейин чарбанын ар кайсы өндүрүшүндө иштей бермекмин? Сугат, чөп чабуу, тоют цехинде саман майдалоо, жазында сакманчы, өнөктүк мезгилде Жумага жардамчы... Айла кетсе жем түшүрөсүң деп кампага да чакырып кетишет. Кантмексиң, бардыгы мамлекеттик, элдик иш, андан баш тарта да албайсың. Чаржайыт жумуштарда иштеп жүргөндө же ишиң эле көзгө көрүнсөчү? Анан дагы белгиленген норма аткарылган жок деп бригадир, учетчиктин наалып жемелегенчи. Адам жекече жоопкерчилигин сезбесе, ишке жүр-пары мамиле жасап шардан менен делелиштеп жүрө берет экен. Бир күнү Жуманы да уятка калтырышым мүмкүн. Ошол үчүн өз алдымча жол табуунун чарасын ойлонуштуруп көрдүм. Акыры ал жол да табылчудай. Буга Жума каршы эмес, кайра кош колдоп кубаттоочудай. Бир гана кайын энемдин оюн угушум керек, ансыз максат ишке ашпайт. «Баламдын арты эмчекте эмеспи. Кайын энемдин кол кабышы, жардамы тийбесе менин тилегимдин ишке ашышы кыйын» деп ичинен терең ойго батат.

Мезгил көрүнбөс канаттарын каккылап, камчылары менен камчыланып өтүп жатты. Эртең биринчи сентябрь дегенде гана Шахдар кайын энеси менен кең-кесири сүйлөшүп, жүрөктөгү көптөн көксөгөн ой-максатын да ортого төгүп салды.

— Оо, Шакин, эмне үчүн мындай оюңду эчактан мага эскертпедиң, сен эгиздеп төрөсөң да мен балдарыңды тумшуктууга чокуттурбай, канаттууга кактырбай багууга күчүм да, эрким да жетет. Менин сага тынчсызданганым ушул — оюңдо сен каяктан окумаксың? — деди кайненеси.

— Тигил суунун аркы өйүзүндөгү «Кочкор» совхозунун

борборунун беркн четинде ар кандай кесиптеги кадрларды даярдоочу атайын окуу жайы бар. Механизатордук кадрлар мына ушул окуу жайында даярдалат.

— Мен окуганыңа каршы эмесмин. А окуу дегениң таң эртен менен башталат, ошого кантип барып жетишип, кайра кантип үйгө келмексиң? — деди кайын эне келинине тынчсызданып.

— Э-эй, апа, ушу да кеп бекен? Арасы беш чакырымча жер экен, бир саат эрте ойгонсом баарына жетишем. Көп болсо чабандар күндө басуучу жолдун бештен бирин басармын.

Улгайган апа келининин сүттөй аппак оюн отко ыргыткан жок. Кайра кубаттап: «Эми намыска бекем тур» деп демөөр болуп, келининин тилегине кошулду.

Жер өз огунда айланып, күндөр айга толуп зымырай берди. Таң супа салаар менен ойгонгон келин жолго чыгат, кайра кеч бешимге жакын үйгө кайтып, бир аз үй тиричилигин иретке келтирип, теориялык сабактарын кайталап, түшүнбөгөнүн күйөөсүнөн сурайт. «Тракторду акылы тайкы адам деле айдай берет» деген кепке Шахдар эми ишенбей калды.

Бир эле карбюраторун ажыратсаң, өзүнчө аты бар отузга жакын бөлүк-түйүндөн тургандан кийин мотордун ичиндеги татаал механизмдин түзүлүшүн айтпай эле кой. Аларды чаташтырбай ажыратып жана жыйноо үчүн баштын башы, акылдын акылы керектигин Шахдар окуунун жүрүшүндө баамдап койду. Ырас, жөнгө салынган техниканы башкаруу оңойго турган менен бузулса, сынса койдун ичеги-кардын арткандай анын түйүндөрүн сууруп, жараксызын чубап жаңысын коюп калыбына келтирүү өтө кыйын экендиги ага алгачкы күндөн баштап эле сезилди. Ушул окууга бекерге келбегендигине өзү да кубанып жүрдү. Күз айларынын анчалык суук эмес таңдарында жылуу төшөктөн ойгонуу жеңилирээк эле. Кырчылдаган ызгаардуу кыштын таңында эрте туруп жолго чыгуунун ар бир учуру кыйынга турду.

«Обу жоктонуп окуйм деп баягынын келини окуй албай үйүнө үңкүйүп отуруп калыптыр деген сөзгө калбасам экен. Анда өзүмдү гана эмес, күйөөмдү да уятка калтырам го». Шахдар ушундай жагдайларды ойлогондо белди мындан да бекем бууп, түйшүгүн эч кимге билгизбей окуусун үзгүлтүккө учуратпай уланта берди. Механизатордук курста окуп жатам деп активдерге деле айткан жок. Жыл жыйынтыгы аяктаган күндөрүндө кимдин кимге иши болмок. Мындайда эркектер да солоктоп бош жүрүп калат.

Көктөмдүн башталышында жазгы даярдык жөнүндө маселе каралып жатканда механизаторлордун тизмеси такталат. Сөздөн сөз чыгып отуруп, Шахдар кесипчилик-техникалык окуу жайында окуп жатыптыр деген кабар чарбанын директоруна угулат. Бул жөнүндө эмне жетекчилерге билдирип койбодуң деп директор келиндин күйөөсүнө сөз салат.

— Институтта окуп жаткансып анын эмнесин жар салмакмын. Таңдан турат да жөө басып шаша жөнөйт, кеч бешимде үйгө келет. Убара тарткан өзү, окуй берсин деп мен да жайына койдум.— Жуманын сөзүн директор жактыра бербегендей кабыл алды көрүнөт.

— Силер эмне үчүн укпай-билбей жүрдүңөр? — деп башкы инженер менен механикке да капалуу сүйлөдү.

— Билгенде не демекпиз? Кыш күндөрүндө чарбалык жумуштар аз эмеспи, окуй берсин, бүтүп келсе бир тракторду ыйгарабыз да.— Башкы инженер башын буруп ушинтти.

— Механизатор жетишпейт,— деп ар кандай жыйындарда кабырганы кайыштырып кыйкырып келебиз. Ал эми жан-дили менен механизатор болууга дилгирленген адамдарга салкын көз менен карасак мыкты трактористти, комбайнёрду кантип топтойбуз. Эртеңден баштап дежурга коюлган машина Шахдарды окуй турган жерине жеткирип, сабагы бүткөн кезде кайра барып алып келүүнү камсыздайсың, жолдош башкы инженер. Окуган мезгилден бери чарба тарабынан стипендия катарында акча төлөтүп бер-

гин, андан башка материалдык жардам көрсөтүүнү байкаштыргын! Эмчектен жаңы чыккан жаш баласына карабай окуп жүрсө.— Буга кандай дегенсип директор башкы инженерге да, башкы бухгалтерге да карап койду.— Алар да бардыгы жайында болот,— дешип ишенимдүү жооп беришти. Эки айдан кийин окуусун бүтүп Шахдар чарбасын мехпаркындагы жумуштарга аралашты, бир аз күн тракторду ремонттоо ишине катышты. Кош айдоо мезгилинде ага дөңгөлөктүү трактор бекитилип, сезондун акырына чейин үрөн септи. Ошентип, ал өз алдынча трактордун рулуна отуруп жеке жоопкерчиликке таандык тапшырмаларды ала баштады. Жаны менен берилип механизатордук курсту жакшы өздөштүргөндүктөнбү, келин тракторум бузулду, жардам берип койгун деп тажрыйбалуу адамдарга эмес, эми күйөөсүнө да кайрылбай калды. Мына ошондон бери арадан чейрек кылымга жакын мезгил өттү. Ал узак жылдар бою ЮМЗ-6 үлгүсүндөгү тракторду башкарып, жылына орточо 900—1000 эталон гектар жердин жумушун аткарып, дайыма алдыңкы орундардын бирин ээлеп келе жатат.

Бирок ошол кезде чарбада аялдардын ичинен биринчилерден болуп трактордун рулуна Салкын Эсентаева отуруп калган. Ал да аялдык намысына бекем туруп, айылдык кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүрүп, механизатордук адистикке ээ болуп чыга келди. Бул келин да ишине ак ниеттүү мамиле жасагандыгы үчүн тез эле эл оозуна алына баштады. Арадан беш жыл өтпөй эле анын ысмы кыйла жерге таанымал болду. Эмгек жолун баштаган анчейин көп эмес аралыктын ичинде Салкын коомдук иштерге активдүү катышып, көпчүлүккө таанылды. Партиянын Нарын областтык комитетинин, партиянын Кочкор райондук комитетинин мүчөлүгүнө, райондук Советтин депутаттыгына бир нече жолу шайланган. Коммунисттик эмгектин ударниги — деген ардактуу наамды да жеңип алган. Механизатор келин өнөктүк жумуштар болгон — жер айдоо, үрөн себүү, түшүм чаап-жыйноо милдеттерин гана аткарбастан, талааларга семирткич чачуу, мал кыштоолоруна тоют ташуу иштерин да

аткарат. Тракторист келиндин аткарган ишинин көлөмү эркектердикинен кем калышкан. жок. Анын орточо бир жылдык эле аткарган жумушунун жыйынтыгын мисалга алалычы. Ал жылына орточо миң тоннадан ашуун тоют даярдайт, эки миң тоннага жакын чөп, жемди кыштоолорго жеткирет. Жүз элүү гектарга жер айдайт же үч жүз гектардай аянтка үрөндүк өсүмдүктөрдү себет. Мындан тышкары эки жүз гектардай айдоо жерди жумшартат.

Шахдар менен Салкындын механизатордук эмгек жолу көптөгөн айыл жаштарына өрнөк болду. Арадан анчейин көп убакыт өтпөй эле дагы онго жакын кыз-келин кесипчилик техникалык окуу жайынын механизатордук курсунан окуй баштады. Алар да улуу эжелеринин жолун жолдоп, бир жылдан кийин эле болот тулпардын ээрине турушту. Булар да механизатор кыздардын намысына сөз тийгизбөө үчүн шымаланып эркектерче комбинзонду кийишти, узун чачтарын желкеге бекем түйүп, аны бир байлам кызыл жоолук менен бууп алышты. Алардын катарында Гүлсина Дүйшөналиева, Мээрбүбү Өмүрова, Асанбүбү Байчороева, Токон Канатова жана башкалар бар эле.

Бүгүнкү күндө Кочкор районунун «Теңдик» совхозунда кыз-келиндерден түзүлгөн механизаторлордун «Кызыл жоолукчандар» деген бригадасы түзүлүп, анын составында он бешке жакын адам үзүрлүү эмгектенип жатышат. Бригаданы Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты Гүлсина Дүйшөналиева жетектейт.

Кочкор кыштагынын батыш тарабында жайгашкан мелмилдеген мейкин талаада чарбанын эки миң гектардай эгин жана көп жылдык чөп айдалуучу айдоо аянттары жайгашкан. Алыскы Кара-Кужур кыштоосунда да бир жылдык тоюттук өсүмдүк эгилүүчү айдоо жери бар. Жылдын кайсы мезгилинде барсаң да чарбанын айдоо талааларынан, мал кыштоолоруна кетүүчү жолдордон чиркегичин сүйрөткөн дөңгөлөктүү тракторлорду учуратасың. Мейли кыш, мейли жай болсун анын кабинасынан башына кызыл жоолук салынган келинди көрөсүң. Кызыл жоолук — алардын сый-

мыктуу эмблемасы. Бул кыз-келиндердин «Кызыл жоолукчандар» бригадасынын наамына сөз тийгизбей урматтагандыктын белгиси. Алардын бардыгы өздөрүн бактылуу сезишет. Ар биринин эмгек табелин карап көрсөң чарбанын экономикалык өсүшүнө баалуу салымын кошкондугу байкалып турат. Жыл сайын ар бир келиндин орточо 900 эталон гектар өлчөмүндөгү жумушту аткарышы чарба үчүн чоң салым. Коммунисттердин сунушу боюнча совхоздун дирекциясы жана партиялык комитети дөңгөлөктүү тракторлорду аял механизаторлорго бекитип койгон. Мунун себеби, аялдардын социалисттик менчикти сактоого карата ак ниеттүү мамилеси, ар кандай тартип бузууларга жол бербестиги, ичимдикти такыр пайдаланбагандыгы эске алынган.

Адал эмгек гана адамдын өмүр жолуна бакыт чачып турарын «Кызыл жоолукчандар» бригадасындагы келиндердин адресине айтылган көптөгөн алкыштардан, аларга көрүлгөн урмат-сыйлардан эле байкоого болот.

Алсак, Гүлсина Дүйшөналиева механизацияда эмгектенгон он беш жылдан ашуун мезгилдин ичинде трактористтик кесипти мыктылап өздөштүрүп, Паша Ангелина атындагы сыйлыктын ээси. Республиканын Жогорку Советинин депутаты болуу менен көптөгөн коомдук иштерге активдүү катышат. Анын күйөөсү Асанбай да тажрыйбалуу механизатор. Эмгекте бири-бирине эриш-аркак жубайлар бир нече уул-кызды өстүрүп, аларды эмгекти сүйүүгө тарбиялап жатышат.

Механизатор Асанбүбү Байчороева да алты баланын энеси. Өндүрүштөгү үлгүлүү эмгектик көрсөткүчү үчүн Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган. КПССтин мүчөсү.

«Кызыл жоолукчандар» бригадасынын данкын чыгарууда, өзгөчө Шахдардын эмгеги баа жеткис. 1972-жылы механизатордук кесипти үйрөтүү боюнча республиканын кыз-келиндерине карата Салкын Эсентаеванын үндөөсүн биринчилерден болуп кубаттап, бул өнөрдү өздөштүрүүгө өзүнүн курбуларын тартууга чакырган. Шахдардын келечектүү ишкирине Мээрбүбү Өмүрова, Токон Канатова, Асанбүбү Бай-

чороева дароо эле кошулуп, бир мезгилде трактористтин курсуна киришкен. Бүгүн алар турмушка жол көрсөткөн биздин насаатчыбыз Шахдар деп сыймыктануу менен айтышат.

«Кызыл жоолукчандар» бригадасынын белсемдүү мүчөсү Шахдар да өкмөттүк сыйлыктардан куру эмес. Элдердин Достугу орденинин кавалери. Кыргызстан Компартиясынын XVIII съездинин алдында анын көкүрөгүнө «Ардак белгиси» ордени тагылды. Ал съездге делегат болуп катышты. КПССтин XXVII съездине делегат болуп катышышы Шахдар үчүн өмүрүндөгү унутулгус окуялардын бири эле. Он баланы төрөп өстүргөн Баатыр эне партиянын жогорку форумуна кур кол барган жок. Ал он биринчи беш жылдыкта 11 миң эталон гектар жумуш аткарды. 1985-жылы гана комбайн менен 465 тонна эгин бастырды, 511 килограмм күйүүчү майды, 223 сомдук запастык бөлүктөрдү үнөмдөдү. Ал эмгектенген бригада бригадалык подрядга өттү. Улуу уулу Марат ата-энесинин жолун жолдоп трактордун рулуна отурганына беш жылга кадам карады. Шахдар механизатордук курска жаңыдан катышып жүргөн кезде там-туң басып жүргөн Сейитказысы да айылдык кесипчилик-техникалык окуу жайынын трактористтик курсунда окуп жатат. Буга караганда келечекте бир үй-бүлөдөн чыккан механизаторлордун өзүнчө жаңы династиясы пайда боло тургандыгы сезилип калды.

Алдыда он экинчи беш жылдыктын залкар милдеттери турат. Чарбанын эмгекчилери дыйканчылыктын маданиятын кескин жакшыртып, эгиндин, тоюттук өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн сан жана сапаттык жактан арттырууда механизаторлорго чоң жоопкерчилик таандык. Алар айыл чарбасынын бул тармагын мындан дагы өркүндөтүүгө карата өздөрүнүн чыгармачылык күчүн, изденүүчүлүк жөндөмдүүлүгүн жумшоодо. Буга партиянын кезектеги съездине катышкан Шахдар Исманкулованын коомдук ишке болгон көз карашын эле мисалга алалычы.

КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары

жолдош М. С. Горбачевдун партиянын XXVII съездине жасаган докладында жана аны талкуулоого катышып, жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөн коммунисттердин сөздөрүндө белгиленген талаптар жумушчудан министрге чейин тиешелүү экендиги ачык айтылды. Тартип жана иштп иреттеп жөнгө салуучулук биринчи планга коюлду. Коммунисттердин жогорку форумунда козголгон партиянын стратегиялык багыттары Шахдарга да чоң таасир тийгизди. Жоопкерчилик жана талап коюучулук болбосо, анда кайра куруунун милдетин чечүүнүн мүмкүн эместигин кесиптештерине ал съезден кайтып келгенден кийин кең-кесири айтып берди.

Мезгилдин минуталары канаттуу куштай зыпылдап өткөн сайын ал адамдардын чекелерине билинбеген бырыштарды салып, улгаюу курагынын тийиштүү баскычтарын энчилей берет. Мына, кечээ эле 22—25 курактарында жигиттерден тизгин талашып, трактордун рулуна олтурушкан Салкын Эсентаева, Гүлсина Дүйшөналиева, Шахдар Исманкулова бүгүн кырктан ашып, асты элүүлөргө чамалап калды. Бирок эмгектин эң кыйын участкаларында жүрүшкөн бул коммунист келиндер келбеттери баягыдай эле кызылы кызылындай, агы агындай болуп, бир тал чачында буурулу жок жапжаш бойдон эмгек казаны кайнаган айыл жеринде бактылуу өмүр сүрүп жатышат.

Көрсө, жаңыны жаратуучу машакаттуу эмгектин түйшүгү намыска бек тоо кыздарынын ысык-суукка тотуккан кара тору жүздөрүнө анчалык деле улгайтуучу издерин салалбайт тура.

— Тартип бүгүнкү күндүн башкы урааны. Кайра куруунун шарттарында темирдей бекем тартип болбосо иштин сапатын көтөрүү мүмкүн эмес,— дейт тракторист Шахдар Исманкулова механизаторлордун эмгектик ийгиликтери жөнүндө айтып жаткан кыскача баяндамасында.

Намыска бек келиндердин өмүр жолу райондун көптөгөн чарбаларынын механизатор жаштарына үлгү. Алар он экинчи беш жылдыктын милдеттеринин аткарылышына да өздөрүнүн баалуу салымдарын кошушуна чоң ишеним бар.

## ГҮЛКАЙЫР ГҮЛҮН АЧКАН КӨКТӨМДӨР

Көңүл сырын көккө чейин серпилткен көктөмдүн гүл жыттуу таңдарын кимдер сүйбөйт. Аяк-башы көз талдырган тилке-тилке айдоо талаалар, ар кайсы жердеги дүпүйгөн бак-дарактар жаз айында жашыл көйнөк кийип үлпөткө бөлөнгөн кыздай болуп өзгөчө бир кереметтүү сулуулукка бөлөнгөн. Ак кайың, терек, чынар талдын бутактарынын арасынан булбул сайраса, көк асманда канаттарын кере жайып ак кептерлер ойкуп-кайкып учуп жүрүшөт. Тээ алыста ак карлуу аскалуу тоолордун чокулары гана көзгө урунат. Жаратылыштын ушундай сулуулугуна суктана караган Лайли айылдын четиндеги дөңсөөдө жашыл түздүктөрдү ойлуу тиктейт. Ал оң колуна биология китебин кармаган, башындагы бир байлам жашыл жоолугунун учтары сыдырым соккон жаздын эрке желине билинер-билинбес болуп желбиреп турду. Кыздын ой-сезимин аппак сүттөй максатка жетелеген тентек кыялдар бийлеп алган.

Онунчу классты жаңыдан бүткөн айыл кызынын мындан аркы тагдыр жолу эмне болот? «Кызга окуу жарашпайт, ал күйөөгө чыгып казан-аяктын кашында айланып, бала багып үйдөн алыс чыкпаш керек» деген эски көз-караштагы адамдардын кебин укканда терең санаага чөмүлө да түшөт. Бирок кызга мектепте он жыл бою билим берип тарбиялаган эжейлер менен агайларынын жалындуу акыл-насааттары канат бүтүрүп, аны эңсеген үмүткө чакырып жаткансыды.

Кыз кыялынын күлүктүгү ай. Айыл четиндеги дөңсөөдө таттуу ойлорго термелген кара тору, узун бойлуу кыздын көңүлүнө көптөн бери дегдеген бир үмүт оролду да, аны ошонун туткунунан чыгарбай жүрөгүн жай алдырбады. Акыры ал ушундай чечимге келди: Саадат Ногоева баштаган жүздөгөн оштук кыздар механизатордук татаал кесипти өздөштүрүп, комбайндын, трактордун рулун башкарып жүрүшкөндөрү чыныгы эрдик эмеспи. Менин алардан эмнем кем? Жогорку окуу жайына кирүүгө шашылуунун эч

кажети жок. Мен да механизатордук кесипти жандай сүйүп жүрөм. Ойлогон максатка жетпеген адам адамбы? Алты саным аман турганда көксөгөн тилекке жетпей калышым, ал менин канат, куйругу жок кушка окшогон чабалдыгым. ВЛКСМдин мүчөсү болуп туруп, алдыңкы жаштардын катарынан артта калганым мен үчүн уят. Анын үстүнө бир нече жыл бою мен окуган класста комсомолдук уюмдун секретарынын милдетин аткардым, өздүк-көркөм чыгармачылыгынын конкурстарында дайыма байгелүү орундардын бири мага энчиленет. Онунчуну да жалаң төрт-беш деген баалар менен аяктадым. Өсүп-өнгөн тууган жерге жакын жайгашкан № 59 айылдык кесипчилик-техникалык окуу жайынын механизатордук курсун окуп, тракторду башкарсам, элге-журтка да кадырлуу болорумда шек жок. Кыз оюн топтоп бир чечимге келгенден кийин гана жапыз дөңсөөдөн үйүн карай толкундапып жөнөдү.

Кыз үйүнө элүү метрче калганда:

— Лайли! — деген тааныш эркектин үнү чыкты. Ал Сапарбай Багышевдин үнү эле.

— Саламатсызбы, Лайли! — Кечирип коюңуз, сизге саламдашып, ден соолугуңузду сурап коёюн дедим.

— Саламатчылык, Сапарбай аке! Эсенчилигимди сураганына чоң ыракмат. Онунчуну бүтүп алып, мындан ары турмуштан кандай жолду тандарымды билбей кыялга белден баттым. Акыры ушундай чечимге келдим Сапарбай аке, буга сиз кандай дейсиз, ыя?

— Кана айтчы, максатыңызга мен да ортоктош болоюн.

— «Айылда жашасаң — техниканы башкара бил» — деген партиянын ураанын билесиз да, мен механизатордук кесипке ээ болууну чечтим. Ары толгонуп, бери толгонуп келечекке ой жүгүртүп көрсөм, мындан артык асыл кесипти таппадым.

— О-о, Лайлижан, сен чыныгы тууган жердин ак сүтүн актоочу кыздардын бири турбайсыңбы. Техникалык прогресттин заманында механизатор болуу деген — ал өзүң жашаган замандын алтын туткасын кармаган менен бара-

бар. Дегендер дей, айткандар айта берсин, сенин ак тилегиңе мен кошуламын, мен да тракторист болсом дегенде ак эткенде, так этип жүрөм. Сапарбай жылмая жооп берди.

— Турмушта менин оюма ортоктош, тилегиме тилектеш боло турган жолдош бар тура. Ыракмат, Сапарбай, кездешкенде ушинтип абалымды сурап жүрүңүз.— Лайли ушинтти да жигит менен коштошуп үйүн карай жөнөдү.

Мезгил күн-түн менен алмашып, арадан бир жыл билинбей зымырап өтүп кетти. Айыл жери кайрадан жашыл кымкап жамынып, көктөмдүн кызыл-тазыл гүлдөрүн оронгон. Кечээ эле кызыл жоолугун колуна алып, азоо тайдай туйлаган суу боюнан көпөлөк кууп ойноп жүргөн Лайлинин эселек балалыгы артта калган.

Асыл максат асмандагы Айга да чакырат тура. Төрт дөңгөлөктүү «болот тулпардын» рулуна отуруп, тууган жердин нан жыттуу кутман талааларына өмүрдүн издерин салсам деген тилек аны дегдете берди. «Көк түтүнүн көккө бүрккөн тракторго чиркелген агрегаттарды катарлаштыра сүйрөтүп, боз торгой сайраган мейкиндиктерге буудай, жүгөрү, көп жылдык, чөп, пахтанын үрөнүн сээп, берекесин төккөн алтын күздө кайрадан анын мөмөлөрүн техниканын жардамы менен жыйноого үлүшүмдү кошуп, тууган жердин ак сүтүн актаар бекем?...»

Мектеп партасында отурган жылдардан тартып трактористболууну самаган айыл кызы акыры Кара-Суу районунун борборуна жакын жайгашкан № 59 кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүрүп, айыл чарба машиналарынын ар кандай түрүн башкарууга укугу бар жөндөмдүү механизаторлук кесипке ээ болуп бир тууган колхозуна кайтты.

Колхоздун жетекчилерине кыздын аты-жөнү мурдатан эле белгилүү болчу. Атайын жолдомо менен ошол окуу жайына колхоз тарабынан жиберилген. Үч айлык практикасын чарбанын машина-трактордук паркында өткөрүп, техниканы ремонттоо ишине активдүү катышкан, ал түгүл ХТС-40, Т-38 үлгүлөрүндөгү трактордун рулуна отуруп, айдоо талааларына минералдык жана органикалык жер се-

мирткичтерди, эгилүүчү үрөндөрдү ташыган. Тажрыйбалуу механизаторлордун кеңешин угуп, алардын техниканы башкаруудагы ыкмаларын үйрөнүүгө аракеттенди. Буга караганда кызга техниканы башкаруу иши ал үчүн чоочун эмес, жер айдоочу техниканын алпы К-700 үлгүсүндөгү трактордун рулуна да отуруп, практикалык машыгууларды өткөргөн. Ал эми трактордун тулкусундагы ар бир тетиктин атын жатка билет. Аны билбеген адам да механизатор боло алабы? — деген окутуучуларынын айткан кептери да анын эсинде.

Лайли айылга тракторду башкарууга укуктуу деген күбөлүктү алуу менен эле кайткан жок. Окууда жүргөн бир жылдын ичинде тийиштүү сабактарынан тышкары илимий-популярдуу, техникалык жана көркөм адабияттарды окуп, сезим дүйнөсүн да байытты. Окуткан көптөгөн агайлары менен эжейлеринин насааттары да көңүлүнүн тереңинде. Өзгөчө анын көңүлүнө бүтүрүүчүлөрдүн салтанаттуу кечесинде окуу жайынын директорунун турмуштун жолуна эмгек путёвкасын алып жатышкан жаш механизаторлго айткан каалоо-тилектери өмүр бою унутулбагандай элес калтырды. «Силер жаш механизаторлор илимий-техникалык прогресстин доорунда жашап жатасыңар. Биздин муундар электроника, кибернетика менен иштөөгө киришти. Жакынкы жылдарда ал силер эмгектенген өндүрүштө да кеңири орун алат. Ар кимдин асыл тилеги болот, бирок ойлогон ой-тилек аракет-кыймылсыз ишке ашпайт. Ал эми турмуштагы тоскоолдуктар менен күрөшүүдө айкын максат жана көөнөрбөс эрк гана керек. Эгерде жашоонун жеңилине карап, жаштайыңардан эмгекке жана ар кандай коомдук иштерге жүр-нары мамиле жасасаңар өмүрдүн максатын түшүнбөгөнүңөр. Жалындаган жаштыктын жылдарында аскар тоолордун бийиктигине умтул. Жаштыктын ар бир күнүн деңиздин бермет ташындай ардактап, көксөгөн максаттарды жеңүүгө багыттай бил. Турмуштун алдында жүрсөңөр гана эл-журтка кадырлуу болуп, алардын ишенимине татыйсыңар. Ишеним максатка жеткирүүчү адамдын канаты,

сенин өмүр жолуңду нурландырып туруучу жарык жылдызың. Чарбага барганда силердин колуңарга төрт дөңгөлөктүү же каз тамандуу трактордун рулу тиет. Ар бир трактордун наркы миңдеген сомду түзөт, ал чарбанын байлыгы, ыйык мүлкү катары эсептелет. Техниканын рулуна отурганга сүйүнбөй, аны кырсыксыз башкаруу коркунучунан алдын-ала сактана билүүнүн эрежелерин өздөштүрүүнүн ыкмаларын үйрөнгөнгө кубанган. Малчылар «чабандын иши чатак иш» деп жүрүшпөйбү. Ал эми техниканы башкаруу өтө татаал жана жооптуу. Чарбага барганда ар бириңерге кымбат баалуу техника тийиштүү документтик каттоолорго түшүрүлүп, ал силерге жоопкерчилик менен өткөрүлөт. Анын рулуна отурганда аптыгып-ашыкпай, асманга карабай астындагы жолду тиктөөгө гана тийишсиң. Азыр айыл чарба өсүмдүктөрү эгилген айдоо талааларга барсаң да, тоо арасындагы кыштоо, жайлоого барсаң да техникасыз турмушту элестетүү кыйын. Ар бириң башкарган трактор менен чарбанын ичиндеги гана эмес, район аралык, ал түгүл тынымсыз каршы-терши чубаган мамлекеттик магистралдык шоссе жолдор аркылуу өтүүгө туура келет. Үч, төрт, беш тараптуу кесилиштеги жолдордон өтөсүңөр. Дагы бир жолу эскерте кетейин: мындай татаал кырдаалдарда жолдо жүрүүнүн эрежелерин сактай билгендик гана коркунучсуз жүрүүгө жардам берет. Кечке жай албай иштедим деп үйгө барар менен жамбаштап жатып албагыла. Газета-журналдар, ишиңерге байланыштуу китептер менен таанышып турбасаңар кесиптик билимиңерди тереңдете албайсыңар. Атайын орто жана жогорку окуу жайлары бар, сырттан окуу жагын да ойлонуштурсаңар болот. Жалкоолук жакырчылыктын туюк жарына кептеп салат. Жаш кезиңерден эмгекти жана ак ниеттүүлүктү сүйсөңөр өмүрүңдүн бакыт жылдызы дайыма алдыңда жаркырап турат».

Лайли кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтөр менен айлына келди. Эки-үч күн үй тиричилигинде жардамдашып, ишке орношуу үчүн колхоздун кеңсесине келе жатканда алдынан айылдык курбусу Монус Арстанова жолугуп калды.

Ал көктөн издегенн жерден табылгансың, окууңду бүтүшүң менен деп кубанганынан кучактап өөп да жиберди.

— Окуусун бүтүп келиптир деген кабарды угуп, сага кездешип сагынычыбызды жазайын деп келаттым эле, ырас болбодубу! Эң башкысы өзүңө айта турган олуттуу бир оюм бар, ошого карата сенин пикириңди угайын дегем, Лайли.

— Уга турган ой болсо кошулайын. Жүрөктөгү тилегибизди ортого салып, пикирлешип жүрүшпөсөк курдаштыгыбыз кайсы? Кана, тезирээк айтчы, кулагым сенде. Анын үстүнө айылдаш теңтуштар менен сырдашпай өзүм да ойчул болуп кеттим.

— Эмесе иш мындай. Онунчуну быйыл бүтүшкөн айылдык кыздар топтолуп, өзүнчө бригада түзсөк деп жатышат. Бригада түзүлсө тийиштүү жер, техника бөлүнөт, жаштык күч-аракеттерин, кайрат-жигерин эмгекке жумшап сынап көрсөк дешет. Азырынча он бештей кыз топтолду. Бир жетишпегендик — механизатор жактан кемчил болуп жаткансыйт. Кыздар сени ушул бригадага чакырып жатышат.— Монустун пикири Лайлиге жагып калдыбы, дароо эле:

— И-и, курдашым, андай жаштар менен чогуу иштешүү эң эле көңүлдүү эмеспи. Мен колхоздун башкы инженерине, председателине кездешип, окууну бүтүп келгендигимди билдирүүгө тийишмин. Жетекчилер каршы болбосо жаштар менен иштегеним дурус го.

Председателдин кабинетине Лайли менен бирге Монус да кошо кирди. Кыз иштин жөн-жайын толук түшүндүрдү. Председатель да мурутунан жылмайып:

— Мен силердин демилгеңерди да, пикириңерди да жактырамын. Баса, бригадага кандай наам бермек болдуңар?

— Кыз көңүлү гүлдөй назик эмеспи, «Кызгалдак» деген ат коюлду. Комсомолдук уюм ушундай чечти.— Кыз кыскача гана ушинтти.— Сизге бул ат жакпай калдыбы, жолдош председатель?

— Эң сонун ат коюлуптур. Баарыңар көк кырдагы көктөмдүн жашыл гүлдөрүндөй көгөрүп, өмүр жолуңар бай-

салдуу болсун. Чынар талдай тамырлап-бутактап, силердей демилгелүү жаштардын катарын көбөйтө бергиле! — деп председатель кыздарга ак тилегин айтып кабинетинен узаткан.

Лайлинин эмгек календары башталган ошол 1977-жылдын көктөмү ал үчүн колуна бакыттын алтын кушу конгондой унутулгус окуя катары сезиминде сакталып кала берди. Чынында эле ал үчүн бактылуу жыл болду. Колхоздун жетекчилери кыздар бригадасына техниканын жаңысын ыйгарды, талаа станы калың мажүрүм талдар өскөн каналдын жээгине жайгашты. Лайли жаңы ХТС-40 үлгүсүндөгү трактордун рулуна отурду. Мына, анын балалык күндөрдөн берки эңсеген асыл тилегинин бири ишке ашкандай кыз биринчи күндөн баштап изденүүчүлүк менен эмгектенди. Таңдан турган механизатор кеч күүгүмдүн бир мезгилинде гана талаа станына оролот. Жаз, жай мезгилинде Ош аймагында айыл чарба өсүмдүктөрүн өз мөөнөтүндө иштетип калбасаң, алардан ойдогудай түшүм алалбайсың.

Лайлинин алгачкы эмгек чыйыры гозонун катар аралыктарын иштетүүдөн башталды. Жетимиш гектардай гозонун аянттарын иштетүү анын жоопкерчилигине жүктөлдү. Мына эми окуу жайындагы теориялык алган билимин практика менен айкалыштырып, гозонун катар аралыктарын жумшартуу, азыктандыруу сыяктуу чараларды белгиленген мөөнөттүн ичинде аткарууга аракеттенди. Ошол үчүн кээ бир учурда гозо аянттарынан кечирээк кайткан учурлары да аз эмес. Кээ бир мээ кайнаткан аптапта аянттарда нымдуулукту сактоо жана топурагы каткаланга айланган катар аралыктарды жумшартуу үчүн ишке эртең мененки саат беште киришкен учурлары канча? Эгерде түшүм ойдогудай өтпөй калса, буга комсомолка трактористка да жооп берерин ал жакшы түшүнөт. Милдеттенме орундалбаса, буга механизатор да жооптуу экендигин ал сезе билет. «Тоо жайын малчыдан, талаа жайын дыйкандан» сура дегендей жаңыдан иштеген кездерде Лайли жерди иштетүүдөгү жаздым кетүүлөрүнүн сырын көп жылдык тажрый-

басы бар механизаторлордон уялбай, намыстанбай эле сурап алып жүрдү. Коомдук иштин тагдыры үчүн билбегенди сурап алуу намыс эмес. Адам ар бир өндүрүштө иштөөнүн сырын эмгектене баштаган биринчи жумалардын ичинде эле ойдогудай өздөштүрүп жибербейт. Кээде жаңылыштыкка да дуушарланат, ал түгүл түшүнбөгөн тоскоолдуктар да пайда болушу мүмкүн. Мындай абалдан чыгуунун бир гана жолу бар — ал билгендерден иштин сырын сурап түшүнбөгөндөрдү үйрөнүү. Айыл чарба өсүмдүктөрүн багып өстүрүү үчүн көптөгөн изденүүлөр, түйшүктөнүүлөр талап кылынат. Каталыкты убагында сезе билсең кемчиликтерди учурунда четтетүүгө үлгүрөсүң. Эгерде эмне болсо, ошол болсун деп илимий негизге жана алдыңкылардын тажрыйбасына таянбай туруп өндүрүштүк ишке ат үстүнөн мамиле жасагандар бирге иштешкен коллективин да уятка калтырат. «Жел менен келген, жел менен кетет» дегендей өндүрүштүн сырын түшүнбөй иштөө максатсыз эмгектенүүгө алып келет.

Механизатор кыз жаңыдан турмуштан бакыт жылдызын издеп чыгышкан үмүткер кыздардын ишенимин актады. Даркан талаада өстүрүлгөн пахтанын көрүнүшү көргөндүн купулуна толду. Эми башын баштап, аягын таштабай маңдай-тердин мөмөлөрүн коромжусуз жыйнап алуучу учур да күн тартибине кюлду. Лайли Абдураимова эми «көгүлтүр кораблдин» штурвалына отуруп пахта жыйноого киришти. Чечүүчү майдан, жыйынтыктоочу мара башталды. Али техниканын рулунда отурган механизатордун көзүнүн карек тери ак пахтанын катар аралыктарына тигилет. Жаздым кетирип комбайндын дөңгөлөктөрү менен пахтанын сабактарын тепсетип алса, капчалаган ак була топуракка аралашып керектен чыгат? Машина менен пахта жыйноонун ыкмалары да татаал. Эгерде плантациядагы косектер текши эмес жарым-жартылай ачылса, анда комбайндын шпинделдеринин аралыгын кыскартпоо керек. Кокус минтпегенде шпинделдер ачыла элек косектер да жапчылууга дуушарланып, пахтанын кыйласы коромжуга учурайт. Пахтанын

жишчи теримине киришкенде шпиндилдердин катар аралыктары бир аз кыскартылышы тийиш. Лайли пахтаны теруү сезонунун алдында өткөрүлгөн атайын семинарда эле мына ушул жагдайларды эсине тутуп «көгүлтүр кораблдин» шпинделдеринин аралыгын туура жөнгө салууну колго алган. Ошол теруү сезонунда ал машинанын жардамы менен жүз элүү тоннадан ашуун пахта жыйнап кырманга жөнөттү. Комсомолдук-жаштар бригадасынын жалпы жыйынтыгы да кубанычтуу болду, мамлекетке пахта сатуу боюнча социалисттик милдеттенмесин ашыра аткарды. Ар гектардан түшүм алууда алардын астына райондо башка бригада чыгалган жок.

Күндөр айга оошуп, мезгилдер зымырап өтүп жатты. Айдоо талааларыда жыйым-терим аяктаганда, колхоздун жалпы өндүрүшүнүн тагдыры жана келечектеги максаттары тууралуу Монус Лайли менен көбүрөөк аңгемелешчү болду. Бул сүйлөшүүлөрдө коллективдин мүчөлөрүнүн кулк-мүнөзүнө жараша мамиле жасоонун өзгөчөлүгү, ынтымактык, жөнөкөйлүк, боорукерлик, тоскоолдуктарды жеңе билүүнүн жолдору жөнүндө сөздөр козголчу. Адамдар менен сүйлөшүүнүн ортосундагы ачыктык, чынчылдык жана терең ишеним алардын өндүрүштүк байланышын ого бетер жакындатты. Буга өндүрүштүн тармактарында өздөштүрүлүп жаткан бригадалык подряддын, чектик системасынын жана чарбалык эсептин кеңири киргизилип жатышы күбө. Бир тууган колхоздун маданияты жылдан-жылга жакшырып, кыштактардын калкы көбөйүүдө. Кийинки жылы да жүздөгөн улан-кыздар он жылдыкты бүтүрүшүп, жетилүү аттестаттарын колго алышат. Алардын баары эле жогорку окуу жайларына өтө беришпейт. Өндүрүштө калып иштешкен окуучуларга аталык мыкты камкордуктар түзүлүүдө. Буларды үндөп-үгүттөп идеялык жактан багыт берүү комсомолдук уюмдун ыйык милдети.

«Ой сырын ой табат» дегендей келечекке үмүттүү караган адамдын эркинен эмнелер гана жаралбайт? Адамдын эрки жайы-кышы муз менен капталган Арктика менен Ан-

трактнданы да багытты. Бир кездерде табышмактуу болгон космостун сыры да ачылууда. Ал эми жер үстүндөгү тоскоолдуктарды жеңе билүү мындан кыйын бекен? Монус Арстанова мына ушундай кыялдуу ойлорун кездеше калган ыңгайлуу учурлардын биринде Лайлиге айтты. Кыз курбусунун бул айткандарын көңүлүнө анчалык элес алган жок. «Жалкоолонбой, эселек кур кыялдарга алданбай өндүрүмдүү иштөөгө үйрөнгүн». Бул Монустун мага насаат катары айтып жаткан сөздөрү го деп түшүндү Лайли. Бирок иштин түпкү жөн-жайы такыр башкача болчу. Турмуш деген сеней-ип катып калган куу дөңгөч эмес, ал тынымсыз өсүп-өнүп кыймылдап туруучу күрөштүн барометри. Ал изденүүлөрдүн, кыйналып толгонуулардын, татаал тоскоолдуктарды жеңе билүүнүн, бийиктиктерге жана жаңылыктарга умтулуусунун жолу. Чымчык уядагы бардык жумурткасын үч жума бою бооруна кысып, андан көктү карай талпынган кош канаттуу балапанды учурат. Көл түбүндөгү балык да тунук аккан суунун агымын издеп уругун чачат, кийин андан миңдеген ак чабактар пайда болот. Көз жеткис асканын боорундагы далдалуу жерге улактаган жапайы эчки бир сааттын ичинде өзүнүн улагын жар таштан секиртип, чуркап кетүүгө даярдайт. Көрсө, турмуштун өйдө-ылдыйына кыраакылык менен көз жүгүртүп жүргөн Монус да насаатчы катары дагы бир кыздар бригадасын башкара турган шакиртти тарбиялап, ага акыл-насаат кеңештерди ушинтип берип жүргөн турбайбы. «Уядагы жумуртка, кийин барып куш болот» дегендей, Лайлинин жөндөмдүүлүгүн байкаган бригадир келечекте түзүлүүчү бригаданы жетектөө ишине аны даярдап жүрүптүр. Турмуштун босогосун аттаган жаш адамга жолдоштук шык берилбесе, коллектив тарабынан кубаттоо, жылуу мамиле көрсөтүлбөсө анын максатка карай умтулуулары басаңдап, иш жүзүнө ашырайын деген демилгеси орундалбайт. Лайлинин механизатордук кесипке болгон сүйүүсү мектеп партасында отурган учкул канат окуучулук күндөрдө эле пайда болгондугун Монус гана жакшы түшүнөт. Анткени ал бир-эки

жашка улуураак эле. Мына эми анын эрке мүнөз эселек кыз кыялы токтолгон, турмушка кыраакылык көз караш менен карап, эмне жаман, эмне жакшы экендигин толук ажыратып калган. Демек, ал эми ишке чабал, сөзгө чоркок эмес. Он жылдыкты бүтүрүп, турмуш путевкасын колдоруна алышкан жыйырмадай кыз топтолгон комсомолдук-жаштар бригадасын камчы салдырбай башкарып кетишине Монус күнөм санаган жок. Ал эми Лайли болсо алдындагы «болот тулпарынын» рулун тыкан башкарып, бирде пахта плантациясын, бирде жүгөрү аянтынын тилкелерин иштетип, смендик нормасын ашыгы менен сапаттуу аткарууну көндүмгө айландырган.

Адеттеги көктөм айынын бир кечи эле. Клубдагы комсомолдук жыйналыштын катышуучулары өзүнүн күн тартибиндеги тийиштүү маселени талкуулап жатышты. Колхоздун комсомолдук уюмунун секретарынын докладында онунчуну бүтүшүп, өз каалоолору менен айылда калып иштөөнү чечишкен жаштарга бардык ыңгайлуу шарттар түзүлө тургандыгы баса белгиленди. «Колхоз адамдын социалдык жыргалчылыгын жогорулатууга карата көлөмдүү каражаттарды бөлүп, алардын маданий жана турмуш-тиричилик шарттарын жакшыртууга зарыл чараларды көрөт. Күн өткөн сайын жер да, эл да, адамдардын кулк-мүнөздөрү да өзгөрүүдө. Ар бир жаштын ой-санаасынын баары жакшылык го. Ошондуктан биз учурдагы иштерди ойлогондо келечектеги жаштардын ой-тилегин да көңүлдөн чыгарбоого тийишпиз. Бир кездеги арча бешиктеги термелген паристелер бой тартып, бардыгы талпынып турмуштан өмүр бактысын издегени турушат. Бирок бакыт жолу алыстагы жайда эмес, «Өз үйүң, өлөң төшөгүң» дегендей, биздин өмүрдөгү күткөн жыргалыбыз, куттуу конушубуз — туулган айыл, туулган жер. Мындай сөздөрдү айтуунун жагдайлары төмөнкүчө: быйыл эле колхозубуздун кыштактарындагы үч орто мектепти жүздөн ашуун улан-кыз бүтүштү. Алардын көпчүлүгү айылда калып иштейбиз деп жатышат. Муну колхоздун башкармасы, партиялык уюму да кызуу колдо-

го алды. Мындан бир нече жыл мурун айылыбызда «Байчечекей» аттуу комсомолдук-жаштар бригадасы түзүлүп, ал чоң саамалык катарында чарба эмес, районубуздун булуң-бурчтарына аты угулуп, жыйындарда сүйлөнгөн сөздөрдө, радиолук берүүлөрдө, басмө сөз беттеринде мактоого алынгандыгын жакшы билесиздер. «Дарактын тамыры бир, мөмөсү миң» сыяктуу байчечекей гүлү да мөмөлөп-бутактанып, жыл сайын жаңы бүчүр байлап отуруп, өзүн кандай мактасаң жараша турган эмгектик даңкка бөлөдү. Райондук, областтык салтанаттуу жыйындарда мыкты комсомолдук уюмдардын ишине баа берилгенде тиешелүү бир катар жылуу сөздөр «Байчечекей» аттуу комсомолдук-жаштар бригадасынын адресине ыйгарылбай койбойт. Кыскасы, байчечекейдин гүлдөрү дайыма көктөмдөй кулпунуп, өзүнүн кулачын кенен ачып, айыл жаштарынын өмүр жолдорун жаркыратып, аларды сүттөй аппак асыл тилекке чакырып турарында эч кандай күнөм жок.

Ооба, байчечекей наристе баладай турмушка көз жарып келгенден тартып ак жоолугун булактатып, көк кырандан кол булгалаган кыздай өзүнүн катарына бакыт издеген курбуларды чакырып, бригада мүчөлөрүнүн ынтымактыгын бекемдеди, алардын ортосундагы достуктун көпүрөсүн бузулгус даражага жеткирип данакерлеп салды. Бригаданын кыздары көздөгөн максатка карай умтула берди. Куш канатсыз жашай албагандай ал жалгыз өмүр сүргүсү келбеди. Өзүнүн катарына андан да кооз, андан да назик сезилген, элечегине сан түркүн түстөгү седеп-шуру тагынган асемдүү кыздай суктандырган кызгалдактай гүлдүн тобун өстүрүп, айылдын аймагын караса көздү талдырган дагы бир сулуулуктун кереметине бөлөп койду. Ай десе Айга, Күн десе Күнгө теңдеши жок кызыл-тазыл элечектүү кызгалдактай гүлдүн жытын ким жыттагысы келбейт. Адамдын өмүрү да, көңүлү да жазгы гүлдөй кулпунуп, ар дайым жаштыктын жапар тоосундай нурун чачып турсун дештиби, «Байчечекейден» кийин түзүлгөн комсомолдук-жаштар бригадасына «Кызгалдак» деген ат коюлду. Бул 1978-жыл эле.

Ал өзүнүн катарына жыйырмага жакын кызды топтоп, аларды да турмуштун бийик сересин карай жетелеп, өскөн жерден өмүрүнүн бакыт жылдызын табууга жар салды. «Мээнет түбү — дөөлөт». Бардык кыз таамай айтылган ушул сөздү назар тутуп, өздөрүнө тийиштүү жер, техника жана башка керектүү шаймандарды бөлдүрүп алышып, эмгектен бакыт издөөгө аттанышкан.

Айылдык кесипчилик-техникалык окуу жайынан механизатордук кесипке ээ болгон Лайлинин эмгектик такшалуусу мына ушул жаңы уюшулган бригадада башталып, түйшүктүү сыноолордон өттү. Колдон чылбыр талашкан күлүк мезгилдин саатынын жебеси чыкылдап, тез эле 1979-жылдын көктөмүнө да жеткирди. Каарман айылындагы орто мектепти бүтүрүп жатышкан жыйырмадай кыз өндүрүштө калып иштөөгө демилге көтөрүшкөн. Алар мындай ой-максаттарын колхоздун башкармасына билдиришти. Кеңсеге алгачкы жаштар бригадасын түзүүнүн башатын баштаган Монус чакыртылды. Председателдин мындай тарабындагы орундуктарга парткомдун, комсомолдук уюмдардын секретарлары отурушат.

— Монус Арстановна, кыздардын чоң тобу арыз менен колхоздун башкармасына кайрылышты. Дагы бир жаштар бригадасын түзүүнүн зарылдыгы туулуп жатат. Бригадирликке өзүңдөй жөндөмдүү жана ылайыктуу кыздардан барбы? Кыздын сырын кыз билет эмеспи. Председатель жооп күткөндөй Монуска карады.

«Устатынан шакирти өтүптүр» дегендей менден да ишке тыкан жана сергек кыз четтен эле табылат. Механизатор Лайли Абдураимова жаштар бригадасын эмес, чарбанын жооптуу участкасын башкарууга эрки жете турган кыздардын бири.

— Пикириңе кошулам, Монус. А-а баса, ал биздин даяр кадрыбыз эмеспи, эмгектик тажрыйбага да ээ болуп калды. Механизатор болгондон бери элдин оозуна да алына баштады. Демек, бригадир табылды. Түзүлүүчү бул бригадага кандай ат койсок болот,— деди председатель.

— Ошол демилге көтөргөн кыздар бригадага коюлуучу атты өздөрү эле эчак ойлонуштуруп коюнтур. Байчечекей, кызгалдакка тең болуучу дагы бир татына гүл бар — ал гүлкайыр дешет. Келечектеги комсомолдук-жаштар бригадасына «Гүлкайыр» деген аттын коюлганы ылайык го. Башкача ат койгондо демилге көтөргөн кыздар таарынып калышпайбы? — Монус отургандарга жылмая карап, уншин-тип үн катты.

— Кыз да гүл. Гүл да гүл. Биз гүлдөргө бөлөнгөн аймакта гана өмүр сүрөт экенбиз да. Адистердин кечки жыйынына Лайли жана демилге көтөрүшкөн кыздардын баары чыкырылсын. Эртеңден баштап уюштуруу иштерине камкордук көрөлү,— деп председатель кезектеги маектешүүнү аяктады.

«Гүлкайыр» комсомолдук-жаштар бригадасынын түзүлүшү тууралуу жылуу кабар колхоздун аймагына тез тарады, бир нече күндөн кийин райондук газетага жарыяланды, жергиликтүү радио берүүлөрдөн уктурулду. Колхоздун башкармасы, партиялык жана комсомолдук уюму тарабынан арналган куттуктоосу дубал газетанын көрүнүктүү жерине бадырайта жазылды.

«Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып» иштейбиз жана жашайбыз дешип демилге көтөрүшкөн жыйырма кыз «Гүлкайырдын» белсемдүү мүчөлөрүнөн болуп калышты. Алгачкы жылы бригадага элүү гектар пахта аянты бекитилди .Андан ойдогудай түшүм алуу үчүн күн-түн түйшүктөнүп эмгектенүү керектигин ар бир кыз айкын түшүндү. Чынында бригадирлик милдет чарбанын өндүрүшүндөгү өтө жоопкерчиликтүү иштин бири. Бригадирдин иши бир беткей эмес, ал көп жактуу келет. Көп жактуулугунун себеби мындай: бригада өзүнчө чакан коллективден түзүлөт, ага кулк-мүнөзү ар түрдүү кыздар топтолгон, бир нече трактор жана башка толуп жаткан жабдуулар, турак жай стандары, диван-кровать, үстөл, отургучтар, муздаткычтар, телевизор, радиоприемник, музыкалык аспаптар, спорттук буюмдар бекитилген. Ал өндүрүш багытындагы чаралар-

дын көлөмү да тийиштүү. Өсүмдүк эгилүүчү аянттарды тегиздөө, гозопаянын калдыктарынан тазалоо, талаага жер семирткич чачып, кыртышты асылдандыруу, чигит эгүү, катар аралыктарды жумшартуу, азыктандыруу, сугаруу, суюлтуу, акырында түшүмдү терип жыйноо — сезон ичинде бригада мүчөлөрү ушундай жумуштарды аткарууга туура келет. Бригадир ушул процесстерге сарпталуучу каражаттардын эсеп-кысабын жүргүзүп, пайда менен чыгымдын айырмасын так аныктап, адамдардын эмгек акысынын туура бөлүнүшүнө чейин көзөмөл жүргүзөт. Антпесе эмгек акы төлөөнүн прогрессивдүү системасы катары алдыңкы тажрыйбада такталган бригадалык подряддын талаптарын жөнгө салуу мүмкүн эмес. Эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга карата адамдын кызыкчылыгын арттырбаса, иштин жыйынтыгы кубанычтуу болбостугу белгилүү. Эмгектин өндүрүмдүүлүгү жана иштин сапаты бири бирине айкалышпаса, анын үзүрү көңүлгө толбойт.

Жердин тоңу эриген көктөмдүн алгачкы күндөрүнөн баштап бригаданын мүчөлөрү болочоктогу мол түшүм үчүн күрөшкө жапырт аттанышты. Алар талаадагы гозопаянын баарын жыйнап тазалашты, анын калдыктары калса кийин шыгыраган отоо чөптөрдүн пайда болушуна алып келерин кыздар да жакшы билишет, бул тууралуу агроном аларга эчен жолу эскерткен. Талааны отоо чөп басты дегенче иштин бүткөнү. Чөптүн бул түрү энчисин бирге жыйгансып гозого керектүү азык заттардын жана сугат суусунун тийиштүү өлчөмүн өзүнө сиңирип, терең тамырлап өнүмүн күчөтөт. Акыркы жыйынтыкта отоо чөптөр пахтанын түшүмдүүлүгүн төмөндөтүүгө таасирин тийгизет. Ошол үчүн кыздар анын өсүшүнө жол бербөө үчүн ала жаздан тартып практикалык чараларды жүргүзүштү. Өз алдынча жаңыдан эмгек жолун башташкан кыздар бири-бирине ишенип, ишти үстүртөдөн жүргүзүп салбасын деген ой бригадирди да тынчсыздандырып жүрдү. Ырас, ишти текши аткарып, оорун жабыла көтөргөндө адам кыйналбайт. Иштин акырында текшере келгенде аянтта байкалбаган отоо чөптөр

калып калган учурлар да кездешти. Албетте бул жаздымдыктар шашмалыктан, этибарга албагандыктан, жеке жоопкерчиликти себзбегендиктен кетирилет. Мындайда чынбышыгына көзү жетпей туруп, бригадир кыздардын кимисин күнөөлөй алат? Күнөөлүү адамдын күнөөсүн таап, кемчилдигин бетине айтканда гана ал каталыгын сезет. Бригадир өйдө-ылдый толгонуп мындай чечимге келди: элүү гектар жерди жыйырма кызга теңдештирип бөлүп берди. Бул иштин сапатын да, жоопкерчилигин да текшергенге жеңил болду. Лайли жумуштун акырында ар бир кыздын аянтын аралап, отоо чөптөн кандайча тазалангандыгын көз кыры менен текшерип чыгат. Талаанын отоо чөптөрү талаптагыдай тазаланганда гана андан кийинки аткарылуучу жумуш процессин баштоого көрсөтмө берет.

Чигиттин жер үстүнө текши өнүп чыгышы үчүн аны нымдуулугу жетиштүү болгон аянтка кыска мөөнөттө эгүү талап кылынат. Мунун да пайдалуу жактары көп. Нымдуу жерге эгилген чигит текши өнүп чыгат. Эгерде сугат алателки болуп сугарылса, бир жерде чигит текши чыкса, экинчи участогунда суйдаңыраак өсүп калат. Мына ушундай абалдан эле дыйканчылыктын жайын түшүнгөн адамга келечекте алынуучу түшүмдүн абалы белгилүү болот. Ал эми мол түшүмдүн тагдыры адамдын түйшүктүү мээнетине байланышарын түшүнсүн үчүн Лайли бригаданын ар бир мүчөсүнө жерди бөлүп берип отурат. Мындай ыкманын бир артыкчылыгы мына мында эле: өсүмдүктүн ар кандай агротехникалык иштетүүсүн иштеткен учурда катар аралыктагы өсүмдүктүн сабак, бутагына чырмалышып өсүп чыккан отоо чөптөрдүн өлчөмү ал аянтта эмгектенген адамдын иш ке болгон мамилесин көрсөтүп турат. Ар бир адамдын жеке жоопкерчилигин көтөрүүдө бригадирдин ушундай аракети иштин акыркы жыйынтыгына сезилерлик таасирин тийгизди. Кетирилген жаздымдык кимден кеткени белгилүү болуп турса, аны түшүнгөн адам кантип ишке кол үстүнөн мамиле жасай алат? Анын үстүнө көптүн көзү тараза го. Кимдин кандай иштегени катарында иштеп жаткандарга белгилүү

эле болот. Кыздар да бригадирдин кыраакылыгын жана сезимталдыгын алгачкы күндөрдөн эле баамдап коюшту. «Чоң коллективдин ар-намысы үчүн кара жанын карч уруп, баарыбыздын өмүр жолубуздун бактылуу болушуна камкордук көрүп жүргөн Лайли эжени капага салбайлы» дешип кыздар кийин ак ниеттүү жана өндүрүмдүү иштөөгө карата жекече изденүүчүлүк аракеттерин күчөтүштү. Бригадир кыздарга талап коюучулукту акырындык менен үйрөтүү менен иштин аткарылышынын сапатын биринчи планга коюуну адатка айландырды.

Бригадирдин эң мыкты адамгерчилик сапатынын бири — анын карапайым мүнөзү жана ишке кылдат мамилеси эле. Кээде иштин жүрүшүндө каталыктар да кетип калат. Буга көзү жетип турса да Лайли кыздарга ачууланбай, кабагынан кар жаадырбай, жайынча жанына басып келип, туура эмес жасалган жаздымдыктарды өзү ишке аралашып четтетет. «Айткандай айткандай, көрсөткөндү көрсөткөндөй иштөө керек» деп ат үстүнөн кол шилтеп кете берүү адаты Лайлиге мүнөздүү эмес. Кандай гана кемчиликтер кетирилсе да ал адамдарга ачууланбастан жайынча түшүндүрүп, туура иштөөнүн жолун көрсөтүп, алардын жаңылыштыгын ынандырып туруп башка жумуштарын аткарууга киришет. Бригадирде ушундай жупунучулук мүнөз болбосо, аны эч убакта коллективдин мүчөлөрү урматташпайт. Жетекчи болуп топтун алдында жүргөн адам канчалык жөнөкөй жана калыс жүрсө анын кызмат даражасы ошончолук жогорулап, өмүр жолу көпчүлүккө үлгү боло баштайт.

Маңдай терин төгүп эмгектенген дыйкандын түйшүктүү мээнетин жер жеген жок. Кыздар бригадасынын мүчөлөрү карамагындагы пахта плантациясынан ар гектарынан пландагы 26 центнердин ордуна 30 центнерден ак була алып, социалисттик милдеттенмесин ашыра орундатышты. Бул бригаданын эмгектик көрсөткүчтөрүнүн биринчи жыйынтыгы эле. Жаштардын ошондогу кубанычтарын айтпа. Бардыгынын эмгек календарына аткарылган жумуштардын

жыйнактары жазылды. Алар эмгек сыноосунун биринчи ашуусунан мына ушундайча өтүштү. Коңшулаш бригадалардан келген куттуктоолор канча? Лайлинин бригадасынын эмгектик ийгиликтерин биринчилерден болуп, өзүнүн насаатчысы Монус Арстанова келип куттуктады. Анын санаасы да жай алгандай өзүнүн шакиртинин, атаандашынын ийгиликтерине ортоктош болуп, көңүлү жай ала түштү. Чынында анын тынчсыздана турган жөнү бар эле. Лайлинин жаштар бригадасынын бригадирлигине дайындалышы Монустун сунушу боюнча чечилген болчу. Элүү гектар пахта аянтын бөлдүрүп алышып, кокус андан пландагы түшүмдү терип-жыйнап беришпесе, бригаданын мүчөлөрүнө сын сөздөр айтылбайт беле? Буга Монус Арстанова да тийиштүү даражада жооп бермек. Себеби бул бригаданы иштин башынан эле шефке алып, мелдештик атаандаштыкка да аны менен чыккан.

Ошентип, өмүр максатына жаңыдан кадам шилтешкен «Гүлкайыр» комсомолдук-жаштар бригадасынын мүчөлөрү алгачкы эмгек марасына санжыргалуу олжо-буйласы менен келишти. Колхоздун кырманына 1500 центнер ак пахта өткөрүп беришти.

Кандай гана адам болбосун улам жаңы үмүттөрдү деггдейт эмеспи. Кийинки жылы кыздар өздөрүнө бөлүнгөн пахта аянты аз болуп жатат дешип, анын үстүнө тамеки жалбырагын өстүрүү үчүн алты гектар жер бөлдүрүп алышкан. Бул 1983-жылы эле. «Пахта өстүрүүнүн машакаты аз келгенсип, эми мунун түйшүгүнө да аралашып мурдагыдан да эки эселенген күч-аракетти жумшап, жаныбыз жай албайт экен» дешип айрым кыздар буга көңүлсүздөнүп да жүрүштү.

Кыздарга тамеки аянтынын бөлүнүп берилишинин эки жактуу мааниси бар эле: биринчиден, ички чарбалык эсепке жана бригадирлик подрядга өткөн учурда бригаданын мүчөлөрүнө берилүүчү кошумча акылар жана ар кандай сыйлыктар түпкү натыйжага жараша бериле турган болгон соң бул системаны мындан да бекемдөө милдети алды-

га коюлду. Ким канчалык жакшы иштесе, анын турмуш-тиричилик жыргалчылык шарттары ошончолук мыкты деңгээлге көтөрүлөт. Өндүрүштө иштегендердин эмгегинин өлчөмүнө жана сапатына ылайык материалдык жактан стимулдаштырып турууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Экинчиден, бригаданын экономикалык жана социалдык жыргалчылык шарттарын жогорулатуу үчүн акчалай киреşеге ээ болуу керек. Бригадирлик иш тажрыйбасы бир жылдан ашкандан кийин эле кызды ушундай ойлор тынчсыздандыра баштаган. Мындай ой-санаага чөмүлүүнүн жайы мындай эле: кыздар жашаган жана эмгектенишкен жер айылдан обочороок жайгашкан. Алар ошол жерде эс алышат, түнөшөт. Ыңгайлуу күндөрдө гана уруксаат менен үйлөрүнө барып келишет. Талаа станы алардын экинчи үйүнө айланган. Ошол үчүн станды мыктылап жабдып, кыздардын көңүлдүү эмгектенишине, эс алышына ыңгайлуу шарттарды түзүүнүн чараларын бригадир мурдатан эле ойлонуштуруп жүргөн.

«Турмуш дайыма өзгөрүүнүн жолунда. Теңин тапкан кыздар күйөөгө чыгышууда, алардын орду он жылдыкты жаңы бүткөрүшкөндөрдүн эсебинен толукталууда. Турмуштун босогосуна жаңы аттанышып, биздин бригадага мүчө болуп келишкен кыздардын сезиминде жакшы ойдун жаралышы үчүн талаа станыбыз көрктүү жана көңүлдүү жашаганга ылайыкталышы тийиш».

Лайлинин жүрөк сезиминде көптөн бери ага тынчтык бербеген асыл тилек пайда болду. Кийинки жылы ал да ишке ашып, кыз КПССтин катарына кабыл алынды. Партиянын Уставы менен Программасы аны көп нерселерге милдеттендирди. Айыл чарба өсүдүктөрүнөн ойдогудай түшүм алуу үчүн көп изденүүгө жана алдыңкы тажрыйбаларды өздөштүрүүгө туура келди. Өндүрүштөн ажырабай туруп Фрунзедеги К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун агрономдук факультетинде сырттан окуп жатышы анын бийик максатка умтулуусунун бир далили. Кийинки жылдарда жаштык өмүрү эмгек майданына гана эмес коомдук

иштерге да бекем айкалышты. Коомдук иш да жөндөмдүү, сезимталдуу адамга гана ишенилип берилет. Эки жолку конференцияда партиянын райондук комитетинин бюро мүчөлүгүнө шайланды. Удаасы менен эки жолку Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайланышы да бекеринен эмес, бул жердештеринин ага көрсөткөн урмат-сыйы, терең ишеними эле.

Он биринчи беш жылдыктын төртүнчү жылында картограммага ылайык «Гүлкайыр» бригадасына бекитилген элүү гектар аянтка башка өсүмдүк айдоого туура келди. Анткени жыл сайын эле пахта өстүрүлгөн аянт асылдуулугун жоготот, бул жердин биологиялык закон ченемдүүлүгү. Ошол үчүн которуштуруп айдоо системасы боюнча Лайли башкарган бригададагы элүү гектар аянтка дандык жүгөрү эгилмек болду. «Кеңешип кескен бармак оорубайт» дегендей бригадир коллективдин мүчөлөрү менен бетме-бет акылдашкандан кийин ушундай ой туулду. Жогоркудай өлчөмдөгү жүгөрү аянты 22 адам үчүн аз болгондой сезилди. Жүгөрүнү сугаруудан, отоо чөптөрдү арылтуудан башка бардык иш процесстери механизациянын жардамы менен аткарылат. Анын алгачкы терип-жыйноосу да комбайн менен жыйналат. Мындай болгон соң көпчүлүк учурда кыздарга иш жок болуп калышы да ыктымал. Ошон үчүн кыздар колхоздун башкармасынан кошумча түрдө 6 гектар тамеки аянтын бекитип берүүнү өтүнүштү. Алардын бул өтүнүчү аткарылды, чындыгында кыздар мурда деле тамеки плантациясын иштетүүнүн бир катар процесстерине катышып, аны өстүрүүнүн ыкмалары менен таанып эле. Анын үстүнө ал кирешелүү тармак экендиги жалпыга белгилүү болчу. Ошентсе да айрым кыздар: «элүү гектар жүгөрү аянтын иштетүүнүн өзү эле жетишпейби. Тамеки өстүрүүдөн жалаң көп кол күчү гана талап кылынат. Аны өстүрүүнү түйшүк-максаты чачыбызды агартып жибербесин, санап көрчү — ал парникте өстүрүлөт, анан жер даярдалып, ага анын көчөтү отургузулат; отоосу; биринчи, экинчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, алтынчы үзүмү (кургатылып жипке ти-

зүү түйшүгү да бар) жана башка сугаруу, катар аралыгын иштетүү, азыктандыруу сыяктуу жумуштары да бир далай го» дешип аны багуу түйшүгүнөн чочулашты. Бул маселеге колхоздун экономисти кийлигишип, пайда, зыянын алдын ала эсептеп, бригаданын экономикалык кубаттуулугун чыңдоо үчүн тамеки өстүрүүнүн зарылдыгын кыздарга түшүндүрдү.

— Анын үстүнө,— деди экономист,— башка тармактардай эле силердин бригада да нарядсыз акы төлөө системасына өткөрүлөт. Силер бригаданын тапкан каражаттарынын эсебинен жашайсыңар, эмгек акыңардын көп же аз болушу чарбага киргизген акчалай кирешеңердин өлчөмүнө жараша белгиленет. Арбын эмгек акыга ээ болуу үчүн ички чарбалык эсепке өтүү жакшы жардам берет. Мында коллективдин ынтымактуулугу чечүүчү маанинге ээ.— Жаштар бригадасынын мүчөлөрү экономисттин эсептөөлөрүнө ынанышып, бригадалык подряд системасы боюнча иштөөгө өтүштү. Эми ар бир центнер минералдык семирткичтин, ар бир запастык бөлүктүн сарамжалдуу пайдаланылышына камкордук күчөтүлдү. Бригадалык подряд системасынын талабы да ушундай экендигин кыздар да жакшы түшүндү.

Жетишпеген нерселерди ар кайсы ишкана, мекемелерден сурап тилемчилик жасоо бригадалык подряддын шарттарына мүнөздүү эмес. Колдон келсе бардык керектөөлөрдүн өз жеринде өндүрүлүшүнө камкордук көрүлгөнү баарынан жакшы. «Гүлкайыр» бригадасынын кыздары картошка, сабиз, помидор, бадыраң, пиязды ар кайсы дүкөн, базардан сатып алуу машакатынан кутулуу максатында көмөкчү чарба үчүн 0,7 гектар жерди бөлдүрүп алышты, колхоз 1 уй, 2 музоо, 9 кой берди.

Жүгөрү менен тамеки багып өстүрүү иши пахтадан да татаалыраак экендиги тажрыйбалуу дыйкандарга белгилүү. Кыздар бул өсүмдүктөрдү багуунун сырларын анчалык терең өздөштүрүшпөгөндүгүн жетекчилерге жашырбай эле айтышты.

«Бизге тажрыйбалуу сугатчылар техникалык өсүмдүк-

түп сугатына гана жардам берүүсүн өтүнөбүз. Калган жумуштарынын баарын өзүбүз аткарабыз» дешип, билбегенин жашырбастан эле агрономго билдиришти. Алардын өтүнүчү кабыл алынды. Көп жылдык тажрыйбага ээ болушкан дыйкандар Сапарбай Багышев, Жеңиш Сүйүнбаев, Фархад Чердизова, Разия Арзыгулова сыяктуу кыздарга өсүмдүктү өстүрүүнүн жана сугаруунун ыкмаларын үйрөтүп, аларга баш-көз болуп жүрүштү. Жогорудагыдай ынтымактуу эмгектенүүнүн натыйжасында жаштар ар гектар жүгөрү аянтынан пландагы 70 центнердин ордуна 117 центнерден дан, 26 центнерден тамекинин ордуна 30 центнер баалуу сырьё алууга жетишти. Эмгектин түпкү жыйынтыгы чыгарылганда ар бир кыз бригадалык подряддын артыкчылыгын даана түшүнүшүп, аны андан ары бекемдөөгө карата чараларды көрүштү. Ар бир сомду пайда бере тургандай сарптоого аракеттеништи. Алардын аракети текке кетпеди, жыл аягында жалаң материалдык каражаттарды сарамжалдуу пайдалануунун эсебинен гана 25 миң сомго жакын акчаны үнөмдөп калышты. Бул жыл жыйынтыгында ар бир кыздын иштеп тапкан эмгек акысынын бир сомуна кошумча түрдө 1 сом 33 тыйындан алышына мүмкүндүк берди.

«Жөжөнү күзүндө сана» дегендей жыл аягындагы жыйынтыкта «Гүлкайырдын» кыздарынын эмгектик салымы көрсөткүч такталарга бадырайып жазылып калды. Айлыкка, кошумча акыга, ар кандай сыйлыктарга жана башка сарптоолорго жумшалган 9 миң сомдон тышкары чарбага бригаданын мүчөлөрү 62 миң сом акчалай киреше киргизди. Он биринчи беш жылдыктын акыркы жылынын жыйынтыктары мындан да кубанычтуу болду. Андан мурдагы жылдарда кетирилген кемчиликтерден сабак алышкан дыйкан кыздар жергиликтүү шарттарда жогорку түшүм өстүрүп жатышкан алдыңкылардын тажрыйбаларынын ыкмаларын үйрөнүшүп, баштагы көрсөткүчтөрүн жаңы чектер менен бекемдешти. Ар гектар аянттан 137 центнерден жүгөрүнүн данын, 30 центнерден тамеки жалбырагын жыйнап алышты. Ушунун натыйжасында бригаданын мүчөлөрү

мамлекетке жүгөрү данын жана тамеки жалбырагын сатуунун беш жылдык планын ашыгы менен аткарышты.

Лайли республиканын коммунисттеринин жогорку форумунун делегаты болуп ага катышып, өзү сыяктуу ар тараптан келишкен алдыңкылар менен маектешип, тажрыйба алмашты. Андан кийин КПССтин XXVII съездинин делегаттыгына шайланып, жер жүрөгү — Москва шаарына барып, даңктуу борбордун маданий жайлары менен таанышты. Кызыл аянт. Съезддер Двореци. Кремлдин куранттары жана башка толуп жаткан кооз имараттар анын сезимине унутулгус элестерди калтырды.

— КПССтин XXVII съездинде жасалган партиянын Борбордук Комитетинин Саясий отчеттук докладындагы жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн сөздөрүндөгү кандай багыттагы ой-пикирлери сизге айрыкча жакты? — Коммунисттердин жогорку форумунан кайтып келгенден кийин Лайлиге ушундай суроо менен кайрылдык.

— Коммунисттердин бул улуу форуму тууралуу айтууга сөз жетпейт. Съезддин жүрүшү башынан аягына чейин жогорку ишкердүүлүктүн жана эркин пикир алмашуунун кырдаалында өттү. КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары жолдош Михаил Сергевич Горбачевдун Саясий докладында айтылган туура сын пикирлер, ошонун ичинде Кыргызстандын партиялык уюмунун адресине карата келтирилген олуттуу сындар биздин ар бирибизди терең ойлондурду жана андан ишкердүү жыйынтык чыгаруу милдетин койду. Съездде чыгып сүйлөгөн ар бир делегат талап коюуну жана жоопкерчиликти күчөтүүнүн зарылдыгын белгилешти. Мага партиянын Москва шаардык комитетинин биринчи секретары Б. Н. Ельциндин, Костромадагы В. И. Ленин атындагы зыгыр комбинатынын токуучусу, беш жолу удаасы менен партиялык съездге делегат болуп шайланган В. Н. Плетневанын сөздөрү өзгөчө таасир калтырды. Алар партиялык уюмдардагы жана өндүрүштөгү кемчиликтердин негизги себептерин ачуу менен аларды жоюунун жолдорун да баса көрсөтүштү.

— Москвада съезд жүрүп жаткан күндөрдө алыскы Каарман айылындагы өзүң жетектеген «Гүлкайыр» комсомолдук-жаштар бригадасынын иштерине тынчсызданып жүрдүңүзбү? — дедик сөз арасында кошумчалап.

— Туулган жерин ким ойлонбойт. Алыста жүрсөм да бир туулган колхозум гана эмес, бүтүндөй Кыргыз жери бассам-турсам менин көз алдыма элестей берди. Бирок бригада мүчөлөрүнүн бирдиктүүлүгүнө жана ынтымактуулугуна бекем ишенип жүрдүм. Алар мени уятка калтырбайлы дешип, съезд жүрүп жаткан мезгилде мурдагы милдеттенмесин кайрадан карап чыгышып, ар гектар аянттан 140 центнерден жүгөрү, 50 центнер буудай, 35 центнерден тамекинин түшүмүн алууга милдеттенме алышкандыгы жөнүндө мага телефон аркылуу кабарлаганда менин көңүлүм көккө чейин көтөрүлө түшкөндөй болду.

КПССтин XXVII съездинин жана Кыргызстан Компартиясынын XVIII съездинин тарыхый чечимдерине шыктанышкан комсомолдук-жаштар бригадасынын коллективи алдыңкылардын прогрессивдүү жетишкендиктерине таянышып алдыдагы айкын милдеттерди турмушка ашыруу үстүндө чыгармачылык изденүү менен эмгектенишүүдө. Быйылкы жылы «Гүлкайыр» комсомолдук-жаштар бригадасынын уюшулганына жети жыл толот. 13-март 1979-жыл — бригаданын туулган күнү. Ошондон бери гүлкайыр көргөндү суктандырган кооз гүлүн жети жолу ачып, өзүнүн сымбатсынын укмуштуудай сулуулукка бөлөдү. Гүлкайыр гүлүн ачкан көктөмдөр жети жолу алмашты. Ар бир жыл коллективдин мүчөлөрүнө бири-бирине окшобогондой элес калтырды. Гүлкайырдын өмүр жолунун башталышы жазылган альбомдун эң биринчи бетинде он кыздын аты-жөнү көзгө даана урунат. Алар Күлүйпа Ташкулова, Фирхад Чердизова, Бурулча Таирова, Тазил Касымова, Айтбү Мырзакимова, Расия Арзыгулова, Фарида Насирова, Гүлнара Турсунова, Урмат Капарова жана Лайли Абдураимова эле. Азыр кыздардын эмгек жолу менен өмүр жолу он альбомго толуп чыккан. Бул альбомдор алардын өлбөс-өчпөс тарыхы,

андан кыздардын тууган жердин турпагында калтырган эмгектик издери жазылган. Алар турмушка кандай сөнүн эстелик калтырышкан: ар бир кыздын өмүр баяны, эмгек жолу, өндүрүштүк көрсөткүчтөрү, моралдык, материалдык сыйлыктары, кандай коомдук жумуштарды аткаргандыгы, ким менен баш кошкондугу жана андан кийинки маалыматтары жазылган альбом бөлмөнүн асемдүү жерине коюлган.

«Гүлкайырдын» кыздары эмгектенишкен жана жашап жатышкан талаа станы айылдан обочороок, үч-төрт чакырым алыстыкта, дүпүйгөн калың бак-дарактын арасында жайгашкан. Мындан жети жыл мурун ал жерге ичке ар кандай мөмө-жемиш бактарынын жана башка талдын көчөттөрү отургузулган. «Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет» деген да мезгил келди. Ошол ичке чырпык талдар бүгүн бутагында мөмө шагы ийилген чынарга айланган. Талаа станында телефондук байланыш да орнотулган.

Турмуш жана адамдын өмүр жолу дайыма өзгөрүп, өсүп-өнүп турушу закончченемдүү көрүнүш го. Ал бир орунда жылбай тура берүүчү кыймылсыз сенек эмес. Көптөгөн кыздардын жеке турмушунда өзгөрүүлөр болду, көпчүлүгү сүйгөн теңдери менен баш кошуп, үй-жай күтүштү. Коллективге мүчө болуп киришкен кыздар жалындаган жаштык жылдарын бригаданын ар намысы үчүн төрт-беш жылдан эмгектенишип, эмгек эстафетасын кийинки муундарга берип, үй-бүлөлүк шартка жараша бакыт конушун өндүрүштүн башка тармактарына которушкан. Жети жылдан бери бригадага жүздөн ашуун кыз мүчө болуп киришип, анын жетимишке жакыны турмушка чыгып, эмгек жолун ар кандай тармактарда улап жатышат.

Көптөгөн кыздар турмуш-шарттарга байланыштуу коллективден кетип жатышканда эстелик альбом-китепчге минтип жазышкан: мага жаштар бригадасы өмүрдүн негизги өзөгү болгон эмгекке ак ниеттүү мамиле жасоону, анын ачуу-таттуусун, урмат-баркын үйрөттү, айлана-чөйрөгө карата көз карашымды кеңитти. Көрсө, адам ынтымактуу коллективде гана эмгектен бактысын табат экен. Мага

ошондой өмүрдүн бактысын табууга Лайли Абдураимованын акыл-насааттары, эң жупуну, жайдары, ачык мүнөзү, анын изденүүчүлүк жөндөмү жардам берди. Турмуштан өз бактымды издөөдө эмгектик тушоомду кескен «Гүлкайырдагы» жаштык күндөрүмдү унутпаймын.

Ооба, чынында эле «Гүлкайыр» бригадасы мектеп партасынан жаңыдан эле талпынып чыгышкан темир канат балапандарды жетилте талпындырып ак шумкардай көккө учканга чейин тарбиялоочу эмгек мектеби болду. Жети жылдын ичинде отузга жакын кыз жогорку жана атайын орто окуу жайларына өндүрүштүк жолдомо менен окуп жатышат. Онго жакын кыз өндүрүштүк эң мыкты көрсөткүчтөрү жана чарбанын коомдук иштерине активдүү катышкандыгы үчүн Коммунисттик партиянын катарына кабыл алынып, өзүнүн мындан аркы өмүр максатын бир тууган колхозунун көп кырдуу өндүрүштүк тармактарынын тагдыры менен байланыштырып калышты. Ал эми жашоодо мындан артык кандай бакыт, кандай максат болмок?

Адал эмгек кимди кандай урмат-сыйга жеткиргени айрым жаштардын эле өмүр жолунан көрүнүп турат. Алсак, бригадирдин жардамчысы Күлүйпа Таникулова айыл чарба техникумунун сырттан окуу бөлүмүндө окуйт. КПССтин мүчөсү. Фирхад Чердизова айылдык Советтин депутаты, бригаданын комсомолдук уюмунун секретары, КПССтин мүчөсү, азыр ал тажрыйбалуу механизаторлордун бири. Комбайндын штурвалында отуруп, жыл сайын дандык жүгөрүнүн сотосун жыйнайт. Алар жаздан талаачылык жумуштары аяктаганча дөңгөлөктүү тракторду башкарып өсүмдүктөрүнүн катар аралыктарын иштетет, минералдык семирткичтер менен иштешет. Эр жигитке жетимиш өнөр аз болгондой ал мындан башка да өнөрлөрдүн ээси. Сергек жана шайыр кыз өздүк көркөм чыгармачылыгынын жетекчиси, сахнада булбулдай үнүн созолонтуп ырдап жиберсе, уккан адамдын ой-сезимин толкундатып жиберет. А бийчи кыз Фарида Насировачы? Аккуу сыяктанып асемдүү көйнөгүн кийип бийлеп чыкканда, көргөн адамдын көңүлү ыраазы бо-

дуп, дүркүрөгөн кол чабуулардын алдында сахнадан узатылат. Гүлнара Турсунова Дмитрий Шостаковичтин «Алтынчы симфониясын» назик колу менен клавишаларда ойногондо өнөр кенчи айыл жеринде экендигине кадиксиз ишенесиң. Териштирип талдай келсең бригададагы ар бир кыз ырдай да, бийлей да билет. Ошол үчүн өздүк-көркөм чыгармачылыгынын райондук кароосунда бригаданын шайыр жаштары байгелүү орунду ээлеп, аккордеон менен сыйланып кайткан. Эмгектеги эң мыкты көрсөткүчтөрү жогору бааланып, кыздар бригадасы СССРдин эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсү тарабынан фортепиано менен сыйланган.

Кыздар талаачылык жумуштарынан кайтышар менен эле стандагы кош жаздык коюлган диван-керебетке жамбаштап кыйшая калышпайт. «Уйкунун да чеги, өзүнүн белгилүү сааты бар. Ашыкча уктоо адамды көптөгөн өмүр максаттарынан кол үздүрүп, аны жалкоолуктун жана жакырчылыктын сазына кептеп салат. Мындай шалаакылык, айрыкча кыз балага мүнөздүү болбогону жакшы».— Коллективге жаңыдан келип кошулган кызга Лайли ушундай насааттарды айтып, аны дайым мезгилден озуп жүрүүсүнө кеңешин айтат.

Кыздар эс алуучу талаа станында турмуш-тиричилигине байланыштуу алардын ар кандай өнөр үйрөнүшүнө ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Бригада 1984-жылдан тартып бригадалык подрядга өткөндөн соң мамлекетке дандык жүгөрү, пахта, тамеки сатуудан түшкөн накта кирешенин эсебинен өздөрүнүн социалдык жана маданий жактан керектөөлөрүн канааттандырууга мүмкүнчүлүк алган. Алсак, кыздардын эс алуучу бөлмөлөрүнө бир нече кийим тигүүчү электр машиналар сатылып алынган. Ал эми кызыл бурчта кийимди бычуунун, тигүүнүн, саймалап-көркөмдөп тигүүнүн жол-жобосу жазылган справочник түрүндөгү китепчелер, азыркы мезгилге ылайык кийимдин үлгүлөрүнүн түрлөрү жөнүндө баяндама берилген журналдар коюлган. Алар

бош убактыларында сезонго ылайык өздөрүнө керектүү жеңил-желпи кийимдерди өздөрү эле тигип алышат. Бир коллективде жашаган соң алар биринин билбегенин билгендери түшүндүрүп жолдоштук жардамдарын аяшпайт.

Кыздардын эс алуучу, уктоочу бөлмөлөрү дайыма таптаза жана иреттүү. Ар бир бөлмөгө төрттөн, beштен, алтыдан кыз жайгашкан. Эки залга кең экрандуу телевизор, радиоприемник, магнитофон орнотулган. Музыкалык аспаптар: комуз, темир комуз, гитара, кыяк, мондолин кызыл бурчтун ыңгайлуу жеринде этияттык менен сакталып турат.

Стандан жүз метрче аралыкта жунуучу душ жана мончо курулган, өндүрүштөн күндүзгү же түндөсү кайтышса кыздар жуунуп-тазаланып алууга мүмкүнчүлүк алышат. Өнөктүк жумуштардын арасында аткарылуучу иштер сейилдей түшкөндө жетекчилердин макулдашуусу боюнча коллективдүү түрдө Ош шаарындагы драмтеатрга барып келишет. Кимдин туулган күнү болсо, атайын жазылган куттуктоо тактага илинип коюлат, анын урматына чакан концерт уюштурулат.

Жаштар бригадасынын алдыга коюлган милдеттеринин турмушка кандайча аткарылып жатышы, ийгиликтери, ишке кедерги болгон мүчүлүштөрү жөнүндө баяндалган материалдар ай сайын .чыгарылуучу «Комсомолдук турмуш» аттуу дубал газетасынын беттерине чагылдырылып турат. Комсомолка Айтбү Мырзакимова анын редакторлук милдетин 1983-жылдан бери ийгиликтүү аткарып келе жатат. Дубал газетанын басымдуу бөлүгү социалисттик мелдештин жүрүшүн чагылдырган материалдар ээлейт. «Гүлкайырдын» кыздары беш жылдан бери коммунист Фарида Гуриева жетектеген «Байчечекей» комсомолдук жаштар бригадасынын коллективи менен атаандаштыкка чыгышкан. Булар да эч кимге мөрөй алдырышпаган убадага бек турушкан кыздар. Алар мезгил-мезгили менен тажрыйба алмашуу максатында бири-биринин айдоо талааларында болушуп, өндүрүштүн уюштурулушу, жашоосу менен таанышып турушат. Жогорудагы эки бригада тең алдыдагы

беш жылдыктын тапшырмаларын ашыкча аткарышкандыктары үчүн колхоздун башкармасынын, партиялык жана профсоюздук уюмунун өтмө кызыл туусу менен сыйланышкан. Ошондой эле булардын аты-жөнү чарбалык жана райондук Ардак такталарга жазылган. Ал эми «Гүлкайырдын» коллективине берилген мактоо грамоталарын, алкыштарды эсептесең өзүнчө узун тизмеге жайгашар эле.

КПССтин XXVII съезди болуп өткөн көктөм күндөрүндө Кара-Суу районундагы Фрунзе атындагы колхозго барганда «Гүлкайыр» комсомолдук-жаштар бригадасынын мүчөлөрү эмгектенишкен Каарман кыштагынын аймагын аралап өтүүгө туура келет. Лайли Абдураимова съездден кийинки күндөрдө кандай милдеттерди иш жүзүнө ашыруу үстүндө түйшүктөнүп жатты экен деген суроо да көңүлдүн тереңинде турду. Чоң шоссе жолдон батышты көздөй бурулган айрылыш жолдогу бийик аркада «Гүлкайыр» комсомолдук-жаштар бригадасы» деген коолдолуп жазылган жазуу алда кайдан көзгө урунат. Кыздардын станына чейинки узундугу үч чакырымча жолдун эни куушураак болсо да асфальтталып коюлган. Көрсө, бул жол Лайли республиканын Жогорку Советинин депутаттыгына шайланганда кыздардын наказы боюнча асфальтталыптыр.

Кыздардын турак жайы мөмөлөрү бүчүрлөп жаткан калың жемиш багына курчалган. Жолдун жээгиндеги, стандын айланасындагы чакан боштуктарда кызыл-тазыл таажыларын жайнаткан сандаган гүлдөрдүн сабагы сыдырым желге билинер-билинбес болуп теңселет. Бул кадимки гүлкайыр гүлдөрү эле. Ош аймагынын тоо, талааларынан ушул гүлдүн жапайы түрүн көп кездештиресиң. Аптаптуу кургакчылыкта гүлдүн назик жалбырагы тез эле саргайып кубулуп түшөт. Ал эми талаа станынын алдындагы бош аянттагы гүлкайыр гүлдөрү күзгө чейин кооз көркүн жоготпой гүлдөп турат. Көрсө, мунун себеби мындай экен: кыздар анын уругун сээп өстүрүүнү адатка айлантыптыр.

— Бригадабыздын аты Гүлкайыр болсо, анан келгендерге гүлүңөр кайда десе эмнени көрсөтмөкпүз? Ошол үчүн бул

гүлдүн уругун кайдан болсо жыйнап жүрөбүз. Жетиштүү болсо аны жүгөрүнүн, пахтанын, тамекинин тилкелеринин четине да сээп коёбуз. Анткени гүлкайыр биздин жаштыгыбызды элестетип туруучу табигый сулуулуктун символу го. Биз дайыма гүлдөй болуп жапжаш бойдон жүрсөк дейбиз. Эмне үчүн бригадага ушул гүлдүн атын тандап алдыңар деген суроobузга бригадир Лайли Абдураимова мына ушунтип жылмайып жооп берди.

Чынында эле ошондой эмеспи. Эмгек. Жаштык. Бакыт. Мына ушул үч сөздүн тереңинде ак эмгекке айкалышкан өмүр гана көк кырандагы гүлкайырдай жапжаш болуп көктөп, бакыт жылдызынын алтын нуруна бөлөнөт.

Жыйырмадан ашуун кыз жашаган «С» формасында салынган турак үйдүн тышкы дубалынын чатырчасы менен анталышкан жердин алдындагы далдоолорго кыдырата көптөгөн чабелекейдин бапестеп уя салып жатышканын чай ичип жаткан чарпаядан көпкө кызыгып карап турдук. Түгөйлүү эки чабалекей түз эле кыздар жашаган үйдүн коридорунун эшигинин үстүндөгү шыпка уясын салып, тегерек кууш оозунан баштарын чыгарышып жайланышып алышкан. Булардын айынан эми эшик да дайыма ачык калтырылат. Бул канаттуу жапыбарлар көрүнгөн жерге эле уя сала беришпейт. Карылар «чабалекей боорукер жана ак ниеттүү адамдарды жакшы көрүшөт. Алар ошондой адамдар жүргөн жерге уясын салышат. Мындай жердеги адамдын конушунан өмүр бою бакыттын алтын кушу кетпейт» дешет.

Кызыл-тазыл гүлгө бөлөнгөн «Гүлкайырдын» конушунан мөмөлөрүн самсаалаткан алмуруттун, алманын, өрүктүн багын, ошондой эле жүзүмдүктөрдү да көрүп, адам колунан жаралган ырыскынын мөмөлөрүнө көңүлүң тоёт. Бул бактар колхоз тарабынан отургузулган эмес. Кыздар жаңыдан топтолуп, ак тилек менен ушул жерге түндүк көтөрүшкөндө алардын ар бири бир-экиден жемиш бактарынын көчөтүн кошо ала келишкен.

Үй-бүлөлүк шарттарга, окууга өткөндүгүнө жана турмушка чыккандыгына байланыштуу бригададан кеткендер-

дин орду кийинки он жылдыкты бүткөндөрдүн эсебинен толуктаганда бригадир биринчи иретте алардын адамгерчилик сапатына, боорукердигине, чынчылдыгына жана ак ниеттүүлүгүнө, өзгөчө, көңүл бурат. Адамдын адамдыгы бирге иштешкен коллективди сүйө билиши менен аныкталат. Лайли Абдураимова өзүнүн басып өткөн өмүр жолунда кесиптештерин эмгекке тарбиялоо багытында көптөгөн иштерди жүргүздү. Аларды башбактатып жогоруда айтып кеттик го.

«Гүлкайыр» комсомолдук-жаштар бригадасынын мүчөлөрү жашаган жайкы талаа станында болгонубузда үч уктаса ойго келбеген эң сонун турмуш-тиричилик шарттарынын түзүлүшүнө көңүлүбүз толду. Айылдагы айрым орто мектептеги онунчуну бүтүүчү көптөгөн кыздардын «Гүлкайыр» бригадасына мүчө болууну каалагандыгынын жөнү да мына ушунда экен. Ошентип, «Гүлкайыр гүлүн ачкан көктөмдөр тез келип, онунчуну бүтсөк» дешкен кыздар андан көп.

Деги гүлкайырдын гүлүн ким жыттагысы келбейт, аны ким сагынбайт? Гүлкайыр гүлүн ачкан көктөмдөр айыл кыздарын бакыттын ак жолуна чакыра берсин!

## АЙСЫЗ ТҮНДӨ КҮЙГӨН ОТ

Жылдын кайсыл мезгилинде барсаң да айыл жеринде күжүлдөгөн эмгек түйшүгү менен алпурушуп жүрүшкөн адамдардын кызуу кыймылын көрөсүң. Алардын ишин шаардагы жумушчулардын сегиз сааттык смендик жумушуна теңөөгө болбойт. Өнөктүк жумуштарда айылдык эмгекчилер убакыт менен да эсептешүүгө чамасы келбей калат. Айыл жеринде таң супа салгандан асман бети сан жылдызга толгонго чейин да эмгек кыймылын токтотушпай, талаа аймагынан басып кетишпейт. Айрыкча айыл чарба өсүмдүкторүнүн түшүмү жыйналып жаткан алтын күздүн учурунда кандай адам жай алып жылуу үйдүн төрүндө отуруп

алат? Алты ай бою жумшалган маңдай тердин тамчыларынан жаралган ырыскынын мөмөлөрүн ким шамалга учуруп жибергиси келсин? Жеке максаттарын коомдук байлыктын кызыкчылыктары менен айкалыштырып эмгекти сүйгөн адам гана көз ачырбаган бурганактаган бороонго да моюн сунбай эмгек мөмөлөрүн коромжуга учуратпай жыйнап алууга умтулат тура. Чаалыгып чарчадым, ысык-суукка терим карышып оорудум деген сөзгө жамынып, ишти акырына чейин бүтүрбөй кете берүү айылдын ак тузун сүйгөн адамга мүнөздүү эмес.

1985-жылдын сентябрь айынын эң акыркы түнүндө Чоң-Кемин өрөөнүнө нөшөрлөгөн жамгыр төгүп, түн ортосунан кийин карга айланды. Кемин районундагы «Көк-Ойрок» совхозу мамлекетке картошка сатуу планын аткаруу алдында турган. Пландын аткарылышын камсыздоо үчүн дагы эки жүз тонна картошка казылып, мамлекетке тапшырылышы тийиш эле, андан ашканы милдеттенменин аткарылышын камсыздакмакчы. Тилекке каршы буркан-шаркандаган нөшөрлүү кардын жаашы чоң тоскоолдук келтирди. Али элүү гектар жердин картошкасы казылбастан кар алдында калуу коркунучунун алдында турду.

Картошканы казуу ишине Фрунзе шаарынан барышкан беш жүздөн ашуун адам жардам берип жатышкан. Чарбанын милдеттенмеси аткарылар замат жардамга барышкандар үйлөрүнө кайтышмак.

Аба-ырайынын мындай кескин өзгөрүшү совхоздун директору менен партиялык комитетинин секретарын терең ойго салды. «Күндүн жаашы эки-үч күнгө же жумага созулуп кетсе, калган картошка казылбастан топурактын алдында калабы? Андай болсо жардамга келишкен беш жүздөй жумушчуну кармап туруунун кандай зарылдыгы бар? Директор райондук жетекчилерге иштин жөн-жайын түшүндүрдү. Иш оңунан айланып, район тараптан жакшы кабар угулду. Эртеси күн ачылып, эки сутка бою жаан чачылсыз болот деген маалымат алынды. Аба-ырайынын жогорудагыдай нөшөрлөп жаашынын кесепетинен механизатор Жы-

паркүл Абылгазиева эмгектенген звенодо дагы он гектардай жердин картошкасы казыла элек болчу. Чарбанын башка звенолорунда деле төрт-беш гектардай аянтынын картошкасы кар алдында калды.

Кар жаагандын эртеси күн чайыттай ачылып кетти, бирок кара шамалдын ызгаары бети-колду тызылдатат. Талаадагы кар эрип кетти. Ал эми аянттагы камырдай жуурулган кара баткактан бутту араң көтөрүп басасың. Ал күнү талаа тым-тырс болуп, эмгек кыймылы башталган жок. Ошол күнү кечтен тартып звеновой катуу тынчсызданып, бир кеңсеге, бир гаражга барып бушайман болуп жүрдү. Звенодогу эки картошка казгычтын биринин транспортердук ленталарын жылдыруучу механизмдери бузулуп, али гаражда анын оңдолушу бүтпөй жатты. Механиктердин айтымына караганда ал эртең түшкө жакын гана жөнгө салына турган. Звеновой мына ушундай абалга күйүп-бышып, бардык жерге урунду. Бригадаларда ашык баш техника жок болуп чыкты. Техника болгон күндө да аны ким бере коймок? Бардык звенолордун картошкасы казылып бүтпөй; жатса, ким эле өз ишин токтотуп, техникасын башкага бермек? Бригада, звенолордун бардыгы бригадалык подрядга өткөрүлүп, ар бир коллективдин мүчөсү түпкү натыйжа үчүн күрөшүп жатышты. Жакшы иштеп, арбын түшүм алсаң, ошончолук эмгек акыга белден тупа тургандыгын ар бир адам айкын түшүнүшөт.

Звеновойдун эми ишенер-таянар тоосу жалгыз гана Жыпаргүл эле. Аба муздап, күн чыкыроондоп турганда ишти алга жылдыруу үчүн ар бир минутаны туура пайдалануу керек болчу. Анткени эртең анын карамагында иштөөчү эки жүз элүү адам жалгыз трактор казган картошканы андай-мындай дегенче эле капка салып, көбүрөөк бошко туруп калышмак. Анда мунун кимге пайдасы бар? Мындай болсо ашыкча адамдар башка бөлүмдүн звенолоруна жиберилиши тийиш эле.

— Жумушчулардын өндүрүмдүү иштешине ыңгайлуу шарт уюштурулбай, аларды колдон чыгарып жиберебизби?

«Асыл — таштан , акыл — жаштан» дейт. Эртең калган аянттардын жарымынын түшүмүн кантип казып жыйноого жетишүүнүн айла-амалын табабыз? Мен сенден акыл сурап жатамын го,— деди звеновой тракторист Жыпаргүлгө ойлуу карап.

— Менин «көк тулпарым» бузулбай иштеп берсе эртең төрт гектар жердин картошкасын омкоруп, топурактын үстүнө жайнатып коёбуз. Андан көрө эртең жаңагы жардамга келишкен эки жүздөн ашуун жардамчыларыбыздын картошканы жыйноого чамасы жетпей ачык талаада калып калабы,— деп чочулаймын.

— Тракторист келин звеновойго карап,— баары жайында болот, анчалык жан алакетке түшүп тынчсызданбаңыз дегенсип, тракторунун электр жабдууларынын түйүндөрүн тазалап текшерип жатты.— Экинчи картошка казгычтын сынышына мен да тынчсызданып, эртең ишти түнкү саат төрттө баштоону чечтим. Мен беш саат бою картошка казып ишти эртең мененки саат тогузда токтотуп, үч саатча эс алайын. Жардамчылар ушул мезгилдин ичинде казылган түшүмдү терип-жыйнап, каптарга салып даярдап коюуга үлгүрүшсө, иштин жайында болгону. Жардамчылар түштө тамакка кетишет, бул аралыктагы эки сааттын ичинде дагы бир жарым гектардын түшүмүн казууга үлгүрөмүн.— Звеновой оозуңа май дегенсип трактористтин майланышкан колдорун бекем кысып кеңсени карай жөнөдү.

Айсыз түн. Асмандагы ала-телкин болуп каршы-терши удургуп жылган булуттар арасынан айрым жылдыздар жымыңдап көрүнө түшөт. Түнкү саат төрттө жарыктандыргыч кош фары күйгөн трактор обочодогу кыштактын четинен чыгып, мейкин тилкедеги картошканын аянтына кирди. Түнкү саат төрт — бул адамдар да, айбандар да тынч алып, мемиреген уйкунун кызыгына баткан учур го. Күзгү сыдырым муздак жел бети-колду тызылдаткан ушундай мезгилде жылуу төшөктө жатуудан кайыл болуп, трактордун жардамы менен картошка казуу эр азаматтардын гана колунан келет. Жоопкерчиликти жана коомдук кызыкчылыкты туура

түшүнгөн адам гана кыйын кезеңдеги жумуштарды аткарат. Болбосо «мен аял затымын. Қакайып трактордун рулунда эртеден кечке чейин отурганым деле жетишет. Менин да күйөөм бар. Эки жашар кызымды кучактап, жыттап жатсам мага жаман болмок беле? Бирок учурдагы оор абалды көрүп туруп кантип эрким чыдамак? Чарба боюнча милдеттенме аткарылбай калса, бул баарыбыздын бетибизге чиркөө болот. Буга менин коммунисттик ар-намысым да жай алып тынчып калмак эмес» деп ичинен терең ойго чөмүлгөн Жыпаркүл трактордун моторун дүркүрөтүп, түн бою картошканы жер үстүнө жайнатып каза берди. Айсыз түндө трактордун кош жарыгынан чачыраган жарык бет алдындагы жашыл жалбырактуу плантацияны гана эмес, өрөөндүн өйүз-бүйүзүнө чейинки аймакка чейин чачырап жатты. Айсыз түндөгү мейкин талаадагы бул жаркырап күйгөн от Жыпаргүл башкарган трактордун жарыгы экенин эч ким туйган да жок. Аны бир звеновой, бир күйөөсү гана билет.

Көк-Ойроктун көк аскаларынын чокуларынан күмүш нурун чачыратып күндүн нуру жерге тегиз тийгенде келин тракторун тилкенин четине чыгарып моторду өчүрдү. Башына тыбыт жоолугун бекем байланып, кабинанын бир жак капталына кичинекей жаздыкчаны жөлөп уйкуга кетти. Тракторун кыштакты аралатып курулай айдагысы келген жок. Курсагы ачса жанында азыгы, термосто чайы бар эле. Арадан саналуу гана мүнөттөр өткөндө ат менен бөлүмдүн башкаруучусу келип, үстүндө өтмө кызыл желекче желбиреген Жыпаргүлдүн тракторунун жанына токтоп, кабинанын айнегинен келиндин таттуу уйкунун кучагында термелип жатканын баамдады. Ал уйкусун бузбайын деп тилкени аралап кирди. Бригадир төрт гектардан ашуун аянттын картошкасы казылып, топурактын үстүндө жайнап жатканын көрүп, энеси эркек төрөгөндөй сүйүнүп кетти. Аңгыча звеновой да шашыла келип аянтты аралап кыдырып чыкты.

«Баракелде, коммунисттик сөзүңдө бекем турган экенсиң. Бүгүн совхоздун кеңсесинин жанындагы эмгек даңкынын желеги коммунист тракторист Жыпаргүл Абылгазиева-

ныи урматы үчүн көтөрүлүшүн сунуш этемин» деп ичинен күбүрөп койду звеновой кубанып.

Жогорудагыдай кубанычтуу кабар совхоздун директоруна чейин угулду. Бул учурда бардык звенолордо картошка казуу ишине жаңыдан эле кирише баштаган. Ал эми чиркегичтерин сүйрөтүп автобазадан келишкен онго жакын автомашинанын айдоочулары кайсы звенодогу картошканы жүктөйбүз дешип жетекчилердин кужуруп алып жатышкан эле. Иштин жайын уккан директор кеңсенин жанындагы он машинаны тең Жыпаргүлдүн талаасындагы картошкага шашылыш түрдө жиберип, өзү да ошол тарапка жөнөдү.

Жыпаргүлдүн түп боюнча казган картошкасы чиркегичи бар жыйырма автомашинага жүктөлүп, кабыл алуу пунктуна жөнөтүлдү. Ошол күнү совхоз мамлекетке картошка сатуу планын ийгиликтүү аткаргандыгы жөнүндө рапорт берди. Мына ушул иште тракторист Жыпаргүл Абылгазиеванын баалуу салымы бар экендиги баса белгиленип, совхоздун дирекциясы тарабынан алкыш жарыяланып, келиндин каарман эмгегинин урматына эмгек даңкынын желеги бир нече күн бою желбиреп турду.

Эрдик эң кыйын, эң татаал мезгилдерде гана сыналат го. Жогоруда биз сөз козгоп жаткан көк-ойроктук механизатор келин мындай каарман эмгектин үлгүлөрүн биринчи жолу эле көрсөтүп отурган жок. Баамдап, эмгек барактарына көз жүгүртүп отурсаң, анын ар бир күнкү өмүр жолу кандай мактасаң жараша турган өзүнчө эле бир дастан. Кыз ушул татаал өнөр кесибин кантип кыска мөөнөттө өздөштүрүп, кантип тез арада эле эл оозуна алынып, элдин кадырлоосуна ээ боло баштады? Буга толук жооп алуу үчүн анын өмүр жолуна кыскача токтоло кетели.

Эне баласына бактылуу өмүрдү гана тилейт эмесби. Эне жүрөгү жана мээрими бала үчүн ааламдын кеңдигиндей чексиз экендигин эч ким күнөм албайт. Баласына түшкөн кайгы мага түшсө деп каалайт го ар бир эне. Жыпаргүл эселек кыялдуу балалык жылдары менен коштошуп, онунчу классты бүткөндө да ал энеси үчүн паристе кыздай кө-

рүнүн, аны өмүр бою жанынан чыгаргысы келбеди. Бирок түтүндүн түндүктөн кандай чыгарын, баланын кандай өсөөрүн алдын ала болжолдоп айтуу кыйын да.

«Кыз кыялы миң сырдуу» дегендей Жыпаргүл оор басырыктуу болгону менен анын жүрөгүнүн терецинде көңүлүн асмандагы Айга чейин сериилткен канаттуу ой-максаттар бийлеп, бактын алтын тукасын кармоого жетелээр эле. Бөтөнчө бой тарткан жаш кыздын тагдыры ойлондура турган тагдыр го. Ал келечекте өзүнүн өсүп-өнгөн үйүнөн алыстап, башка бирөөгө бактысын байлап, турмуштун татаал сыноолорун башынан өткөрөт. Бул ар бир кыздын турмушунда кездешүүчү көрүнүш. Жаш кезимде казанаяктын кашында байланбай бир окуу жайына өтүп окуп алсамбы деген ой да анын көңүлүнө оролбой койгон жок.

— Кызым,— деди бир күнү атасы Шаршенкул Жыпаргүлгө карап,— онунчуну бүткөн улан-кыздардын көбү шаарды карай жөнөп жатышат. Биздин турмушубуз деле жаман эмес. Жарым кылымдан ашуун устачы болуп пенсияга чыктым. Апаң экөөбүз шарт болбой жаш кезибизде окубай калдык. Азыркы заманда билимсиз, өнөрсүз жашоо бутаксыз терекке окшош экен. Деги, сен кайсы окуу жайына барайын деген оюң бар? «Уул атасын, кыз энесин тартат» дейт. Эркек болсоң менин устачылык кесибимди улант демекмин.

— Ата, чын оюмду айтсам жаман көрбөңүз. Азыркы заманда бул ишти эркек, бул ишти аял аткарат деп эч ким зордук менен чектебейт. Мен механизатордук кесипке ээ болуп, трактор айдасам дегенде ак эткенде, так этип жүрөм. Мындан башка мага жаккан кесип жоктой сезилет. Буга кандай дейсиз? — Мындай кепти угам деп ойлобогон атасынын шаштысы кетип калды.

— Чоң-Кемин эмес бүтүндөй Кемин районунун аймагында карала-торала болуп майланышып, трактордун рулуна отурган аял затын көрөлекмин. Кийин апаң экөөбүз элдин шылдыцына калып, уятка калбайбызбы? Баарынан да жигит механизаторлор: — «Жүрө билбеген жол бузат, сүйлөй

билбеген сөз бузат» болуп трактор айдайм деп жар сүзүп, техниканы талкалап, өзүңдү майыпка учуратып албас бекенсиң?

Жыпаргүл атасынын кебинне жылмая күлүп: — ата, мен адегенде техниканы башкаруу үчүн атайын окуу жайынан окуп, тийиштүү эрежелерди өздөштүргөндөн кийин гана трактордун рулуна отурам да. Мен эмне, асманды карап оозумду ачып эле турмак белем? Техниканы башкаруунун ыгы бар, мен ошонун сырын окусамбы деген ойдомун.

Шаршенкул карыя бир сырдуу кызынын сырын түшүнгөндөн кийин ичинен тим болду. «Азыркы учур — техниканын заманы тура. Максатың жаман эмес. Ошол ой-тилегиңе жетип, өмүр жолуңду бакыттын жылдыздары жаркыратып турсун» деп кызына ак батасын берди.

Ошентип, кыз өзүнүн эмгек жолун туулган жерден баштоону чечти. Мехпарктагы ар кандай көмөкчү жумуштарды аткаруучу жумушчулук кесипке өттү. Тоют цехинде, чөп таңгактоо, үрөн себүү жумуштарында эмгектенди. Мына ушул учурда кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүрүп, 1979-жылдан бери тракторист болуп иштеп жаткан Абдумомун менен таанышып, жүрөктөгү ой-сырын аны менен тең бөлүшүп жүрдү. Акыры мындай жолдоштук мамиле экөөнүн ортосун уламдан улам бекемдеп, достуктун, сүйүүнүн назик жолдорун ажырап кетпегендей данакерлеп салды. Көп өтпөй экөө баш кошуп, андан аркы жаштыктын жылдарын эрди-аялак болуп бирге өткөрүүнү чечишти. Бирин-бири сүйүшүп баш кошуу — ал күнүмдүк ыракат эместигин экөө тең туура түшүнгөндөн кийин гана «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып» отурушат. Эми алар биринин оорун бири көтөрүп, кубаныч кайгыга тең орток-тош болуп өмүр бою бактылуу жашоону гана самашты. Ал эми адамзаттын турмуштан издегени эле бакыт жана жакшылык эмеспи. Ошондон көп өтпөй совхоздун атайын жолдомосу менен Жыпаргүл чарбадан элүү чакырым аралыкта жайгашкан Боролдой кыштагындагы № 103 айылдык кесипчилик-техникалык окуу жайына кирип, алты айдан ки-

нин механизатордук курсту аяктап тууган жерине келди. Айылга келер менен ишке кирди. Капиталдык ремонттон чыккан МТЗ-50 үлгүсүндөгү трактордун рулуна отурду. Эски экен деп муну оюна да алган жок. «Техниканын бузугун жакшы түшүнгүчө мага трактордун ушундай эскисинин ыйгарылганы эле жетишет. Окууну жаңы бүтсөм башкы инженер мага жаркыраган жаңы тракторду ишенип бере коймокпу? Бул трактордун тышкы көрүнүшү, моторунун иштеши деле жаңыдай экен. Эмнеден бүдөмүк санамакмын, кыйналсам Абдумомун жардам берет» деп келин эч нерсеге күмөндөр болбостон «болот тулпардын» отургучуна отурду.

Жыпаргүл механизатордук курсту бүтүп, эмгек жолун баштаганда айыл жеринде кыш толук күчүндө өкүм сүрүп турган. Жакадагы кар аттын тушарынан болсо, кокту-колоттордуку андан да калың эле. Жыйырмадай ашуун кой кыштатылып жаткан кыштоолорго борбордук кыштактан күн сайын тоют ташуу милдети алты-жети трактористке жүктөлөт. Ошол жооптуу милдетти аткаруучулардын катарына Жыпаргүл да кирди. Кой кыштоолорунун бардыгына баруучу жол ийри-буйру кыялар, жапыс белестер аркылуу өтөт. Жаш трактористка келин өзүнүн эмгек жолун мына ушундайча баштады. Анын бул иши мал көктөмдүн көк чөбүнө тоюнганга чейин созулду. Өндүрүшкө ак ниеттүү мамиле жасап, бир чарбада эмгектенгендер менен туура ой табыша билген адам кайда, кандай тармакта иштеп жатышса да бат эле эл оозуна алынып, көпчүлүктүн көзүнө көрүнө түшөт экен. Жыпаргүл да так ошондой кадырсыйга ээ болду. Белгиленген график боюнча кыштоолорго тоюттун өз убагында жеткирилишине малчылар да чексиз кубанышып, ага алкоолорун алкап жатышты.

«Трактордун тетиги сынды, жол өтө тонголок экен, суукта мотордун суусу тоңуп калыптыр» деген шылтоолорду айтып, малдын тоюттандырылышын үзгүлтүккө учуратпагандыгына малчылар чексиз ыраазы болушту.

Айыл талаасында дыйканчылыктын түйшүгү бүтөбү? Ана-мына дегиче эле талааны шаңга бөлгөн жаз жарышы

кирип келди. Айыл чарба өсүмдүктөрүн себүү иши кызуу башталганда Жыпаргүл сеялканы чиркештирип, аянттарга үрөн септи. Совхоздун негизги тармагы болгон картошканы отургузуучу машинаны да чиркештирип, тилкелерге үрөн отургузду. Ар кандай айыл чарба жумуштарын аткарууга көзү каныгып калгандыгын байкаган совхоздун директору бир жылга жетпеген аралыкта эле жаш тракторист келинге МТЗ-80 үлгүсүндөгү жаңы тракторду ыйгарды. Кандай гана адам болбосун механизатордук курсту бүтүп келген жаш кадрга жаңы техника берилбейт. Бузулса үйрөнгөнүнө жакшы деп окууну жаңы бүткөн кадрга дайыма эски техниканын ыйгарылышы мурдатан эле адатка айланган. Окууну бүтүп келген адамга дароо эле жаңы техника берилсе, анда буга механизаторлор да наараазы болушмак.

Жыпаргүл азыр ысык-суукка тотугуп, өндүрүштөгү ар кандай жумуштарды аткарууга машыгып калган. Саратан күздүн күндөрүндө КТН-Б үлгүсүндөгү картошка казгыч машинаны чиркештирип, таңдан кечке айдоо талаасында жүрсө да кабагым-кашым дебей дайыма алдыңкылардын катарында жүрөт. Ал эми мээ кайнаткан аптаптуу жай айларында чөп чаап майдалоочу КИР-1,5 үлгүсүндөгү агрегатты тракторуна чиркештирип, тоют топтоо өнөктүгүнүн акырына чейин иштеп, кесиптештерине эмгектин эң сонун үлгүлөрүн көрсөтөт.

Жыпаргүлдүн механизатордук тажрыйбасы анчалык узак эмес. Трактордун рулуна отурганына төрт жылдан бир аз гана ашты. Ар жылкы аткарган жумушунун өлчөмү миң эталон гектардан кемибейт. Көптөгөн механизатор жигиттердин аткарган эмгектик көрсөткүчтөрү да мындан ашып түшкөн жок. Тракторист келиндин каарман эмгектик чектери анын ак ниеттүүлүк менен аткарган ишинин айкын күбөсү экендигинин далили. КПССтин мүчөлүгүнүн катарына кабыл алып жатканда анын эмгектеги ийгиликтери менен бирге коллектив арасындагы жупунучулук мүнөзү, коомдук ишти аткаруудагы дилгирдиги жана өндүрүштөгү кемчиликтерге карата жасаган келишпес мамилеси жый-

палышта сүйлөгөн коммунисттер тарабынан мактоого татыктуу болгон.

Чоң-Кемин өрөөнүндө сеbилме чөптөр кечирээк өсүп жетилет. Анткени, ал жер тоолуу жана салкыныраак. Бул жерде көп жылдык чөп эки жолу гана чабылат. Эгерде чөптү чабуу менен жыйноонун ортосундагы үзгүлтүктөр кыскартылса, анда үчүнчү чабык болбосо да күзүндө кой оттой турган көрпө чөп мыкты чыгып, кыйла күндөргө чейин малга жайлуу жайыт болот. Ушул максатты көздөгөн чарбанын механизаторлору социалисттик мелдешти кеңири жайылтышып, чөп чабыкты эки жуманын ичинде аяктоону чечишкен. Бригадалык подрядга өткөн эки бөлүмдүн механизаторлору тең техниканы топтоштуруп иштетүү ыкмасы боюнча иштетип, эмгек өндүрүмдүүлүгүн кескин жогорулатууга жетишкен. Мындай максатка жетүү үчүн механизациялаштырылган тоют даярдоо бригадасынын мүчөлөрү жумуш убактысын түнкү саат онго чейин созушкан учурлары аз эмес. Мунун маанисин алар жакшы түшүнүшөт. Чөп канчалык кыска мөөнөттө чаап-жыйналса анын кийинки өсүшүн тездетүүгө шарт түзөт.

Чарбанын талааларында тоют даярдоонун жүрүшү менен таанышуу максатында чөбү чабылып жаткан Кашат участкасына барганда күн уясына эчак батып, кыштакка электр шамы күйүп калган.

— Механизаторлор ушул аймакта жайгашкан 75 гектар көп жылдык чөптүн чабыгын үч жумуш күнүнүн ичинде бүткөрүүнү белгилешкен. Азыр беш гектарча жердин гана чөбү чабыла элек. Мына ушул бир аз жердин чөбүн чаап туруп, техниканы токтобуз,— деди механик Самаган Эгинчиев.

Асман бети жымыңдаган жылдыздардан алтын топчуларын тагынып, айлана караңгылыктын көшөгөсүн жамына түшкөн. Чыгыштан ай али чыга элек. Бирок биз турган аймактын чар тарабы тең жаркыран, бет алдыбыздагы көп жылдык чөптүн тилкесиндеги кызуу кыймылдын бардыгы көз алдыбызга даана тартылып турду. КИР-1,5 чөп чаап-

майдалагыч агрегатты чиркештиришкен Королуев Кубат, Керималиев Найман, жубайлар Абдымомун Эгинчиев менен Жыпаргүл Абылгазиева сыяктуу механизаторлорун тракторлорунун жаркыраган жарыгы өйүз-бүйүз тоолордун этегине чейин нурландырып турду. Мындай чакта алар менен сүйлөшүү да мүмкүн эмес эле. Анткени жайдын ар бир күнү жыл азыгын берерин жакшы түшүнүшкөн механизаторлорго айсыз түндөр эч кандай тоскоолдук көрсөтө турган эмес. Ошол жашыл жайыкта биринин артынан бири түшүп чөп чаап жатышкан агрегаттардын эң астында кабинасынан өтмө кызыл желекчесин желбиреткен көк түстөгү дөңгөлөктүү трактор көч баштап жүргөнсүйт. Бул коммунист тракторист Жыпаргүл Абылгазиева эле.

Адатта көпчүлүк учурда айсыз түндөр адамдын кызуу уйкусунун гана учуру болот. Бирок «Түн бакырдыкы» деп айыл адамдары мезгилдин караңгы-күндүзү менен эсептешпей бардык кайрат-күчүн, жан-жигерин коомдук байлыкты түзүү ишине жумшоодон артык милдет жок дешип, дайыма максат бийиктигине умтула беришет.

Кемин районундагы «Көк-Ойрок» совхозунун механизатору, коммунист Жыпаргүл Абылгазиева өзүнүн өмүр бактысын айылдын айдың дыңдарынан, адыр-дөңдөрдү, белдерди аралап өткөн тоо жолдорунан тапкан. Айылдын четинде кетип бара жатып, Бай-Бото менен Кашаттын талаасын кылчайып артка карадык. Айсыз түндөгү трактордун фарынан чачыраган жарык нур биздин жолубузду да жаркыратып турду.

Бакыт энчисин түндөрдөн талашкан айыл кызынын эркине биз чексиз ыраазы болдук.

## МАЗМУНУ

Тоо жаштарынын өмүр таңдары . . . . . . . . . 3
Айылдан жанган топ жылдыз . . . . . . . . . 29
Намыска бек келиндер . . . . . . . . . . 45
Гүлкайыр гүлүн ачкан көктөмдөр . . . . . . . . 64
Айсыз түндө жанган от . . . . . . . . . . 94

Терүүгө 6. 02. 87. берилди. Басууга 9. 06. 87. кол коюлду. Д—07038 Басмаканалык № 1 кагаз. Адабий ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70×108$^1/_{32}$. 3,375 физ, басма табак, 4,725 шарттуу басма табак, 4,897 учеттук табак, 4,895 боёк түшүрүү. Тиражы 1000. Заказ № 564.
Баасы 15 т.

Элдердин Достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы.
720737. ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси.
Кыргыз ССР басма полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети.
720616, ГСП, Фрунзе шаары, Мукаш Абдраев көчөсү, 72

ПЕРЕДОВОЙ ОПЫТ — СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННОМУ ПРОИЗВОДСТВУ!

АЙДАР ЖУНУШОВ

ЗОРИ МОЛОДОСТИ

Очерки

(на киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

**Редактору** *Ж. Алыкулов*
Көркөм редактору *Ч. Абдраимов*
Тех. редактору *А. Бейшенов*
Корректору *А. Шатманова*

ИБ № 3721

15 т.